Чыңгышев Абдыралы Алсейит уулу



# ЧЫҢГЫШ АЖЫ

ЧЫНГЫШЕВ АБДЫРАЛЫ
АЛСЕЙИТ УУЛУ

# ЧЫҢГЫШ АЖЫ

БИШКЕК 2016

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7 5
Ч 87

**Чыңгышев Абдыралы Алсейит уулу**
Ч 87 **ЧЫҢГЫШ АЖЫ**. Б.:2016 112 б.

ISBN 978-9967-469-12-0

Бул документалдуу - көркөм чакан чыгарма, Октябрь революциясынан мурун жана андан кийинки катал доордо жашап өткөн, өзүнүн өмүрүн элим-жерим - деп, адилеттикти, калыстыкты туу туткан, аткарган кызматынын натыйжасында эл кадырына жеткен, Тынымсейит уруусунан чыккан бий, болуш болгон Чыңгыш-Ажыга арналган

Ч 4702300200-16
ISBN 978-9967-469-12-0
ДК 821.51
ББК 84 Ки 7 5
© Чыңгышев А.,2016

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз эли 18-19 кылымдарда күрдөөлдүү доорду башынан кечирген. 18-кылымдын ортосуна дейрим чыгыштан баскынчылык кылып келген жунгар калмактарынын мизи кайтса, ордуна батыштан Кокон хандыгынын бийлигинин зомбулугу күч алып, андан кийин тарых сахнасына Россия империясы чыгат эмеспи. Ушул кезде элдин келечегин, көйгөйлөрүн чечүүдө уруу башчыларынын, бийлердин, болуштардын жана манаптардын көрөгөчтүгү, калыс чечимдери чоң мааниге ээ болгон. Совет мезгилинде жетимиш жыл бою коомубузда бийлерге, бай-манаптарга карата терс көз караш калыптанган. Коммунистик идеологиянын алкагында элибиздин чыныгы тарыхын окуп-билүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок. Бирок, элибиз эгемендигин алган соң улутубуздун тарыхына кызыгуу мурда болуп көрбөгөндөй артты. Замандаштарыбыз кыргыздын өткөн кылымдардагы баатырларын жана эл бийлөөчүлөрүн таанып билүүдө. Өткөн катаал доордун катаалдыгынан жол издеп, элим-жерим деп, адилеттик, акыйкаттык, калыстыкты туу тутуп, байыркы жашап өткөн көсөм жол башчыларга, ата-бабаларыбызга сыймыктанып, аларды бир чоң денгээлде барктай да айта да жүрүүбүз керек. Кийинки муундар өткөндү иликтеп, дыкат талдап, акылына түйүп, бабаларынын башынан өткөн окуяларын, басып өткөн жолун, жол-жоболорун жүрөгүнө жакын кабыл алып, баалу кеңеш тапса деген ой. Ошондой, элдин алкоосуна татыктуу инсандардын бири Чыңгыш ажы. Анын ишмердиги, көзү жетиктиги, баамчылдыгы, элге кылган эмгеги бизге чейин унутулбай айтылып келаткан инсан албетте тарыхый инсан, эл деп аткарган кызматынын натыйжасында эл кадырына жетип, тынымсейит уруусуна бий, бир нече жолу болуш болуп шайланган. Уруунун жайлоочу, кыштоочу жерлеринин чек арасын, талаш тартыш жерлерин падыша бийлигине жол таап картага тарттырып бекитип мый-


замдаштыра алган, азыркы Эмгекчил айылы жайгашкан Мазар коктусунун оозуна, Бети-Каранын даркан талаасын өткөн кылымдын башында бекиттирип алып биринчилерден там салып, туугандары менен отурукташкан. Ак падыша доорунда Анжиян көтөрүшчүлөрүнө жардам көрсөткөн делип 1898-ж. Сибирге айдалган, 1916-жылы элинин көпчүлүгүн Кытайга үрктүрбөй аман сактап калган. Совет заманында, 1929-жылы 3-январында Кыргыз АССР БАК жана Эл комиссарлар Совети республикадагы өздөрүнүн мүлктүк жана коомдук таасири аркылуу айылды отурукташтырып коллективдештирүүгө жолтоо болот делип, бай, уруулар арасында өтө таасирлүү 44 кишини көчүрүү боюнча токтом чыгарган. Бул бай-манаптардын чарбасы жок кылынып, мүлктөрү конфискацияланган жана Орусиянын Оренбург шаарына айдалган. Алардын ичинде, карып калганына карабай, Буланов Чыңгыш ажы да болгон. Анын ысымы совет доорунда учкай гана айтылып келди. Ага себеп анын ишмердигинин совет идеологиясына шайкеш келбегени эле. Өлкөбүз эгемендик алганы Булан уулу Чыңгыш ажы жөнүндө кыска маалымат Кыргызстан улуттук энциклопедиясынын 6 томунда, Нарын облусунун энциклопедиясында , Бугу уруусунун тарыхий инсандары , Теңирим сүйгөн Теңир-тоо , Тынымсейит атанын урпактары жана Кыз Мазар-Эмгекчил айылынын таржымалы китептеринде берилген.


# ЧЫҢГЫШ АЖЫНЫН ТЕГИ


Чыңгыш ажы Бугу уруусунун Тынымсейит уругунан чыккан. Тынымсейит уругунун генеологиялык таралышы №1 таблицада берилген.

Сөз кезеги Чыңгыш ажыга тийиштүү болгондуктан, бул кишинин теги, ата-бабасы ким болгонун №2 таблицадан көрсөңөр болот.


Чыңгыш ажынын атасы Булан, чоң атасы Кожомжар, бабасы Төлөмүш, жотосу Сырымбет, кубаары Акбагыш, жетеси Токтогул, теги Мортук, муштуңу Тынымсейит болгон, Тагай бийдин он үчүнчү урпагы. Тынымсейит атанын үч уулунун бири Мортуктун Шакан аялынан эки эгиз баласы болгон Токтогул, Жаманак деген. Санжырада Токтогул ата Кашкардагы ак такыялуу кожолордун башчысы Аппак Кожо калмактардан Кашкарды коргогон урушуна катышып, курчоодон эки баласы менен качып чыкканы жөнүндө Чыңгыш ажыдан уккам деп уулу Алсейит айтчу. Тарых булактарына салыштырмалуу, бул окуя 1680 жылдардын башында же аягында болуш керек. Токтогулдун үч аялы болуптур: Наркүл, Серке, Канымгүл. Булардан тогуз уул көргөн. Токтогул атанын сөөгү Тоң районун азыркы Эшперов айылынын чыгыш жагындагы жол боюндагы көрүстөндө делет. Токтогул ата кичүү аялы Канымгүлдөн Акбагыш деген уулду болгон, ал 6 уул көргөн: Сырымбет, Орус, Байгазак, Үркүнчү, Кутуш, Мөнкө. Токтогулдун көзү өткөндөн кийин уулдары Каркырада кыштап калып, айылын калмактар чаап, Турфандан нары Эренкабыра деген жерине көчүрүп кеткен. Алар көп жылдан кийин, калмактардын арасында кордук көрүп, калмактын малын багып жүрүшүп, балдары чоңойуп эр жеткенде эл-жерине кайтып жөнөшөт. Куугун болуп, Музарт деген ашууда тозотто калган Акбагыш кайтыш болот, Төтөнүн бели деген жерде Токтогулдун дагы бир уулу Чыйбыт жарадан өлөт, дагы эки уулу Допу менен Көө-Кара мурун ошол Эренкабырда каза болушкан экен.


1. ТАГАЙ БИЙ
САРЫБАГЫШ (Кылжыр)
Богорстон
Койлон
Наалы
Азык
Эштек
Назар
Солто
Карачоро
Саяк
Черик
Джедигер
3.ОРОЗБАК – Бугу уруусу
Деелес – Сарыбагыш уруусу
Арык
Асан
МУРЗАГУЛ
Токоч Мырза
Кара Мырза
ТЫНЫМСЕИТ
Тоң, Джети – Өгүз, Ак – Суу, Түп
Алсейит
Кабели
Малтак - Шалтак
6. МОРТУК
ТОКТОГУЛ
Төрмөчик
Чыабыт (Чыйбыт
Көө - Кара
АКБАГЫШ
Үркүнчү
Орус
Байгазак
Кутум
Былжык
СЫРЫМБЕТ
Мөңкө
БАКТЫБАЙ
ЧОНДОЛОЙ
КАРБОЗ
ТӨЛӨМҮШ
АЛАТАЙ
НОГОЙ
ДААКЫ
ЧОН
ЖАБАГЫ
НАЙМАН
САМТЫР
ОЛЖОБОЛОТ
КОЖОМЖАР
БӨЖӨКБАЙ
КАРАСАРТ
АРГЫН
ШООРУК
ШААКЕ
СААЛЫ
БУЛАН
ЧЫҢГЫШ
БАЙТЕЛИ
ШАМЕН
САПАЛ
1848 - 1934
БАЙАЛЫ
БАЙГАШКА
СААДАКЕ
МЕЙМАН
МУСАКОЖ
СУЛТАГАЗЫ
ААЛЫ
ШАБДАН
АЙДАР


Тыныммсеит уругунун генеалогиялык таралыш схемасы
Табл 3
1 Тагай
2 Сарыбагыш (Кылжыр)
3 Орозбакты
4 Мырзакул
5 Тынымсеит
6 Моргук
6 Шалтак
6 Кабели
7 Токтогул
7 Жаманак
8 Чыйбыт
Дөөлөтжан
Дөрбөн
Быттыр
Акбагыш
Шаназар (Термечик)
Дүлөй уулу
9 Атасары
Айдарбек
Абылабек
Мамаке
9 Сырымбет
Үркүнчү
Орус
Байгазак
Кутуш
Мөңкө
Таллак
Жылкычы
Тумак
Абыке
Жапакмыш
Бердигул
Эгемберди
Атуй
Онош
Сокур
Эрназар
Качыке
9 Допу
Сопу
Лопу
Көкүм
Көөкара
18 уул
9 Кожобек
Табылды
Кытайчы
Чолпонбай
Жетибайш
Бечел
Бочу
9 Шертай
Жантай
Тептай
Жолой
Кожомкул
Мурадыл
Жумагул
Энгелеч
Курманкожо
Козубек
Шопок
Божокой
Бердике
Койчу(Акжол)
Мендибай
Кенетай
(Калыбек)
(Тотуя)
(Аян)
8 Кемпирзэк
Кожояр
Кашкары
9 Ырыс уулу
Торгойлор
9 Опон
Мөндөш
Адык
Сонок
9 Медет
Мендибай
Балаш
Боку
Шайыр
Төлөмүш
Бакыбай
Чоңдолой
Карбос
Ногой
Алатай(Берик)
Сарыбагыш
8 Рыспай
Алдаяр
Мамат
9 Нарбото
Кожокмат
Шукур
9 Ырысменди
Сүйүндүк
Байтөлө
Бакай
9 Кудайменде
Тенке
Койба
Акбото
Сагындык
8 Жаныбек
Болот
Тыныбек
9 Маркут
Бакы
Карабек
9 Манап
Кебек
9 Эсиркеп
Жалгап


Шалтак
Кабели
Бактыгул
Кабак
Отор
Токтомуш
Мендибек
Кумуш
Чабалдай
Кемел
Тулебай
Тушебай
Калча
Беккул
Бууручак
Дурбук
Усеней
3 ааты
1 ааты
2 ааты
Кожош
Жаманкул
Туумай
Абийир
Шонко
Конок
Өмур
Эсенгелди (Кызыл таз)
Кожоке (Кара таз)
Атакозу (Ак таз)
Кешикчи
Ажы
Атагул
Калча
Байчоро
Шералы
Сеит
Айдарбек
Бектемир
Сарт
Мендурчу
Курумшу
Кутуке
Мортук
Молор
Аюкаак
Койке
Чынкожо
Качы
Качыке
Мамат
Маркабай
Сатыке
Сарткозу
Дуйшегул
Жалгамыш

# ТОКТОГУЛДУН АКБАГЫШЫНЫН УУЛУ СЫРЫМБЕТТИН УРПАКТАРЫ



Чыңгыштын бабасы Төлөмүш Токтогулдун Акбагыш уулунун небереси, атасы Сырымбеттин төртүнчү аялынан көргөн жалгыз уулу экен. Төлөмүштүн аталаш бир туугандары: Бактыбый, Чондолой, Карбоз дегендери Сырымбеттин Жылчымыш деген байбичесинен, Ногой деген бир тууганы калмак аялынан, Алатай деген бир тууганы үчүнчү аялынан болгон.

Төлөмүш жөнүндө санжырадан кыскача кабарлай кетсек. Ал киши жаш кезинде дыкан чыгып, малдуу, жандуу болот. Атасы Сырымбет кичи аялдыкынан жана кичи баласыныкынан көп чыкпаганы, байбичесинин балдарына жага бербеген көрүнөт. Улуу агалары жайлоодо Кара-Каман Балгартта экен. Алар элге үлүш тамак берип жатат деп угуп, Төлөмүш да конок тозушканы барат, кечке жуук эл узагандан кийин кетейин дейт. Балгарттын суусу кирип калат. Агалары кирген суудан жандап кечирип коөлу деп, суунун ортосуна келгенде, Карбос курч маки менен басмайылын кыйып ийип, Төлөмүштү түртүп салат. Ээр токум оодарылып, Төлөмүш жыгылып, суу алып жөнөйт. Суу ылдый далай агып барып, суу ортосундагы чоң ташка чыгып калат. Сууга келишкен Шопоктун келиндерине, Төлөмүш кыйкырып, бат жардам бергиле, суу көбөйүп жатат, элечекти жандырып, бир башына таш байлап, экинчи башын чычырканакка байлагыла дейт. Келиндер эптеп жатып Төлөмүштү чыгарып алышат.Шопок баатыр болгон иш-жайын угуп, Төлөмүштү бир нече күн багып, агаларын чакыртып сурайт: Төлөмүш жок дейт, силер жакка кеткен дешет, көрдүңөрбү?-десе - Ал келип кеткен, андан кийин көргөн жокпуз - дешет. Шопок баатыр, Төлөмүштү чакыртып келип, агаларын тилдеп, Карбос түтүнүң экиден ашпасын деп бата берген дешет. Мына батанын күчү, Карбостун тукумдары ошондон аз болуп калган экен. Карбос айтышка караганда курч, кара мүтөз, бирок эр жүрөк адам болгон көрүнөт. Уламышта Карбос жетектеген топ, Ат-башыдагы түзүлгөн топ менен бирдикте, калмактар менен беттешип, аларды Арпа

өрөөнүнөн сүрүп чыгарып, көп олжого батып келишкени, кийин жылкыларды белгисиз бирөөлөр Ат башы жакка айдап кеткенин угуп, Карбос кууп барып Чекиркөз дегенден жылкыларды бошотуп алганы жөнүндө айтылып жүрөт.

Төлөмүш атанын Карт Тору деген жылкысы мыкты күлүк болуп чыгып, көп тойлордо байге алып алдына далай жыл ат чыгарбачу экен. Төлөмүш бай ошондон байыган деген аңыз сөз калган. Күндөрдүн биринде Мамаке баатыр сыртка көчүп бара жатат деп угуп, Төлөмүш бай Косуке деген жигитине көчтү тостуруп, даам бер деп жиберет. Мамаке баатырдын атасы Чыйбыт менен Төлөмүштүн чоң атасы Акбагыш бир тууган болгон. Мамаке баатыр өтө зор адам болгон дешет. Төлөмүш бай таман чыккан бээни сойдуруп, казы карта, учасынан бери бышыртып, бир ирикти сойдуруп майда тууратып, эки чоң чаначка кымыз, бир чаначка сорпосун чоң буурага жүктөтүп, Косукени жөнөтөт экен. Мамаке баатыр бир койду өзү эле жеп койчу экен дейт. Баатыр этке тойо жеп, чучуктан кесип оозго салып, көңүлү жайдары болуп турганда Косуке: Төлөмүш иниңиз сиздин Кара барчыныңызды сурап жатат. Чылбыр боосуна Чычан деген бууранын, Элик төр деген чоң атын, тогуз байтал бир айгырын тартуу кылып атат дейт. Кара барчын аю алган бүркүт экен дешчү. Ошондо Мамаке баатыр: - Кара барчынды чоң манап Боромбай сураганда бербедим эле. Бир энеден жалгызым менин сырымды билген экен, болуптур берейин дептир. Төлөмүш ата улу уулу Даакыга бала чагында эле моңолдордун нарктуу бирөөсүнүн кызына куда түшөт. Бала чоңойуп, кызды алар астында Төлөмүштөн акыркы калыңга Кара барчын менен Карт тору күлүгүн сураган экен. Төлөмүш буга макул болбойт. Бир күнү Даакы жок, ал Кара барчынды жана Карт торуну кайындарына жеткирип кетиптир деген сөз чыгат. Чын эле экөө тең жок. Бир далай күндөн кийин Дакы келет. Атасы: Бул эмне кылганың?-десе уулу: Сураганын бербесек, аял албай каламбы?- дейт. Ошондо Төлөмүш аны тилдеп, каргаган экен: Малду бол, бай бол, бирок башың

үчкө жетпесин деп бата берет. **Атанын каргышы өтүп,** беш муун өткөнчө, тукуму экиден ашпай келет. **Төлөмүш** ата төрт аял алып, алардан тогуз эркек бала көргөн. Төлөмүш уулунун кыскача генеалогиялык таралышы 3 таблицада берилген. Сырымбеттин урпактарынан эң эле көбү Төлөмүш байдын 9 уулунун тукумдары болуп саналат. Байбиче аялынан Даакы, Чон, Найман, Карасарт, Олжоболот, Жабагы, Кожомжар. Экинчи аялы Сыргадан Самтыр, үчүнчүсүнөн Бөжөкбай, анын энеси калмак болгон.

Төлөмүш байдын балдарынан Чон албетүү, балбан, Кожомжары чечен, билимдүү, Карасарты акылман адам болгон дешет.. 1813- жылы Алыкенин уулу Табылды баатыр атасына «Нарындын бою, Ак-Марчанын оюна», эл оозуна айтылып калган чоң аш берет. Табылды баатыр ошол аштын бийлигин Карасартка берген. Аштан 2 жыл мурун Алыкен өлгөндө ат чаап коюшат экен, ошондо Карасарттын Тайкашка деген аты чыгып келип, кур байгесине коюлган 20 байтал, бир төөнү алган экен. Төлөмүш ата XVIII кылымдын экинчи жарымы, XIX кылымдын башында жашаган көрүнөт, ал киши каза болгондо, Шопок баатыр Бети-Каранын талаасына, Нарынга бараткан кара жолдун боюндагы Тегерек сазга (Миң булак айылы тарапта) мүрзө каздыртып жерге койдурат.Анткени Төлөмүш менен ымаласы эң жакын болгон экен. Өзү ал жерге чоң таш көтөртүп келип белгилеп, ушул жерге кийин мени да жашырасыңар деген дешет. Ошентип Шопок баатырдын сөөгү Төлөмүштүн жанына койулган экен. Тынымсеит уругунун басымдуу көпчүлүгү Нарын тарапка көчүп келгени Төлөмүш уулу Чет-Нура, Орто-Нура, аймагында жайгашкан экен, бирин экини дагы эле Көлдүн Тоңунда турчу көрүнөт. Кийин 1894-жылдары Төлөмүштүн чөбөрөсү Чыңгыш ажы болуш болгон учурда, Төлөмүштүн уулдары Бети-Каранын, Үч-Чаттын жерине көчүп барып отурукташкан. Олжоболот, Даакы, Карасарт уулдары ич ара таарыныштан көчүшкөн эмес дешет.

**Бүгүнкү күндө Төлөмүш** атанын урпактары «Эмгекчил» (Кыз-Мазар) **айылынын** элинин 60 пайызына чукулун түзөт, калган 40 пайызы 12 уруу, уруктардын өкүлдөрүнөн турат, булар: кызыл-тас, кара-тас, дүлөй, ногой, термечик, орус, кытай, козуке, төрт-беш түтүн моңолдор жана башкалардан. Төлөмүштүн Олжоболот, Карасарт, Даакы уулдарынын урпактары Чет-Нура айылында жашашат. Бул жерлерден тышкары Нарын, Бишкек шаарларында да турушат.

Чыңгыш ажыны чоң атасы, Төлөмүштүн уулу Кожомжар чечен, сабаттуу, тайманбай так сүйлөгөн адам болгон дешет, сөөгү Тоң районунун Эшперов айылынын чыгышындагы кара жолдун боюндагы көрүстөнгө,Токтогул жотосунун жанына коюлган экен. Кожомжар 4 уулду болгон, ошондон алардын урпактары төрт атага тарайт: Булан, Аргын, Байалы, Мусакожо уулдары делип.

Чыңгыштын атасы Булан Төлөмүштүн Кожомжарынын улуу уулу экен. Буландын беш уулунун улуусу Чыңгыш-ажы андан кийинки инилери улуулаштыра Байтели, Шамен, Сапал, Байгазы жана карындаштары Күң, Күчүк болушкан. Булан эч нерсе менен иши жок, жоош бай болгон дешет, уулдары менен 800-900дөй кой күтүп, чоң үйүр жылкы, уй, топоз, башка жандыктары да жетиштүү болуптур. Булан ата өзү чоң дулдуйган, бойлуу кара адам болгон экен. Тынымсеит элинин жыйындарында көп жолу конок тозуп, жыйырма-отуздай кой, бир бээ, бир уй сойчу дешет. Улуу уулу Чыңгыш Мекеге барып ажы болуп келет, кийинки 1903 же 1904 жылы балдары атасын ажыга бар дешкен. Мен барбайм, кемпиримдин жанына эле тынч койсоңорчу, кайда барып өл деп атасыңар -дейт. Балдары болбой үгүттөп, артыкча молдо уулу Сапал: Биз да кезектеп барабыз, биз жаман атты болобуз, барыңыз мен өзүм сизди коштоп барып келем деп жөнөшөт. Олуя-Атага барганда Сапал ооруп жүрө албай, атасын элге кошуп жиберип, өзү кайра келет. Булан ата Мекеге барып, ажысы кабыл болуп, Мекеде каза болуп, сөөгү ошол жака койулган. Ошентип Булан

ажы 1904 же 1903 жылы каза болгон, аялы Мейке абышкасынан 2 жылдан кийин кайтыш болуп, Мазардын оозуна коюлат. (Эмгекчил айыл аймагында).

Буландын Байтели жана Байгазы уулдарынан Сыдыкбек, Апанай, Бактыгул деген урпактары Ата Мекендик согушта каза болуп, тамырлары үзүлгөн. Буга түздөн түз фашизм күнөөлү. Буландын уулу Шамен - бай, ажыга барган, тың турмушта жашап үч уул, үч кыздуу болгон. Уулдары Надырбек, Касымбек, Түкү; кыздары Сайкал, Чандай, Алмакан. Надырбек болушка жардамчы болуп жүрүп, кыска мөөнөт 9 айдай Он-Арча болушу дагы болгон дешет. Ал киши кулакка тартылып, 1930-ж. жалган күнөө менен Фрунзенин түрмөсүнө камалат, ал жерден көз жумат. Сөөгү Бишкектин Ала-Арча көрүстөнүнүн чыгыш жагына коюлган. Надырбектен Акматбек жана Айдарбек. Акматбек Тянң-Шанң районунун мамлекеттик камсыздандыруу (Госстрах) мекемсин 19 жыл башкарып, андан кийин пенсияга чыкканга чейин райондук кинопрокаттын директору болуп иштеп, 11 бала тарбиялады. Айдарбек болсо кесиби врач, үзүрлүү иштеп 10 балалуу болгон. Шамендин экинчи уулу Касымбек жаш кайтыш болуп, артынан бала калган эмес. Түкүдөн Төрөгелди, Асангазы жана Анаркүл деген кыз. Төрөгөлдү 1920-ж. туулган, акылдуу, аяр, элди уюштура алган, колхоздун, айылдын олуттуу маселерин көтөрүп элдин сыйына жеткен киши болгон. Өмүрүнүн көп жылын Эмгекчил колхозунун башкы бухгалтери, уй фермасы болуп иштеп жүрүп, пенсияга чыкканы айылдын аксакалдар кеңешин башкарып бийлеп, ар иштин көзүн билгендиктен эл менен, ар кандай бийликтер менен сүйлөшө билип тил тапкандыктан, сөзү элине өтүп, айылда, райондо барктуу адам болгон, 14 бала, отуздан ашык небере көрүп өткөн. Түкүнүн экинчи уулу Асангазы өмүр бою айылдын мектебинде кырк жылдан ашык мугалим болуп, Эмгекчил айылынын көп адамынын сабатын көтөргөн, тарбиялаган. Өзү түз, сылык, тобокелчи, дилинде кири жок адам эле, 12 уул-кызды тарбиялап уядан учурган.

**Буландын кенже молдо** уулу Сапал Бопуйна деген аялынан Токомбай деген уул көрөт. Токомбай ымыркай учурунда, болжол менен 1905-жылы Сапал агасы Чыңгыш ажыдан экиүч жылдан кийин ажыга аттанат. Ал учурда ажыга бару жол азабы оор болчу, арабдын кумун төшөнүп, аптабына чыдап, айлап жол жүрүп барып келчү. Күндүн ысыгынан ооруп, Сапалдын ажысы кабыл болуп, ал жактан кайтыш болот. Сапал кайтыш болгондо, Чыңгыш ажы Бопуйнаны Максүт уулуна алып берген. Максүттөн Бопуйна Бактыгулду төрөгөн. Бактыгул Таджикстандын Жерге-Тал кыргыз районунда кызматта иштеп жүрүп 1946-ж. катуу ооруп Нарынга кайтып келе жатып кайтыш болот. Артында алты жаш эркек балдар калат. Токомбай чап жаак, сары чийкил, шаймандуу, жыгач уста адам эле. Байбичеси Айганыштан көргөн жалгыз кызы кайтыш болгондон, Бактыгулдун Кусеин деген уулун багып алат.. Кийин Сайкал деген токол алып Кыдырназар, Кыдырбай, Жумакадыр деген эркек балалуу жана 4 кыздуу болот.

## ЧЫҢГЫШ АЖЫ ТАРЖЫМАЛЫ

Ар бир адам, өзүнө мен киммин, ата-бабаларым ким болгон, кайсы урууданмын, улутумдун баскан жолу кандай деген табигый суроолорду койот, билбегенин билгиси келет эмеспи. Адам өткөндү, ата-бабасы баскан жолун унутпашы жана билиши керек. Мен Чыңгышев Абдыралы ажынын кенже уулу Алсеиттин баласымын. Бизди Алсейит атабыз жаш кезибизден тартып чоң атабыз Чыңгыш ажынын арбагына, рухуна таазим кылуу менен атын уят кылбагыла, силер жакшы адамдын тукумусуңар деп чоң атабыздын баскан жолун, өз элине жаган кайратман эмгегин, акылынын тунуктуулугун, кашкөйлүгүн, опурталдуу, айласыз калган учурларда дагы караңгыда көз таап, капилетте сөз таап, ошол учурдагы тар жол, тайгак кечүүлөрүнөн элин аман-эсен алып чыгып жүргөндүгүн, деле адамгерчилиги, деңгээли жогору адамдыгын кайра-кайра ай-

тып жүрүп чоңойтту, бизди калыптандырды. Ар бир эле адам өз атасын мактайт жана аны менен мактанат да. Андай десем, мен бала кезде «Эмгекчил» айылынын, дегеле Тынымсейит элинин карыялары чоң атам жөнүндө көп уламыштарды айтып сыймык кеп кылып калышаар эле. Ата даңкы балага эм дегендей бала кезимде, айылга конокко барганда же башка деле учурда, аксакалдар болгон жерде: «Кимдин баласысың?

деген суроого, «Чыңгыштын баласымын» дечүмүн. Анда алар: «Ажымдын баласы тура, төргө өткөргүлө» деп жандарына алып алчу. Чоң атамдын өз учурунда уруу, журт башчысы болгон инсан катары жазаган коомдук иштерин, ар кайсы болгон маселелердин көзүн таба чечкенин, элге алынган болуштук кызматын, ал кишинин катышуусу менен болгон окуяларды кеп салышчу эле. Мен кунт коюп угар элем. Ошол кулака сиңген ал сөздөрдөн, ал киши акылмандыктын, касиеттүүлүктүн, адамкерчиликтин символу сыяктуу болуп калды.

«Атанын кадырын билбеген баланын башы кор болот» деген кыргызда сөз бар эмеспи, ошон үчүн чоң атабыздын ким болгондугун мен кийинки муундарга, урпактарына ал киши жөнүндө өзүм уккан, билгендеримди таржымалдап кетейин. Мен 1967 жылы политехникалык институтта окуп, 4 курсунун жайкы сессиясынын экзамендерин бүтүп атсам, агам Абдрахман жумуштап Фрунзеге келип калыптыр. Агам отпуска алып, үй-бүлөөсүн Солтон-Сары жайлоосуна Садыр уулу Бакас байкеникине таштап келген экен. Ал кезде Бакас байке чабан эле. Экзамендерден кийин эс ал деп эрчитип алды. Биз Фрунзеден чыгып Сары Булактан тушүп калып, «попутка» куттук. Машина чыкпай атып күүгүм талаш бир жүк ташуучу машина чыгып, жүктөрдүн үстүнө отуруп жайлоого жеттик. Бакас байкенин журту төр жакта экен, ага ал күнү жете албай, машине барган жерде уруусу Кытай Акыл уулу Мааткaзы аксакалдыкына түнөп калдык. Ал киши чоң атага жээн күйөө болуп калат, анын аялы Батма Чыңгыштын Үпөл кызынын кызы эле, өзүнүн айтуусунда ажынын 16 жашынан «чабарман» жигити

болгон экен. Ошол учурда сексен жашты этектеп калгандай көрүндү. Эртеси кетелик десек болбой: «Тизгин бура кеткениңер тура болду, ажымдын тукумдары. Ат от чалганча, жолоочу насип татканга мезгил күтө турат дешчү, силер шашпагыла, мен өмүрдү алаксытып уккан-көргөнүмдү маалымдап, ажы атаңар жөнүндө кеп салып берейин» деп кой сойдурду. Биз бата кылып, боз үйдөн өйдөрөк дөңчөгө көлдөлөңдөн салдырып, дагы үч-төрт киши болуп кымыз ичип отурдук. Маатказы жезде акылы тунук, сөздү куюлта сүйлөгөн чечен киши эле. Чоң атамдын таржымалын эт бышканча айтып отурду. Макал-лакапты таруудай чубалтып, өткөн болгондорду эби менен кепке алып биздин жарпыбызды жазып, убакыт кандай өткөнүн да байкабай калдык. Ошондо да, кийин да көп өкүнүп калам, магнитофон болуп жаздырып калганда, ал кишинин ошол аңгемеси өзүнчө эле мыкты адабияттык чыгарма эле. Чыңгыш ажы личностук касиети жөнүндөгү кабарларды дагы атам Алсеиттин, агам Бакастын кол жазмаларынын жана дагы жогоруда айтылган башка адамдардын маалыматтарынын негизинде жазып отурам.

Чыңгыш балдардын улуусу катары атасынын малын кайтарып өсүп, окубай сабатсыз болуп калган, бирок табыйкаттан акылдуу, сөздүн баа-баркын билип суйлөп, адептүү, тың чыгып, эл оозуна кирип калат. Ал убакта Нарын тармагындагы тынымсейит уруусу бир болуш эл экен, Он-Арча болуштугу деген аймакты ээлеген. Тынымсейиттин Кабели, Мортук эки уулунан тарагандар жашаган жерлерге орток жер деп Карабүктө Май дөбө деген кичине дөбө бар (азыркыча айткандай трибунага ылайыкталган), ошол жерде жыйын болуп турчу экен.

Кезектеги болушту шайлоо мөөнөтү, 19 кылымдын токсонунчу жылдардын башына келип, конокторго арнап үйлөр тигилет. Чогулушка бир күн калганда алдын ала урук билермандарын, менменсиген элине барктуу аксакалдарын чакырышып кеңеш куруучу экен. Мурунку өткөн кеңешке да, бул

жолку кеңешке да Төлөмүш уулунан эч кимди чакырышпайт. Ошондо Төлөмүш уулунан бир жигитти жиберип, сен жыйын өтчү өргөнүн артына эс алып жатымыш болуп сөздөрүн, ким кимдерди колдоп чыгарын ук, биз деле мурунтадан Чыңгышты көрсөтөлү деп сунуш кылдык эле, жарыяладык эле, ал жөнүндө сөз болобу жокпу билип кабарлайсың дейт. Кеңеште Атабек уулунан бир өкүлдү, Шопок уулунан Байтери, Жаманак уулунан Алай дегенди көрсөтмөк болушат. Төлөмүш уулдарынын сунушу жөнүндө деле сөз кылышпайт. Жигит болгон сөздөрдү, иш чараларын айтып келет. Эртеси жыйын башталат. Ал кезде урук-урукка бөлүнүү, жаат чакырыш бар кез. Эки теңтуш камчы салышса жатка бөлүнө калу адеттеги иш. Чабыш кызып, ата атын уран чакырышып, баш айрылып, көз чыгып, кол-бут сынышы деле адеттеги иш. Айрыкча андай чабыштар «шайлоодо» күч алчу турбайбы. Шайлоого уезд башчысынын өкүлү, приставы бир нече полицайлары менен болгон көрүнөт. Чыңгышты Төлөмүш уулу болуштукка көрсөтүп чыгат, сөз талаша эл алдына Чыңгыш чыгып сүйлөп, сөзү элге да, уезддин өкүлүнө да жагып калган көрүнөт. Кыйкым таппай турган жек жааттар чабыша кетишет. Карыялардын айтымында мында Үркүнчүнүн үч уулунун тукумдары көптүккө салабыз деп Төлөмүш уулуна кол салат. Төлөмүш уулунун балдары союлдарын коюн колтукка салып, даярдана барган көрүнөт, баарысы бир кылка шайдоот, жүрөктү балдар экен «Оо» дегенде эле Үркүнчүнүн балдарын ары-бери калчай коюшуптур. Полицайлар асманга ок атып, чабышты токтотуп калат. Чабышта Төлөмүш уулу үстөмдүк кылып кырданып турду дешет. Бийлик өкүлү чырды териштиргенден кийин, Чыңгыш Булан уулу менен Үркүнчү уулунун өкүлү шайлоого коюлсун деп жарыялайт. Мына карабайсыңарбы, бийлик дегендин кесепетин, эки бир тууган жотосу бир, Сырымбеттин балдарынын тукумдары түбү бирдигине карабай, түйүнү бөтөн боло калат. Өмүр жарышта ошентип карчылдашкандан кийин шайлоо жүрүптүр. Шайлоодо Чыңгышты колдогондор

көп болуп кетиптир, бакыт карап, кыдыр жол улап Чыңгышка таш таштагандар оодук экен. Чыңгыш бийликке келип, болуш болуп калат. Жашы ошондо кырктардан ашып калган дешет. Ал бийлик, мансапка жеткенде манчыркабады, кекирейбеди. Акылы тунук, кайсы иш болбосун көзүн таба билген, орундуу сүйлөгөн ишмер адам, баш оту менен кирип иштеп, тез эле элге алынып, өз жөндөмдүгүн көрсөтө алган. Чыңгыш атам элди өзүнө тарта билген, эки сүйлөбөй, айтканын так аткарган, чечкиндүү адам эле. Үйгө жанын тынч алдырбай, эл суроолор менен, кеңеш сурап келе беришчү - деп эскереер эле уулу Алсейит. Болуштун милдети эл менен калыс жана ынанымдуу тыгыз мамиледе болуп, элдик жыйынды өткөрүү, анын чечимдерин так жана бирдей аткарылышына көз салган. Болуштукта(Волосто) коомдук тартипти сактап, айылдык старшиналардын кызмат милдетинин туура аткарылышын көзөмөлдөгөн. Ошондой эле, ал орус бийлигинин төбөлдөрү менен тил табыша билген, элинин кызыкчылыгын ойлогон , эки тарапка тең бирдей мамиле жазаган жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алыш керек эле. Анткени, салык жыйноону көзөмөлдөө менен казынанын каржылык жыйындарын чогултуу, жолдордун абалына көз салуу менен бирдикте эле административдик, соттук, фискалдык милдеттерди да аткарган. Чыңгыш болуш жалпысынан артыкча өз уруусунун кызыкчылыгын алдыга койгондой ой калтырат. Мааткасы жезде: «Эл ичинде Бети-караны (Эмгекчил айылынын аймагы) Чыңгыш ажы аюнун талпагына сатып алган деген лакап кеп айтылып жүрөт. Мен бул кандай болгонун ажынын жигити моңолдор Нурактан уккам, силерге айтып берейин. Нурак өтө сөзмөр, кандан-бектен кайра тартпаган курч киши болчу» деп кеп салган. Ал убакта уезддин чогулушу же Караколдо (уезд борбору) же Көтмалдыда (Балыкчыда) болуп турчу экен. Ал учурда уезд азыркы Ысык-Көл жана Нарын дубанынын аймагын камтыган. Кезектеги уезддеги чоң чогулушка чакыруу алат. Чоң атаңдын Усупбек деген чоң соодагер уйгур досу бар эле, ошонукуна ба-

рып токтошот. Аркы-беркиден сүйлөшүп отурушуп Усупбек сурап калат: «Чыңгыш, улук алдында эмне деген сурооң бар, жыйынга айтчу кебиң барбы?» дейт. Менде эки маселе бар: биздин Он-Арча болуштугунун батыштагы жана түндүктөгү кээ бир чегин аныктап берсе деп суранат элем.

Батышта Он-Арча суусунун боюнда жайгашкан Жаманак туугандарым менен Нарын болуштугундагы сарбагыштардын ортосунда жайыт, жайлоо боюнча, түндүктө Кочкор менен Көлдүк туугандар менен да жайыт жерлер боюнча талаш чыгып калат.

Экинчи маселем, менин Шопок уулу деген туугандарым Бети-Караны жердеп турат, алар малдуу келишет. Ал эми Төлөмүш уулу туугандарым жардыраак, Чет-Нура деген жерде турушат, кедейирээк келет. Бул эки топ элди орду менен алмаштырсак, Төлөмүш уулу Бети-Каранын, Ак Марчанын чийин оодарып, отурукташып эгин айдайт эле. Ал эми Шопокторго, Чет-Нуранын андан аркы кокту колоңдордун жайыты кенен, мал бакканга ыңгайлуу болот эле», дейт.

- Улукка эмне белек менен келдиң?-дейт Усупбек.
- Эмне белек менен келмек элем, акча алып келдим.

Акчаңды ал киши албайт, досум. Уездге өтө асыл буюм керек, аяшыңды мен Үрүмчүдөн алып келген аю талпак бар, аюнун калтарыныкы, ошону алып барып бериңиз деп макулдашат.

Эртеси эртең менен Усупбек: «Силер аяшыңарды жазаган тамагын ичип үйдө өргүп эс ала бергиле, алыс жол жүрүп келдиңер. Мен уездге барып жыйын кабарын, жаңылыктарын угуп келем» деп кетет. Кечинде жыйынга дагы эки күн бар экен, жай таба бергиле, шаар көргүлө. Эртең эрте туруп уезд башчынын үйүнө баргыла жана белегиңерди тапшыргыла, сурооңорду сүйлөшүп калгыла, антпесеңер уезд кетип калат. Эртеси күн чыга уезддин үйү көздөй жөнөдүк. Солдаттар тосот экен, өткөзбөй мылтык кесишет. Талпакты көтөрүп алганмын дейт Нурак. Мен болбой «мой болуш, Он-Арча болуш, Булан

баласы Чыңгыш»-десем да болбойт. Мен айласын кетирдим жулунуп, ошентип атып биринчи тосмодон өтүп барсак, үйүнө кирebeришите дагы бир солдат кайтарат экен, ал дагы кое бербейт.



*Булан уулу Чыңгыш ажы (1848-1934ж.ж)*

Кечинде жыйынга Солдатты мен түрткүлөп, тажаалданып, кыйкырып Он-Арча болуш деп уездге барам деп кайра-кайра кыйкырып атып жанданып эшик талаштым. Солдат айласы кетип турду, эшик ачылгындай болуп, бирөө чыгып, киргиле дегендей болду. Мен ажымды киргизип, аюнун талпагын

босогодон силкип, мурдунан сүйрөп барып эле илип калдым. Аюнун терисинин жүндөрү кара-күрөң, эртең мененки күндүн нуруна чагылып жылтылдап турду, анык калтары экен. Уезд башчысынын эки кичине баласы бар экен, аялы бирин көтөрүп, бирин жетелеп мен илген талпакка жакындап келип, чокунуп анан талпакты сылап, бетин тийгизип, кайрадан сылап-сыйпап туруп күйөөсүнө бирдеме деди эле, ал дагы сылап, эки бетин талпакка жанып-жанып алды. Андан соң «хорошо Он-арча болуш» деп калды. Ошондо кудайым оозума сала бердиби, мен «Обоскер жакшы кан жакшы, мен жакшы Чыңгыш жакшы, сеники катын жакшы, сен жакшы» дедим эле, түшүндү окшойт, аялына бирдеме деп кулдурап түшүндүрдү окшойт, аялы жайдарланып күлүп калды. Уездикине келе жатканыбызда мүдүрүлүп обучумдун таманы шалпылдап түшөйүн деп калган, эмнекылаарымды билбей келе жатсам, жолдо бир карала шоона жиптин үзүндүсү жатыптыр, аны менен шалпылдатпай таңып алгамын. Чай ичип жатканда уезд (үйөз) байкап отуруптур. «Нурак, ушу сеники бут эмне?» - деп сурап калды. Кудайым дагы оозума сала берди көрүнөт, мен минттим: «Биз алты айыл элбиз. Ушул Чыңгыш болуш экөөбүз бешөөнө беш өтүк салык салсак бүтүн болуп калбайбы. Бир короо койго эки карышкыр тийсе эмне болот. Чыңгыш экөөбүз элдик кишилербиз, алардын камын көрөбүз, ошон үчүн өтүк ушундай» дедим. Сөзүмдү түшүнүп ыраазы болду окшойт, чөнтөгүнөн бир ак куйрук акча алып туруп: «Нурак бу сенники, базар бар» деди. Биз кош айтышып чыгып кеттик. Усупбектикине бардык, чайын камдап биздин келишибизди күтүп отуруптур. Биз Усупбекке болгон иштин жайын айтып, чай ичип отурдук. Усупбек «Досум, сиздин болуштук сыпатыңыз жок экен. Кийген кийимиңиз, минген атыңыздын жабдыгы болуштардыкына окшобойт. Эртең көрөсүз, кийгени кымкап, казысы кучак, азуусу бычак, белинде кемер кур, жанына кылыч байлангандарды. Эми эртеңки жыйынга дейрим, «аяшыңар жетише алса кийиминерди камдап берер, мен атыңарга ээр токум

даярдап койдум» деп айтты. Мен барып уезд башчысы менен жолукканга аракет кылып келейин деп кетти. Ал кечинде келип, уезд башчынын өзү менен сүйлөштүм, сүйүнчү, ушул жыйында Он-Арча болуш маселени өзү көтөрсүн, жерин чечип алмаштырып берем деди. Техниктерди жиберип Он-арча болуштугуна жана өзүнүн уругуна тийешелүү жерин да тактап, картасын да чийдирип бермек болду. Теңир колдоп, буюрса иш оңунан чыкканы калды деп сүйүнүп калдык. Усупбек андан ары сөз улады: эртең менен саат тогузда, бул күн текши тийген маал болуп калат, эл уездге келип, короосу толуп калат. Силер менин чалыш аттарымды мингиле, аттан түшпөй элди аралап, сен Нурак алдыга түшүп «бошот-бошот Он-Арча болуш келе жатат» деп катуу үн салып, аттарды теминсеңер эле ат тыбырайт, эл өзү эле качып жол бошотот. Эртеси жыйын болчу жерге барсак, короонун ичи-тышы толо эл экен. Усупбек айткандай үн салып, аттарды тыбыратып, секиртип атып ары өттүк, ак таяктар аттарыбызды алышты. Төр жакка бардык. Биз баш ийкешип чоңдор менен учураштык. Трибунада эң астында жашыл тукаба менен жабылган беш-алты отургуч, анын артына тактайдан уруп туруп, ак болотнай менен капталган отургуч бар экен, эң артына бир куу дөңгөч койдуртуптур. Бир аз убакыт өткөндөн кийин жыйын башталды. Жашыл тукаба отургучтун экөөнө уезд башчысы орун басары менен отурушту. Тизме окула баштаганда эң алгач эле: «Он-Арча болушу Булан уулу Чыңгыш» деди. Ак таягы келип ажымды жетелеп барып жашыл тукаба отургучка отургузду. Андан кийин дагы үч болушту жашыл тукаба отургучтарга отургузушту, калгандары тизмеден өздөрүн уккандары барып олтуруп жатышты. Тизмедеги адамдар бүт отуруп бүткөндөн кийин, дагы бир күмүш кемер курчанган, семиз чоң кишини чакырып, ал келгенде куу дөңгөчтү көрсөтүштү. Ал отурбай туруп алды, ал саяк Садыр деген болуш экен. Кызыл чоктору отургузгула деген буйрук алды окшойт, экөө барып сүйрөп отургузушту. Жыйын башталды, түш оогонго дейрим созулду. Ар кандай

маселелер, салыктын аткарылышы, ар кандай өз ара доомат, арыздар каралды. Чыңгыш ажы да сөз сурап алып, өз маселелерин жыйынга чыгарды. Жыйын аягында уезд башчысы көп суроолорго, арыздарга жооп берди. Анан ажымдын койгон маселелерине токтолуп, мына Он-Арча болуш эл камын көрүп, тоолу жерге дыйканчылык менен элимди тыкан багам деп туура маселе коюп атат, чатак болбосун деп болуштуктар арасында чек ара маселени көтөрдү, эл жөнүндө ойлогон болушту карагыла, кийими деле жупун, элинен бир дагы арыз түшкөн жок. Ал эми Садыр болушту карагыла, элди жеп семирип алган, араң кыймылдайт, артынан көп арыздар түшүп атат. Чыңгыш Булан уулунун суроосун канааттандырылсын деп чечимге жазгыла деди. Эртеси да калган маселелерди карайбыз деп жыйын таркады.

Усупбек улуктар менен оозмо ооз сүйлөшүп жүргөн адам экен. Ал уезддин башчысына жоолугуп келип, эртең кете берсеңер болот, жер ченегич техниктерди жакын арада жибермек болду, силер суранган Бети-Караны силерге ыйгарып, жер алмаштыруу боюнча чечимди ала барышат. Каалаган жериңерди көрсөтүп, чиймесин чийдирип аласыңар. Биз кетип баратабыз, коштошо кетелик деп келдик, эл журтуңуз менен эсен болуңуз деп атчан барып, трибунадагы чоңдорго кол сунуңуз, уезд башчы өзү ошондой деп айтты деди.Эртеси биз барып кош айтышып, кол алышып коштошуп жөнөп кеттик. Бул окуя бирөөнү көтөрмөлөп, бирөөнү басындыруу саясатыбы же кыргыз дөбөлдөрүн бөлүп жарып башкаруу саясатыбы билбейм. Ажым өзү айтып калчу эле: «Биз уйөзгө ар тараптан келген болуш, бий, ушунча көп эл арасынын көзүнчө, ат үстүнөн кол берип жатканда башыма бак келип, төбөм көккө тийип тургандай болдум» деп Нурак абамдын айткан сөздөрү эсимде деген Маатказы жезде. Андан кийин көп убакыт өтпөй эле үч орус келип калды, жүктөлгөн көтөрүнчүктөрү менен. Булар бир-эки күндөй өргүштү. Алар уезддин жер которулуш боюнча чечимин ала келиптир. Ажым кеңеш салып, кайсы жерлерди

болуштукка тийиштүү кылып картага чийдирип аларыбызды жана булар менен кимдер барарын аныктады. «Бизде үч чоң урук бар, булардан өкүл кошпосок болбойт» деди Ажым. Кызыл тастардан Кутуман кошулсуң, кытайлардан Мааткасыны, Жабагыдан Мадейди кошуп алгыла. Орустун тилин түшүнгөн, тилмеч боло аларсыңар, Чыңгышбай менен Садыр силер да баргыла. Эми жакшылап угуп тургула, жердин чегин айтайын: батышты Он-Арчанын суусу Нарын сууга куйгандан баштап, Он-Арчанын суусун бойлоп Кичи Каракуджур суусу кошулгандан тартып өйдөлөп Кара-Үңкүр коктусу менен жүрүп отуруп Долонду ашып Сары-Булакка барганда Коңур өлөңдүн суусунун күңгөй тарабы менен күн чыгышты көздөй жөнөгүлө. Кара-Көө, Ажыдаар-Сойлок, Ой-Корумду, Дөң-Корумду, тескей тарабында Ак, Шор, Май булак, Шорбулак, Кызыл Саз,

Деркенбайтөр, андан ары күңгөйдө Улахол, Тура суу, Алтын Төр, Жер Көчкү, Коңурөлөң. Тескейинде Кара жылга, Он бир жылга, Шамалдуу жылга, Кичи Коңкул, Коргондуу жылга, Чоң коңкул, Ийри Суу, Көгүчкөн уйук, Машуруп акташ. Жердин аттарын да биле жүргөнүңөр жакшы болот.

Силер эми Каракужурдун күңгөйү менен жөнөп отуруп Жер-Көчкүдөн өткөндө Сары жон, Уларташ, Ички төр, Коңурөлөң ашуусу, Төө-Куйрук, Алтын зоону да тарттырып кайра кайрылгыла, андан өйдө кокту туюкталып калат, жол жок. Ошо менен түштүк тарабыңарга Кара Жорго тоолору аяктайт. Силер Жалак Белди ашып Кара-Каман, Балгартка барасыңар, Жаман Эчкиден кайра түштүккө тартып Кичи Нарындын суусун бойлоп ылдый Оорук Тамды басып өтүп Чоң Нарындын суусу менен кошулган жерден Нарын суусу башталат. Кайра батышка суунун түндүк жерин бойлоп отуруп Нарын шаарынын түндүк жээгин басып өтүп, кайра Он-Арча суусуна кошулган жерге келесиңер. Бул чек ара Тынымсейиттердин жайгашкан жери болуп саналат. Алар картага чектин ичиндеги жерлерди түшүрөбүз десе Кичи Нарынды бойлоп жүрүп

отурганда Сары Күңгөйгө келгенде, **түштүк жагына** бурулуп Орто Нурага ашып, күн батышка бурулуп **Чет нуранын** Карагайлуу булагын ашып Кара-Бүктүн башынан түшүп, ылдый коктулап Нарын суусунун таш көпүрөсүнө келип каласыңар. Ушул мен айтканды чийдирип келгиле. Кудайым өзү эле берип жатпайбы. Биз Бети-Карага көчүп барсак, Көк-Торпокто жайласак болот. Ал Нура кырка тоосунун түндүк бетинин салалаган коктулары менен Капка-Таш тоолорунун ортосунда жайгашып, жайкысын салкын, малга жайлуу, ал эми түндүктө Кара-Жорго кырка тоолору менен түштүгүндө Капка-Таш тоолорунун ортосунда жайгашкан Солтон Сары жайлоосу кенен, дегеле кереметтүү жерлер. Асыгыңарды көп алгыла, ат кошчу да керек, минген атыңарды кайтарып, алып келгенге жылкынын жайын билген Арыкты алып алгыла, деп айтты ажым. Биз камынып жолго чыктык. Орустардын бирөө аспабыншыкалайт, экинчиси ала таягын көтөрөт, үчүнчүсү биринчиси менен кобурашып чиймесин чийип турат экен. Орустарды бирде биз ээрчитип жүрүп, бирде алар бизди ээрчип отуруп Коңур-Өлөңдүн башына келип калдык, башы туюк болуп калат. Биз келгенде 3-4 үй-бүлөө көлдүктөр келип жайлап калышыптыр. Бизден алар үрпөңдөшүп коркуп турганын байкадык. Садыр элге түшүндүрүп, бул жайлоо Тынымсейит уруусуна тийешелүү экендигин, жерди кестирип алганын айтып берди. Бул жердин жаратылышынын көрүнүшү абдан кооз. Биз белге чыгып, аттарды отко коюп, өзүбүз эс алып жаратылыштын кооздугуна суктанып, тамактанып көпкө чейин сүйлөшүп отурдук. Бир учурда Садыр айтып калды: кудай буйруп жерди алдык, табийкаты өзгөчө кооз экен, өзөн бойлоп суу агып, тиги кырка тоо түштүк кырка тоо менен кошулуп, киши кынап койгонсуп турат, ошондуктан бул жердин атын Туюк-Төр деп койолу, кандай дейсиңер деди. Биз туура таптык, Көлдүк туугандарга да мындан ары бул жердин аты Туюк-Төр болду билип алгыла, чиймеде ушундай ат менен жазылды деп айталы, элге да ушул атты жайалы деп сүйлөштүк. Бул кабар Көлдүн Чыныбайы-

на жетиптир. Ал капаланып Тынымсейиттин ташкын буурасындай боло албай калбадыкпы, жерди алганы аз келгенсип, атын да которуп салыптыр, Туюк-Төр деп. Эми силер Чыңгыштын касиети жерге ооп кеткиси бардыр Коңур-Өлөңдүн аркы ачасын Жеке Тайлак деп атап койгула деп элине айтат. Ошол күндөн ушул күнгө чейин алар Жеке Тайлак, Туюк-Төр аталып келе жатат. Тоонун тескейи Коңур-Өлөң, күңгөйү Туюк-Төр болуп калды. Ошентип жүрүп отуруп Ажым айткан жердин баарын орустарга чийдирип, бир айдан аша жүрүп бүтүрүп келдик. Төлөмүш уулу Чет-Нурадан Бети-Карага көчүп келгени болжол менен 1894 же 1895 жылдар болсо керек эле, 70 жыл болду деп 1964 жылы Мааткaзы жезде айтты эле. Төлөмүштүн Олжоболот жана Дакы балдары Чет-Нурадан өз-ара таарынычтан көчпөй калат. Чыңгыш ата жакындары менен Кыз-Мазар коктусунун чыга беришинде батыш тарабына, тоонун күңгөй этегине, азыркы Эмгекчил айылынын жогору жагына Кырка-Там аталган кыштак курушуп биринчи тургуну болуп калат. Петербург шаарында жайгашкан «Переселенческое управление» тарабынан 1913 жылы өткөргөн каттоонун жыйынтыгы (официалдуу материалдары 1916 жылы жарык көргөн) боюнча Кыз-Мазар (Чыңгыш) айылы 10 түтүн үй-бүлөдөн турат, 83 адам жашайт, анын 41 эркек, 42 аял. 3 түтүн үй-бүлөөдө 5 киши жалданып иштейт. 1913 жылы жылкынын саны 134, төө 20, уй 70, кой 2041. 1912 жылдын аягында жут болгон, 53 жылкы, 120 кой өлгөн. 1080 чөмөлө чөп жыйган, 17 теше жер айдаган.

Тургундардын тизмеси: 1. Чыңгыш Булан уулу, 2. Шааке Аргын уулу, 3. Чыңгышбай Кубат уулу, 4. Жунус Канай уулу, 5. Койчу Алымбек уулу, 6. Байтик Алымбек уулу, 7. Акмат Нурмамбет уулу, 8. Байтөлө Саке уулу, 9. Дакмат Байтөлө уулу, 10. Токсаба Байалы уулу Элдин ишенимине, эл арасында бийик кадыр-баркка жеткен Чыңгыш ата экинчи ирет да болуштукка шайланат. Атаганат, бул бийлик деген ширин даамдуу болот тура. Адамзат таралгандан эле бийлик үчүн бирин-бири

мууздап келген экен го, чиркин. Ал гана эмес эң бир кыйбас адамдар бийлик үчүн бирин-бири курмандыкка чалыптыр го. Тарыхта бийлик талашып баласы атасын, атасы баласын кыйган учурлар көп болгон эмеспи. Илгери бизде да болуштук талашып чиркин не бир айла-амалдарды ойлоп тапчу турбайбы. Бийлик менен күлүккө кимдер көз артпаган заманында. Ошол Он-Арча болуштук аймагында менменсинген Шопок урпактарынан Канай аттуу адам тың чыккан экен, ал иниси Байтерини болуш кылам деген ою болот. Андайлар бийликти көксөп туруп алат го. Ага жетмейин уйкусу да келбейт, балээ баскыр. Кандай гана жол менен болсо да, зордоп да алгысы келет да. Ал учурда Чыңгыштын болуштук экинчи мөөнөтү да аз калат. Ал киши уруу башында көп жыл болуш болуп, ал учурда кагазга жазылбаган табигый, жөнөкөй, турмушка шартталган кыргыз элинин салттык мыйзамын, адаттарын так аткарган, элге кызмат кылган, элди ойлогон, эл үчүн кам көргөн болуштардын бири болгону көрүнөт. Ага бир далил: ал учурда айрым гана мыкты болуштар өз каражатына мектеп ачып, аны медресе атап, балдардын кат сабатсыздыгын жойгон. Шабдандын медресеси болгон. Ак-Талаа Курткадан Калпа ажы ачкан. Бул аймакта Чыңгыш болуш ачкан экен медресени. Демек, калк камын көргөндүгүн өзү эле айгинелеп турбайбы. Бирок, бийликти көксөгөн каршылары аны карайбы, элдик ачык шайлоодо көпчүлүк добушту кадыр-барктуу Чыңгыштан тартып алалбасына көзү жетишкен. Ошол учурдан мурун 1898 жылы жаз-жай мезгилинде Фергана өрөөнүндө жана ага чукул тоолуу аймактарда жашаган кыргыз менен өзбөктөрдүн орус падышалыгынын колониячыл саясатына каршы көтөрүлүш чыккан. Көтөрүлүштү падыша аскерлери ырайымсыздык менен баскан, 362 киши соттолуп, 18 киши дарга асылган.

Анжиян көтөрүлүшүнүн катышуучулары Миң-Дөбөлүк Молдокабыл жана Далы аттуу эки молдо качып келип, Чыңгыштын үйүндө баш калкалап, балдарды окутуп жүрүшкөн.

Ошол учурда Кытайдын чек арасынан бир адам кармалат,

ал **Канай менен Байтеринин** атайын даярдап жиберген кишиси болот. Аны чек арачылар суроого алганда, Чыңгыш жибергенин айтып, ал гана эмес анын мөөрү басылган кагазды көрсөтөт. Көрсө, Чыңгыштын мөөрүнө окшоштуруп, Байтеринин Жүгөрү, Ысак деген эки баласына таштан мөөр ойдуруп, ошол кармалган жазалма катка мөөр баскан экен. Айрыкча мөөр басылса ал убакта, азыр деле чоң документ эмеспи. Бирок ал мөөр жасалма экенин ким билсин. Кармалган кишинин сөзү боюнча Үрүмчүдө Чыңгыштын Бегимбай уулу деген тууганы жана куда- сөөкөтрү бар, ошолорго байланышка баратканын божурайт. Катта Чыңгыш ак падышага каршы кол топтоп, курал жарак даярдап жатканы, алардан жардам сураган болот. Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан адамдарды катып жүргөнүн, алар аркылуу түштүктөгү козголоңчулар менен байланышы бардыгын, иш оңунан чыкпаса Кытайга кача турганын маалымдайт. Мунун баары бийлик талашкан эргулдардын уюштурган иши экенин ким билет. Текшерүүдө Молдокабыл, Далы молдолор факты жүзүндө Чыңгыштыкында жүргөнү далилденет, аларды каткан жана багып жардам берген, дүрбөлөңгө даярданып Кытайга качкан аткан деп айыпталып, Сибирге (Түндүк Казакстандын Лепси жана Копалына чектеш жерге) айдалган. Айдоонун алдында мал-мүлкүн, үй ичин опис кылып конфискицияланган. Өзүнүн айтышы боюнча Нарындан Верныйга дейрим кишен менен өгүз арабага салынып барган, андан ары кишени алынып бош айдалганмын дечү экен. Чыңгыш менен бирге Жабагы уулу Токобай жана Ат-Башылык чериктен Байсерке деген кишилер да кошо айдалган дешет. Сибирге баргандан кийин ал жерде өз жанын өзү багып, ар жумада участковый полицейскийге көрүнүп, белгиленип турчубуз дечү экен. Ошол жерде ар улуттан саясый айыпкерлер бар эле. Ошолордун арасынан билимдүү бирөө, айдоонун экинчи жылында Чыңгыштын атынан «орус ак падыша эркек уулду болушу менен, ошонун үрмөтү үчүн кечирээр бекенсиз жана ишимди кайра каратып берсеңиз дейм,

анткени мен Кытайга жазды деген кат жана ага басылган мөөр меники эмес» деп арыз жазып берген экен. Чыңгыш өз мөөрүн кийимге тигип ала барган экен. Изилдөө болуп, каттагы басылган мөөр жазалма болуп чыгат. Арыз жазылган убак эрте күз айы эле. Арыздын жообу кийинки жылы май-июнң айларында келип, элине кайтууга уруксат берилет. Мындан ары падыша бийлигине каршы чыкпайм деп подписка (бармагымды бастырып) алган дечү. Сибирге айдоо алдындагы жана айдоодогу маалыматтарды Чыңгыш уулу Алсейиттин кол жазмасы боюнча берилди, ал бул сөздөрдү Үч-Нуралык карыя Жангазы Нурдөөлөт уулунан, эмгекчилдик карыя Мааткказы Акыл уулу жана Чыңгыштын өзүнүн айтуусу боюнча 1960 жылы жаздым делет. Чыңгыш атам Токтогулдан (Сатылганов) артык ырчы, комузчу жана сөзгө чечен адам көрбөдүм дегенине караганда Токтогулга жолугушу ыктымал. Токтогул Сибирден кайтып келгенде шакирти Эшмамбет учурашып келип, Токтогул менен Сибирде бирге жүргөнсүп, акын менен бирге айдалган алтымыш эки кишини бирден санаган жери бар эмеспи. Ошол ыр сабында мындай кайрык бар:

Эсен аман келдиңби, Токо
Элиңдин жүзүн көрдүңбө, Токо
Жаныңдагы жакшылар
Кайда калды билдиңби, Токо.
Аман эсен келдиңби, Токо
Айылыңдын жүзүн көрдүңбү, Токо
Жаныңдагы Чыймыл, Чыңгыш, Мусакожо
Кайда калды билдиңби, Токо.

Бул болжол менен миң тогуз жүзүнчү жылдардын баш жагында ырдалган ыр (Алик уулу Токтогулдун айтуусу боюнча). Чыймыл, Мусакожо Ак-Талаа менен Жумгалдан чыккан белгилүү адамдардан болгон.

Чыңгыш кайра кайтканда жолдо далай кыйынчылыктарды тартып, жөө жалаңдап, казактын талаасында жайгашкан бекеттен бекетке келип, өз жергесине жетет. Бийликке актык ка-

газын берет. Канай калп арыз жазгандыгы үчүн Караколго бир жылга көчө бакка айдалат. Ал айдоодо жүргөндө Жүгөрү менен Ыса деген балдары өлөт, ошентип аларда кудайдан өз жазасын алышат.

Чыңгыш мусулманчылыкты тутунган маданияты, тирүүчүлүктө аруу жана адал жашап өтүү туюму жан дүйнөсү менен кошо жаралган, ыйманы шариат таалимине айкалышып, адам деген улуу наамды бийик, таза тутуп өмүр өткөрүүсү өрнөктүү болсун деп, Мекеге барып Кабанын кара ташын тегерене басып, сыйынып келүүнү көксөп, 1903 же 1904 жылы ажыга жөнөйт.

Ал учурда жол азабы оор болчу делет. Атам Алсеиттин айтуусу боюнча: «Чыңгыш ажы айтчу эле, Мекке Мединага айлап жол жүрдүк, ат, темир жана төө араба, кемеге да түшүп дегенине караганда, алар Туркменстандын Красноводск шаарына, андан ары Каспий деңизи менен нары кеткен көрүнөт. Ал үчүн ал учурда деле, чек арадан өтүш үчүн загран паспорт катары номурлуу Күбөлүк алышчуу экен. Анда аты-жөнү, жашы, улуту, жашаган жеринин дареги, сот менен тергөөдө болбогондугу, коомдук жана жеке карыздары жоктугу көрсөтүлчү экен. Документ даярдап, ажыга аттангандардын саны деле азыркыдай көп эмес болгон. Тарыхый булактардын маалыматы боюнча 1901- жылы Семиречңе (Жети-Суу) облусуна тийешелүү Кыргызстан аймагынан болгону 12 кишиге жарым жылдык мөөнөтү менен загран паспорт берилген экен. Нарындан ат менен чыгып Ауле-Атага барып, паровозго отуруп жетип Бакуга же Геджас шаарына барып андан Кара деңиздин жээгинде жайгашкан Батуми же Феодосия шаарлары аркалуу Стмбулга, Сүвейшке барып андан ары акырында Жидде же Йанбого жетип, андан Меке, Мединага барчу. Бул маршрут жөнүндө Туркия окумуштуусу, профессор Эргин Аян 2016-жылы Бишкекте өткөн Эл аралык илимий-практикалык конференцияда, 19-кылымдын аягында, 20-кылымдын башында Туркестандан ажыга баргандардын маршруту жөнүндө айткан информациясы менен дал келип жатат. Күн-

дүн ысыгы чыдагыз, адамды кыйнайт, **курман айтка** бир жума калганда жеттик, антпесек ажыбыз кабыл болбойт эле дечү. Акыры Чыңгыш тилеги орундап, ажы деген ардактуу эл сыйлаган урматка ээ болуп кайтып келген. Көрүнүктүү коомдук ишмер Ашыралиев Кемел Нарындын губернатору болуп турганда менин иликтөөм боюнча Тынымсейит элинен Чыңгыш ажы, Ыса ажы жана Чоро ажы биринчи анык ажылар болгон экен деп айтты эле.

Тарыхый маалыматка караганда 1904 жылы айтылуу Шабдан баатыр да ажыга барган. Бирок Чыңгыш ажы аны менен ал жактан жоолукса, карыяларда маалымат калып сөз болот эле, кыясы Чыңгыш ажы 1903 жылы барган көрүнөт.

Кийинчерээк, эки-үч жылдан кийин Он-Арча болуштугуна шайлоо жүрөт. Болуштукка дагы 2-3 адам ат салышат. Чыңгыш ажы дагы болуштукка коет. Каршыларынын бири баягы эле Шопок уругунан Байтери болот. Чыңгыш сүргүндө жүргөн кездерде Жаманак уругунан көрүнүктүү, тың чыккан Кара Табылдынын аялы кайтыш болуп, Буландын кызы Күчүк жеңебизге үйлөнгөн экен. Бул киши мурун болуш болуп, эллине кадыр баркы бар адам болгон. Кайнагам сүргүндөн келсе бир кереке жарап берейин деп, Жаманак элинин билермандарын чакырып сүйлөшүп, Чыңгыш үчүн коргоол салганга көндүрөт. Байгазак, Атабек, Термечик уулдары да Чыңгыш-ажыны колдошуп, ал киши кайра болуш болуп калыптыр. Он-Арча болушун тогуз жыл өзү бийлеп туруптур. Ажы Тынымсейит элинин барктуу адамы болгондуктан өзүнөн кийин кезеги менен инилери Шамен, тың чыгып жаш кеткен болуштун жардамчысы бала болуш Байгазы, уулу Садыр, уулу Максүт менен Шамендин Надырбеги да кыска мөөнөт болуш болушуптур. Учуру менен булардын аралыгында Жаманак уулдарынан да болуштука шайлангандары болгон.

Чоң атам Чыңгыш ажы, туугандары XX кылымдын башындагы бүткүл кыргыз эллине тийген каргашалуу, кайгылуу 1916 жылдын азап-тозогун, андан мурун Падыша өкмөтүнүн жүргүзгөн колониялдык, баскынчылык саясатынан чыккан

оорчулукту баштарынан өткөргөн. Үркүндүн себептери, өбөлгөлөрү, жүрүшү, кесепеттери жана натыйжалары жөнүндө тарыхчылар, жазуучулар, политиктер көп эле кайрылат. Мисалга, жакынкы учурда чыккан Арслан Койчиевдин «Мисмилдирик» (Беделдеги каргыш) романы. Мисмилдирик деген жоголуу, тыйпыл болуу маанини да берет жана романдын мазмуну 1916 жылкы окуялар менен куп айкалышат. Ал эми Ысак Шайбековдун айтылуу «Кайран эл» реквием дастанын көздөн жаш чыгарбай окуу мүмкүн эмес. Бул окуялар биздин тарыхыбыздагы кара так, муну биз унутпашыбыз керек. Кээ бир нигилист жазуучулар бул боштондук көтөрүлүштү «элдин жапайылыгынан болгон, кыргыздар орустарга каршы чыккан, согушка барбай койгон, солдатка балдарын бербей койгон, караңгы эл бай-манап, молдолордун таасиринде калган, акмактык кыргыздардын өзүнөн кеткен, ар кайсы бал челекчи, малда жүргөн орустарды өлтүргөн, кичине кыштактарына кол салган» дешип, падышанын колониялдык саясатын акташат. Бүгүн Россия даңктаган, ошол учурдагы премьер-министири Столыпиндин планы боюнча, кыргыздын дыйканчылыкка ыңгалуу жерлерин акырындык менен басып алышып, ал жерлерге көп сандаган борбордук Россиядан жерсиз орустардын дыйкандарын көчүрүп келип жайгаштырышкан.Кыргыздар түшүмдүү жерлеринен кол жууп, өздөрү тоо тарапка сүрүлүп, тез эле жакырданышат. Чынында козголоң ушул себептен келип чыккан. Элдин саны өспөй, тескерисинче 1903-1913 жылдарда кыргыздын саны 10% азайган. Орус оторчулук баскынчылыгына каршы башталган боштондук кандуу күрөштө негизинен жергиликтүү калайык калк кырылган. Көтөрүлүштү басууга Россия регулярдык армияны, атчан эскадрондорду, жергиликтүү казак орустарын колдонгон. Россиянын согуш министри өзүнүн жарлыгы менен 42 замбирек, 69 пулемет, 15 баталңон, 33 казак жүздүктөрүн, атчан эскадрондорду жөнөткөн, мындан тышкары Кыргызстанга көтөрүлүштү басыш үчүн башка областарынан август айынан сентябрң айына чей-

ин ондогон жазалоочу отряддар келип түшкөн, 2 казак-орус полку, 24 жүздүгү, 47 пулемету, 16 замбиреги менен. Ушундай курал жарактуу регулярдуу, согушта машыккан армия менен көтөрүүчүлөрдү кырган. Көтөрүүчүлөр болсо негизинен айры, бакан, анча-мынча түтөтмө мылтык, найза кылыч менен куралданган. Төлө ажы уулу Ыбрайым мергенчилери менен Балыкчы бекеттен он чакты солдаттардын коштоосунда Караколго курал-жарак алып бара жаткан арабаларды колго түшүрүп, бул мылтыктардын жардамы тийип, орустар менен атышып, далай эл аман калган дешет. Бирок көтөрүлүштү басу учурунда кыргыздардан эле 200000 адам апаат болгон, дагы ошончосу Кытайга үркүп, каатчылыктан, жокчулуктан, ачарчылыктан, суукtan, ашуудан кырылган. Үркүндүн кесепетинен 1917 жылга салыштырмалуу элдин саны 30-40%га чейин түшкөн. Ушул 14 жыл ичинде кыргыздар экономика жактан абдан начарлап, колдо болгон мал-мүлкүнүн 70%нан кол жууган. Ушул кайгылуу геноциддин кээ бир фактыларынан мисал катары күбөлөрдүн эскерүүлөрүнөн чагылдыра кетейин.

Кыргыз жергесине аскердик-стратегиялык экспедиция менен келген генерал бээсин ташка тартып, мине албай жаткан кыргыз абышканы мээлеп атып, башын кесип, дорбого салып, Санкт-Петербургдагы этнографиялык музейге «жапайы кыргыздын башы» деп көргөзмөгө экспонат кылып койгон. Бул шовинисттик мыкаачылык фактыны эгемендүүлүк жылдарында «Казак адабияты» газетасы басып чыгарган. Ал экспонат совет бийлиги орногондо музейден алынып салынган деп жазат кыргыз эл акыны Эрнис Турсунов.

Кыргыздар үркүп келгенден кийин Беловодскийдеги орус кулактары дан-эгинин сугарганда суу жеген аңызды кыргыз аялдарынын өлүгү менен тостурган. Бул фактыны мечиттин жертөлөсүнө кире качып аман калган, ошондогу он жашар белгилүү дунган акыны Ясыр Шивазанын эскерүүсүнөн кезиктиребиз. Жазуучу Кеңеш Жусуповдун чоң энеси Уулбаланын зар какшап, көзүнө жаш алып, күйөөсү Беделдин белинде каза таап, эки баласы менен чоочун, бөтөн жерде азап-тозокту көрүп, эки

жылдан кийин эптеп ата-журтка келгенин эстеп: «Беделдин белинде бала атага, эне кызга карабады. Бел бети өлүк менен алсыраган адамдарга толуп кетти. Кишилерди аттап өтүп жаттык. Кишинин сөөгүн талаган иттер көбөйдү. Музарт суусуна жоодон качып, бой таштаган адамдар балыктан көп болду. Суудан өтүш үчүн малды күргүштөтүп айдадык, малдын төрт бутун бууп суўга салдык. Ошолордун жону менен чымылдап өткөнгө жанталаштык » дечү чоң энем, бул сөздөрү эсте, жүрөктө кара тактай калыптыр деп жазат Жусупов.

Мен өткөн кылымдын 70 жылдарынын аягында Кичи Кеминдин Боролдой айылында топ карыялар менен табакташ болуп калдым, ошондо бир чолоңдоп баскан аксакалдын сөздөрү эсте калды: «Мен чоңойуп калган бала кезим, орустар жети-сегиз кишини бири бирибиздин артына карагайга учкаштыра отургузду. Андан мурда келтек жеген момундар отуруп бердик. Көрсө бир ок канчасын тешип өтөт экен деп бет-маңдай жактан атты. Мен аяк ченинде отурдум эле, мага ок жетпей калды. Алар шаракташып өз-ара күлүшүп атканда, мен дубалдан секире качтым. Экинчи короонун дубалынан секирип бараткан учурда мага ок атып, саныма тийип, наркы короого жыгылдым. Артыман эчким келген жок, өлдү деп ойлошту окшойт. Өзүмдүн энем Изат эскерер эле: Үркүн учурунда беш жашар кыз элем, кечке жол жүрүп күүгүм талаш бир коктуга токтодук. Ачкабыз, казанга тамак асып, самоор коюп атканда эле орустар орустар келе жатат деп эле баары дүрбүп калышты. Бат эле жыйналып, жөнөп калышты. Мени Сыя эжемдин артына учкаштырып коюшкан, түнүндө жөнөп баратсак эле колум чыдатпай ооруйт, мен: «Колум сынып атат», деп кыйкыра берипмин. Чоң атам атты токтотуп келип караса колума билериктей кылып, жеңелеримдин бирөө шашканда самоордун кемпирегин кийгизип коюптур, ат желгенде колума кемпиректин кыры койгулап оорутуп жаткан тура. Апамдын таятасы Жети-Өгүздөгү айтылуу Тилекмат акенин уулу Чыныбай эле, ал 7 аял алган экен. Тайэ-

нем Чачыкей Чыныбайдын Телегей **байбичесинен**, энелеш 7 бир тууганы болгон: Жаныман, Баракан, Мырзакан, Ысакан, Акимкан, (Чачыкей), Бексултан, Калдыбүбү дегендер. Булардан тышкары казак аялынан 9 бала, Черик аялынан 4 бала, Сарбагыш аялынан 1 бала. Калган үч аялдын балдары 1916 жылы азап-тозокту тартып, там үйүнө качып жүрүп түнү келип жатып калышат. Үйдү уулантып коюшкан экен, баары тең 9 адам набыт болот, түнүндө бирге чыга элек эмгектеп жүргөн баласы эшике бир кудайдын колдоосу менен чыгып кетет да аман калат, ошол баладан тукум уланып атат» деп айтаар эле апам Изат. Жогору айтылгандын баарысы мисал катары келтирилген тарыхый чындыктын анча-мынчасы, ата-бабалардын өмүр кайгысы, керези, каргышы. Үркүн жаздын этеги менен күч алып баштап, август айында Чүйдүн чыгыш жагы, Көл калаасы, Кочкор, Жумгал болуштуктары көтөрүлүп, үрккөнү үркүп, каршылык көрсөткөнү кырылып, Долондун бери жагы сестейип, алды үркө баштаган. Чоң атам Чыңгыш ажы туугандары менен ошол жылы Солтон-Сары, андан Кара-Сазга көчүп жайгашкан экен. Бул жылдары Он-Арча (Тынымсейит) болуштугунда Чыңгыш ажынын улуу уулу Садыр болуш болгон, ал атасы менен чогуу жайлаган. Садыр атаны элдин көпчүлүгү ал учурда деле, кийин деле болуш дебей, молдоке деп кайрылчу дешчү экен, эмне дегенде өзү адамкерчиликтүү, сабаттуу, мусулманчылыкты элге түшүндүрө, өзү да шарият жолун ыйык колдоно жүргөн, орус тилин анча-мынча түшүнө да, түшүндүрө сүйлөй да билген адам эле дешет. Садыр молдонун атайы алган билими жөнүндө бизде документалдуу маалымат жок, орус тилин кандайча өздөштүргөнү жөнүндө да кабардар эмесбиз. Балким исламий мектеп, медреседен же жеке окутуучудан окугандыр, ал учурда Кыргызстанда ушундайча балдарды окутуу көп эле кездешкени белгилүү. Садыр молдо 66 жашында 1940 жылы набыт болгон, ошондотуулган жылы 1874 жыл болот жанаболуштук милдетти кырк жаштын тегерегинде аткарган көрүнөт.

Эл сыртка жайлоого көчө электе эле Ниязбек сегизиндеги мыктыларынын бири Касымаалы ажыга, кудасы Шабдан уулу Исамүдүн Бугубай деген жигитин жашыруун жиберип, Олуя-Ата, Алматы, Жаркент, Капал, Лепси казактары, Чүй, Ысык-Көл, Кочкор кыргыздары падыша өкмөтүнүн адилетсиз саясат чараларынан улам эл ичи дүүлүгүп, нааразы башталганы, орус-герман согушуна уулдарын жибербей, көтөрүүлүгө даярданып жатышканын кабарлайт. Нарын, Ат-Башы жагдайдан маалымат алып, бул ишти колдоого иш чара, даяр болууга чакырат. Бул кабарлар менен аймак билермандары дагы кабардар болот. Эл аралап, жер таанып, Сибирде үч жыл айдоодо болуп, Россия империясынын күчүн билген, өз мезгили үчүн кругозору да жетиштүү, тубаса акылы тунук, ою терең инсан катары Чыңгыш ажы туш-туштан кабар алып, Кочкордун ири манабы Канатты хан көтөрүшүп, ал кандай ийгиликке ээ болуп, анан кантип талкаланганын толук угуп, көтөрүлүш уюшулбаган стихиялык мүнөздө өтүп атканына көзү жеткен. Бул көтөрүлүш чыгаар алдында Көк-Торпок, Солтон-Сары жайлоолорунда «Он-Арча» элинин башын жана малын каттап үч орус жүрөт. Көтөрүлүш чыкканда экөөнү Садыр болуш дүрбөлөңчүлөрдөн жашырып Нарын шаарына аман-эсен жеткирет. Үчүнчү орус, кыргыздардын колуна түшүп калат. Аны Чыңгыш ажы ортого түшүп өлтүртбөй ажыратып алып, жашырып катып жүрүп, арандан зорго 20 чакты күндөн кийин, түн ичинде Ажым өзү баш болуп, сырттан ылдый жол жүрүп Нарын шаарынын түндүк жагындагы «Уу-Сары» коктусу аркылуу Нарын суусундагы чоң көпүрөдөгү часовойлорго орусту аман-эсен жеткирип бердик деп, атам Алсейит айтып калчу, өзүнүн кол жазма эскермелерине да жазып кетиптир. Жети-Суу (Семиречье) аскерлеринин командачысы генерал Фелндбаумдун үрккөн кыргыздарды тоо-ташка камап, тып тыйпыл кыруу жөнүндөгү ырайымсыз буйругун аткарган аскер, казак орус жүздүктөрүнүн ишинен үрккөн элдин саны күндөн-күнгө көбөйөт. Чүй, Кочкор, Көл элдери Үзөнгү-Кууш,

Бедел ашууларынын жолун билбей, сураштырууга Ажынын Кара-Саздагы айылына кайрылгандардын саны да көбөйдү. Чоң атабыз кайрылган адамдардан сурамжылап, кеч калгандарын коноко алып, окуянын жүрүшүнө кылдат көз салып, кырдаалдан чыгуунун жолун издеген. Качкындардын арасында орустардан колго түшкөн балдар-кыздарын кошо ала келе жаткандар бар экен. Чыңгыш ажы: «Бул балдарда эмне күнөө, буларды мага бергиле, убал да, ашуудан өтө алышпайт» деп сураганын сурап алып, кээ бирөөнүн ордуна жол азык же мал берип, жол көрсөткөнгө жигиттеринен жумшап, ончактысын алып калат. Ар бир баланы өзүнүн жек-жаатына бөлүп берет. Садыр уулу Бакас байкенин айтуусунда: «Молдокем өзү Мария, Петр деген эки бир тууганды багып ала жүрчү экен, Мариясы өтө чыйрак 9-10 жашка чыгып калган кыз эле деп айтчу» деп эскерет.

Күндөн күнгө кырдаал бат оордой баштайт. Жети-Суу казак орустарынын үчүнчү полкунун есаул Булычевдин жүздүгү Он-Арча (Тынымсейит), Ажы, Субан, Шатен, Моңолдор, Шаркыратма, Черик айылдарын түрө, кокту-колоттордо, Кытайга кетүүчү жолдорду тосо ок жаадырып, качкындарды кыра баштайт. Чыңгыш ажы, Садыр болуш киши чаптырып урук аксакалдарын, айыл билермандарын чогултуп кеңеш чакырып, маселени болуш ортого койот. Көтөрүлгөн Чүй, Көл кыргыздарынын иши оңунан чыкпай, иш чатагына айланганын, бирок тынчтыкта болсок, падышага каршы чыкпасак бала-чака, мал-жан аман болот деп, үркпөөгө чакырды.

Андан кийинки сүйлөгөндөр, казак орустарынын ырайымсыз жазаган иштери аларды чочулатканын, аларга ишенич жоктугун айтышты.«Есаул Кохановский дегендин жүздүгү Соң-Көлдү жээктеп, Чаар-Арча, Килемче аркылуу Жумгал, Кочкор өрөөндөрүндө көтөрүлүп, Канат Ыбыш уулун канн көтөргөндөрдү жазалап атат, Актал-Чат, Орто-Сырт, Ат-Башы өрөөндөрүндө Таш-Рабат, Торугарт ашууларына бараткан кыргыздардын башына кылыч ойнотуп, пулемет менен ок жаа-

дырып кырып жүрөт» деген сөздөр болду. Генерал Фелндбаумдун буйрйгу менен Нарын аймагын тынчтандыруусу Оренбург казак алтынчы полктун жетекчиси полковник Бобровго жүктөлгөн. Анын полку Намангандан Көк-Арт ашуусунан өтүп көтөрүлүп Тогуз-Торолуктарды канга бөлөп Ой-Кайың, Каргалык, Ак-Бел аша Нарындын өрөнүнө чыгышкан. Нарын гарнизонуна келип Бобровдун штабы орношкон. Чыңгыш ажы ойлуу, сабырлуу отуруп кеп айтып, эп айткан дешет: «Үч жыл жүрдүм оруста, оруска бүлүк салбайлы, көп эл,кубаттуу куралдуу күчү бар, куугунуна калабыз, угуп көрүп атабыз качкындардан. Тынымсейит эли оруска кол көтөрө элекбиз, өз жерибизге өзүбүз ээ болгондон өтөрү жок, он баланы он аял төрөп коер, аскерге алчу балдар, аман болсо алар деле кайтып келет, кытай-калмак, уйгурга барып кантип батабыз, ким билет, тили салты башка» деп ынандыргандай болот. «Жазалоочулар тийбейби, бала-чаканын амандыгына ким күбө берет» деген суроолор туулат. Садыр болушту, Он-Арча болуштугунун эли үркпөйт, падыша өкмөтүнө каршы чыкпайт, биздей элге жазалоочулар тийишпесин, суранабыз деп, Нарын участогунун началнниги Кекилүп (Хохалев) таксырга жиберели деген чечимге келип тарашат. Бул чогулуштан мурун эле элди үркөнгө үгүттөп жүргөн өзүнүн жакын туугандары, Самтыр уулунан Молдоалы, Жабагыдан Кулубай, Олжоболот, Бактыбай уулдары, Чыйбыт, Дөрбөн жана Жаманак уулдарынан кээ бирөөлөрү, оруска баары бир ишениш жок дешип өз ара сүйлөшүп, Чыңгыш ажыга айтпай жашырынып бир туугандары менен Кытайга жөнөшөт.

Он-Арча эли үркүп башташты, башка үркөндөргө жардам көрсөтөт экенсиң деп Садыр болушту камакка алышат. Эл, туугандары эми биз үркөн көтөрүлүшчүлөрдүн эсебине кирдик, бизди казак орустары соо койбойт деп удургуп алган, коркунуч чынында эле туулгандай болуп, Чыңгыш ажы да капырлардан кордук көрбөй, кудай тагдырыбызга жазганды көрө жатаарбыз деп Жаман-Эчкини ашып, Эки-Нарындан

өтүп Үзөңгү-Куушка токтошот.

Надырбек уулу Акматбек (1926 жылы туулган) куйма кулак, сөзмөр, санжыраны жакшы билген адам, ошол учур жөнүндө сөз козгоп, Молдоалынын Ажыгулунан уктум эле: «Мен 16 жашар баламын, Кытайга айлыбыз менен көчүп, кечке топоз айдап, кеч курун чарчап, ачка эл токтогон конушка биз да түшүп атсак, Чыңгыш ажы келип, 3-4 колот нары барып конобуз деп айылыбызды болбой алып кетти. Айла барбы, биз ичибизден жаман көрүп турдук. Эртеси келсек калган эл жазалоочу казак орустарына туш келип, тонолуп далайы набыт болуп, болгон оокат буюму чачылган, талкаланган, бир эки иттен башка жан жок. Чыңгыш ажынын колдогону бар, ал «үч жашаар жыланач бала» деп эл айтаар эле, мен ошого ишенип калдым» дечү. Үзөңгү-Кушка токтоп, өзүнө ишенчиликтүү Шамен инисинин уулу Надырбек менен Акыл уулу Мааткаазыны Кытай жерине чалгынга жиберет. Ашууну аша алабызбы, кокус көчүп барсак жан сактоого мүмкүнбү билип келгиле, деп экөөнө тең тай туяк берипузатат. Ажыгул, Ысрайыл, Токомбай, Акбагыш, Момун, Алсейит силер да кошулуп, ат кыйналбай барган жерине дейрим аларды узатып баргыла, Бедел ашуусу өтө татаал, муз, аяк-быягын силер байкай келгиле. Алты-жети күндөн кийин экөө кайтып келди дейт: «Дыкан чалгындадык. Бел кыйын экен. Муз жарака. Бир аз жерге кереге коюп, кийиз салса мал ашып кетчүдөй, жаныбызды оозго тиштеп өтсөк болот. Бирок Кытайга барган күнүбүздө деле кыйын болчудай, малга жайытсыз жер экен. Таштак көрүнөт. Чөп биз барчу жерге анча өспөйт экен. Какыраган таш. Кырылып калабыз го» дешти. Чыңгыш ажы Үзөңгү-Кууштан,толкуган элин акылга салып тынчытып, кырк-элүүдөй үй-бүлө менен кайра тартат. Ары-бери чаптырып, дагы бир орус келин, үч-төрт баланы өз каражатына сатып алган дейт. Кайра тартканда Ажы баласыСадырга карап эле тартып атат деген да күбүр-шыбыр болду дешет. Алсейит атам айтар эле: «Жакага келип, баягы ончакты орус балдар-кыздарды жуундуруп, биз-

де **болгон жакшы кийимд**ерди кийгизип, ат, кунанга учкаштыра мингизип, «Уу-сарынын» коктусуна жеткирдик. Коктунун чыга беришинен аттан түшүрүп, аларды алдыга салып, бирөөнүн колуна союлга байланган ак шейшепти желектей кылып карматып, союлду булгап баскыла дедик. Андан мурун аларга Нарынга алып барып силерди бошотобуз, силерди сактап калган Чыңгыш ажы, Он-Арча болушу Садыр болду. Орус төбөлдөрүнө, Нарын акими Хохалевге айткыла, биз качпайбыз, биздин элге кысым көрсөтпөшсүн, Садыр болушту бошоткону суранабыз, силер жардам бергиле» - деп аларга болушунча түшүндүрдүк. Уу-Сары коктусундагы ат жол биз турган Кыз-Мазардан Нарынга барчу эң ыңгайлуу, жакын жол эле жана ал Нарын суусунун аркы өйүзүндөгү гарнизондун бет маңдайынан чыкчу. Гарнизондун түндүк тарабы Нарындын суусунун жээгинде бийик кашаты бар жерге жайгашкан. Ал эми калган тегереги калаанын боз тамдарынан обочороок, тегерете сепил аңгеги казылып, анын топурагы менен гарнизон тарабы бийигирээк коргончо болуп көтөрүлүп, үстүнө дубал салынып курчалган. Бийик дарбазасында жана тегерете вышкада дайым часовойлор жайгашаар эле. Аңгекти суу менен толтуруп койчу, кийин элүүнчү жылдары Нарындын балдары жайкысын кир болсо деле ошол сууга түшчү. Атам Алсейит айтчу, мен 15тен 16га караган кезегим, биз беш-алтоо элек. Биз коктунун оозунан чыгып кичине бастырганда эле наркы өйүздөн тарсылдатып мылтык атып баштады. Мен минген кунаным үркүп кетти, аттардын оозун буруп биз коктуга кире качтык. Орус балдар ак желекти булгалап калып калышты. Ок атылбай калды, турнабай салып көрүшкөн көрүнөт. Гарнизондун ичинде карагайдан кыналып салынган орус чиркөөсү, казарма имараттары, складдар менен атайын камак жайы бар эле. Анда Садыр молдо менен бирге башка болуштуктан да кармалган кыргыздарда отурат. Булардын ичинде тогуз жүз түтүн эли менен (Торугарт аркылуу) Кытайга качып, кайра орустар алдап чакыртып кармалган, айтылуу

Касымаалы ажы, анын болуш уулу **Оруналы, дагы бир** уулу Акимаалы, Барман уулу Чоткара бий. Булар менен Касымаалы ажынын жигиттери Момунаалы, Бопунаалы отурушат. Бул экөө Чүй жакта көтөрүлүш чыгып, орустар элди талап, катын-бала жаш-карыга карабай кырууга өттү деген кабарды угуп, өч алабыз деп Нарындан почта менен келе жаткан эки орусту өлтүрүшкөн. Октябрң айы, эртең камактагыларды дарга асат экен деген суук кабар келет. Чыңгыш ажы жашоонун ыракатын да, машакатын да таразалай билген адам, тагдырга жазылганын көрөбүз, жол жетсе арга жок деп Нарынга жөнөйт. Мурда бошоткон орус аял, балдарды таап полковник Бобровго барып күнөөсүз Садыр болушту жазалабашын сурангыла. Ал Он-Арча болушунун элинин «үркпөшүн» аракет кылган, аны угуп качпай калган элдин бөлүгүн тынч коюп, аларга тийишпесин суранабыз, силердин жардамыңар ошол болсун, биз да колдон келген жардамыбызды берели, жем, тамак-аштан деп түшүндүрөт. Эртеси түшкө чукул Көпүрө кулагынан Теке-Секирик, Ак-Кыя жактардан келе жаткан кыргыздарды аттарынан түшүрүлүп, шаардын тургундарына кошуп, топ-тобу менен солдаттар Ат-Башыга бараткан тоо этегиндеги, азыркы Жайлобак көчөсү жайгашкан аянтка топтойт. Ал жерде дарга орнотулган, аларды тегеректеп какайып турган аскерлер курчап турду. Анткени элдин жүрөгүнүн кайратын өлтүрүү үчүн укмуштуу өлүм жазасын көрсөтүүгө тапшырма берилген көрүнөт. Түш оой, колдору артына байланган камактагыларды катарга тизип, дарга азчу жерге найзалуу мылтыктарын кесе кармаган жөө солдаттар, артынан атчан аскерлер айдап келди. Камак жайынан келе жаткан туткундарды көргөндө эл дуу эте козголду дейт. Полковник Бобров, аким Хохалев, дагы эки-үч офицерлери менен бир аздан кийин артынан бастырып келишти. Баягы ажы бошоткон орус аял, балдар-кыздар чуулдап, төбөлдөргө Садырда көрсөтүп бирдеме деп айтты. Ошол учурда Садыр баккан Мария кыз жолун торогон солдатты түртүп өтүп барып, Садыр болушту кучактап калат. Есаул Бу-

лычев папкесинен бир барак алып, үнүн катуу чыгарып төмөнкүлөрдү окуду: «Именем его Императорского Величества, на основании статңи 1308 Военного Судебного Устава, согласно приказа Военного Ведомства 1914 года И464, особый отрядный суд, ведомый началңником отряда Его Превосходителңства полковником Бобровым за организацию вооруженного мятежа против Его Императорского Величества и убийства двух русских людей приговорил к смертной казни через повешения: Касымалы Мамбетова, Орунаалы Касымалиева, Чоткара Барманова, Момуналы Жетигенова, Бопунаалы Жетигенова. Приговор обжалованию не подлежит. 14 октября 1916 года город Нарын. Татар тилмеч үнүн салмактуу чыгара которду. Касымалы ажы төрөгө тике карап: «Сураксыз да өкүм болобу? Өкүм адилетсиз. Күнөөбүз жок. Шеит кетип баратабыз». «Улук, өлүм алдында эки рекет намаз окуганга уруксат бер» деп офицерге кайрылды. Тилмеч которду. Есаул баш ийкеген ишааратынан кийин туткундардын колдору чечилди. Намаз окулуп бүтө Касымаалы ажы «Оомийин, Аллаху Акбар» деп колун жайганда жалпы эл дуу эте «Оомийин» деп бата тилешти. Эй улук, деди намаздан кийин үнү чыйралып, кайратына келген Касымаалы ажы. Мени мурда өлтүр, уулумдун өлүмүн көрбөйүн. Тилмеч которду. Есаул өлүм алдындагы бул адамдын сабырдуулугуна таңгала баш ийкеди. Желдеттер колун байлап, илмектин алдындагы дөңгөчкө чыгарып, мойнуна сыйыртмак салып, Ажы келме келтирип бүтөөрдө желдет аяк алдындагы дөңгөчтү тартып кетти. Денеси салаңдап дирт этти. Ажыдан кийин калган төрт шеиттин жандарын чогуу тартышты. Даргага беш шеит асылган бойдон турду. Есаул папкасынан дагы бир кагаз чыгарып, Касымов Акимаалыны, Чыңгышов Садырды, дагы бир экөөнү бошотуу жөнүндөгү чечимди окуп, алардын колдору ошол жерден чечилип бошотушту. Эки-үч күн өтө казак орустарынын коркунучтуу дүбүртү Кыз-Мазар оозунда жайгашкан кырка там айылын кооптуу жаңыртты. Бирин-серин айылдын

кишилери кыргый көргөн таранчыдай жый үйгө кирип жок болууда. Он чакты, сапка тизилген куралдуу атчан орус солдаттары, алардын алдында башында кызыл чок тагылган көрпө тебетей, кемселинин сыртынан курчанган курларында кындуу кылыч салаңдаган адам текирең-таскак менен Чыңгыш ажы, Садыр болуш башында турган топко келип: «Кекилүп таксыр солдаттарга тамакка эт, эгин, аттарына жем беришсин деп суранат» деди. Төлөмүштүн Дөрбөн уулунун урпактары Чет-Нурада турчу экен, башынан эле алар дыйканчылыктуу болушкан дешет. Дөрбөн уулдары биринчилерден болуп Кытайга үркту дегенин уккан Чыңгыш ажы мурун алардын там-тарагын кыдырып, короолорунун жанына ороо казып арпа, буудайларын көөмп койгонун, ашкандары амбарларда сакталып жатканын байкаган эле, ошол эгинге өзүлөрүкүнөн кошуп төөгө жүктөтүп, дагы ага кошо арпа, буудай чогултуп жалпысы 15-20 төөгө жүктөп, этке он чакты өгүз, топоз айдатып Нарынга казармага жеткиртет. Ошентип Чыңгыш ажынын көрөгөч саясаты, элинин өзүн уккан бир бөлүгүн качырбай, кыргындан, үркүндүн азап-тозогунан сактап калган. Нарын аймагынын айрым жерлеринде да эл үркпөй кырылган эмес. Азыркы Нарын районунун Аккыядан батыш тарабында жайгашкан эл, Акталаа өрөөнүнүн бир нече болуштуктан турган эли да үрккөн эмес, мунун себебинин бири да эл айтуусу боюнча чоң атамдай мурда Сибирде айдоодо болуп келген, Россиянын күч-кубатын өз көзү менен көргөн Мусакожо болуштун ошол учурда жүргүзгөн саясаты, таасири Акталаа элин кыргындан сактап калган дешет.

Чыңгыш ажы айылдын ичинде болобу, сырткы чечилбеген жер талаш, уруктардын өз ара же ич ара келишпестиктерди дароо ордунан чечип, ал кана эмес үй-бүлөө ажырамын кадыр баркына салып, учурунда жараштырып коючу эле дешет. Айылдан сырткары урук арасындагы чыр маселе чыгып калса да ага кайрылчу тура. Буга мисал, карылар айтып жүргөн бир окуяны айта кетейин. Чыйбыт уулдарынын көбү үркүндөн

кайтып келишсе, термечиктер үркпөй, даяр оокат жай, ородо ачылбай калган эгинге ээ болушуп, тың жашап жатышкан экен. Үркүндөн арып ачып келген эл ооказтарынан, малынан түгөл ажырап, оор акыбалда калышат. Акыры чыдамы жетпей, жүрөгүндө жалыны бар жигиттер, үркпөй калган элдин кой, козусун, тай, торпокторунун семизинен тандап союп, бат эле жүдөтүп жиберишет. Бул кордукка чыдабаган термечиктер, уруу башчысы Чыңгышка кайрылат. Ал бир топ билармандары менен чыйбыттардын бийи Байтокко келип; ээ Байток молдо, мал жанды көрүнө уурдашып, тегеректеги айыл тынч эмес, ууру-кескин көбөйдү, элиңди тыйбайсыңбы, деп катуу айтат. Байток ойлонуп туруп : Ажым, эл ач, ач элден кач деген деп кыска жооп берет. Ажы эл акыбалына көзү жетип турган, ишти чырга айландырбай: -Болду-болду кептин баары өзүңдө турбайбы Байток, деп бастырып кетип, термечик элин Чет-Нура аймагынан алыстатып көчүргөн тура.

Нарын шаарындагы кызыл гвардиячылар арасында кызмат өтөп жүргөн офицер Кирнянов, соодагер К.А. Бондарев 1920-жылы Совет бийлигин кулатуу максатында жашырын контрреволюциячыл уюм түзүп, козголоң даярдаган. Кирьянов 1920 жылы ноябрда өзү башкарган бөлүк менен Ат-Башыны басып алган,6-ноябрда түн ичинде Нарындын казармасында жайгашкан батальонду куралсыздандырган. Ал жердеги Кызыл аскерлердин командирлерин, саясий комиссарларын камакка алып, Нарын уезддик-шаардык партия комитетинин төрагасы С. Орозбековду өлтүрүшкөн. Бүткүл Нарын уездиндеги бийлик козголоңчулар колуна 11-ноябрда өткөн. Жергиликтүү элди, анын ичинен бай-манап, мурдагы болуштарды аларга кошулууга үгүттөшкөн, кыргыздардан аларга кошулганадар да болгон. Чыңгыш ажы көрөнөктүк кылып өз элин аларга коштурбай койгон.

Козголоңду басуу үчүн Токмок шаарындагы 2 өзгөчө полк жана 4чү түркмөн полку жөнөтүлгөн. Алар козголоңчуларды Кочкордо 15 ноябрда, 19 ноябрда Долондун белинде талкала-

ган, калдыктары Кашкарга кире качкан. Аларга кошулган кыргыздар Кара-Үңкүрдүн Капчыгайында эле тарап кеткен дешет. Бул окуяларды ага катышкан Баймогол дегенден уккам деп, казыр сексендерге келип калган Казан-Куйгандык Өмүров Асанбек Кыдыргыч уулу мындай деп баяндайт: «Козголоңчуларды колдоого чыккан сарыбагыш урууларынын өкүлдөрүн Жергетал болушу Мамбетжан баштап Долонду ашып келаткан солдаттарды Токтогул-Жаманак балдары Эки-Оттуктан Ак-Мойнокко дейрим тосмок болушкан. Кызыл-Үңкүрдүн чатынан чалгынга кела жаткан 4 солдат көрүндү дейт. Сайышка чыгып жүргөн бир кедей жигит бар экен, ошону сен баатыр эмессиңби, тигилерди качырып жекеге чык, дешет. Ал чаап жөнөгөндө эле, тарс деген мылтыктын үнү чыкты дейт, аты жыгылып, ал байкушту басып калат, аны бошото коем деп барган Мамбетжан колго түшөт, калгандары качып кетишет. Ал учурда Ак-Мойноктун наркы өйүзүндө орустардын почтасы бар эле дейт, анда почтоочу орус үй-бүлөөсү менен турчу экен. Мамбетжанды ошолордун подвалына камап коет. Почтоочунун кызы, бул кыргыздардын болушу, ал үчүн бизди кыргыздар өлтүрөт, деп түн ичинде Мамбетжанды качырып ийет. Аны эки күндөн кийин көйнөк-дамбалчан Каратал-Жапырык жактан жашынган жеринен туугандары таап алыптыр дешчү.

Токтогул Жаманактын балдарынан эки-үч мергенчи дегендерди бөгөткө коюшкан экен. Алар сен биринчи ат, мен ат болуп, бирин тандашат. Ал аткан ок атка тийген имиш. Мергенчилердин мылтыгы оозунан октолгон, эски мылтыктар экен. Калган солдаттар ок жаадырып, тарса-турс болуп калды. Биз кокуй кырып салат болуп, туш-тушка качып кеттик. Көрсө, солдаттар Ак-Мойноктун чабын атып дүрбөлөң салган экен. Чет-Нурадан бери саман жыйнап келип, Нарындын жыгач көпүрөсүн солдаттар өтпөсү үчүн өрттөйлү деп жатсак, замбирек дүң этип атылып, алыста эле чаң чыгып калганды көрүп качтык, бугада жарабадык деп Баймогол аба кеп салды эле.» Атамдын кол жазмасында айтылат: «Чыңгыш келаткан

кызыл аскерлерди тоздуруп, 10 өгүз союп, нан жаптырып, суук түшүп калганы чокой, тон чогултушуп беришкен» деп.

Совет бийлиги айыл чарбасын туташ коллективдештирүү мезгилинде социалдык жактан тың, үй-тиричилик деңгээли жогору турган, дыйкандар (аларды кулак деп аташкан) коллективдештирүүгө каршы үндөө көрсөтүшөт деп аларды кулака тартуу иш чараларын башташат. Коммунисттик партияныны ыкмасына ылайык 1926 жылы партиянын Каракол-Нарын округдук комитетинин 2-пленуму бай-манаптарды өз жеринен айдоо маселеси жөнүндө өтүнүп, партиянын Кыргыз обкомуна кайрылган, андан ВКП(б)нын (1930 ж. 30-январь), Бүткүл союздук аткаруу комитети менен Эл комиссарлар Советинин токтомуна жана көрсөтмөсүнө (1930 ж. 1-февраль) ылайык кулактардын мулкүн конфискациялоо жана аларды сүргүнгө айдоо чечими алынган. Кыргызстанда кулакка тартуу саясаты 1933-жылы жузөгө ашырылган. Бирок, Бүткүл Союздук «Староста» аталган Калининдин көрсөтмөсүнө ылайык Кыргызстанда, мурун болуш, бий болгон, урук-туугандарына, уруу эллине таасири чоң адамдарды үй-бүлөсү менен сүргүнгө айдоо, мүлкүн конфискациялоо саясаты 1927 жылы эле башталат. Бул көрсөтмөнү аткарыш үчүн жергиликтүү бийликке жеткендер «бөрк ал десе баш алгандар» элдин кыртышын сыйрып, каймагын калпый баштайт. Адегенде Украина жана башка жактарга 20дан ашык үй-бүлөө көчүрүлөт. Кагынып-силкинип келип 1929 жылдын мартына чейин 44 үй-бүлөө көчүрүлгөн. 80 жаштагы Чыңгыш ажыны 1929 жылдын 5 февралында кармап Нарынга алып кетет. Мал-мүлкүн конфискациялайт. Ошол конфискация болгондо түзүлгөн актыны тарыхый документ катары төмөндө көчүрмөсүн келтирдим.

жана анын балдарына, бир туугандарына тийиштүү малдарын, малдуу чарбаларды кыскартабыз деген чечим менен малын алып, ошол убакта уюшулган Нарындын Дөбөлү колхозуна 54 жылкы, 700 кой, 30 топоз, Ат-Башынын Ак-Жарына 5 төө, 30 жылкы, 500 кой жана 30 топоз өткөзүп берилген, чоңдор айтса эле документтебей берип коюптурмун, деп эскерчүү башкарма Осмон. Каарду мезгил алардын мал-мүлкүн алып ыраазы болуп, тынчып калган эмес. Март айынын баш ченинде мал төлдөп калган кезде ГПУдан киши келип жериңерден айдаласыңар, бир нече күндүк тамак-аш, кийимиңерди алгыла деп Кур-Теректинкашатына, кара жолго алып барышты деп эскерет Бакай байке. Бир аз убакыт өткөндөн кийин, экиден ат кошулган беш-алты араба келип калды, аларды коштогон атчан солдаттар бар. Арабанын биреөндө чоң атам отурган экен. Арабакечтерден тышкары дагы ончакты адам отурган, алар да айдоого бараткандар, арасында Ат-Башылыктар да бар экен. Чоң атам отурган арабага чоң энем Жийдеканды отургуздук. Чоң атам менен эрмектеп сүйлөшүп отуралы деп эки атбашылык киши отурушту, көрсө кийин бири айтылуу Ак-Муздук Жакыпбектин уулу Боогачы ырчы экен. Артыкча Боогачынын мукамдуу «Үкөйү» эл арасында таралып, анын кадыр-баркын көтөрүп, даңкы чыгып турган. Ошол учурда жашы 60 ашыпкалган, көгала сакал киши экен. Экинчиси Норузбайдын уулу Мамбетемин бий экен, айтылуу казалчы Казыбектин атасы. Өз атам Садыр, энем Алыйман, акем Өмүрадыл (Адыл), дагы Атбашылык Калы, Атыгай, Жумабай деген кишилер болушуп өзүнчө бир арабага отурушту. Атамдын иниси Алсейит, аялы Сыя, баласы Абдырахман, дагы биреөлөр менен отуруп калышты. Мен чоң атамдын жанына отурдум. Улуулар жер-сууну, өткөн-кеткенди сүйлөшүшүп, арабалар кылдырап жөнөп отуруп кечкурун Долондун этегине жетип түнөп калдык. Эртеси кайра жүрүп отурдук, ар кай жерге токтоп тамак-аш ичебиз. Орустар аттарга жем, чөп жегизет. Чоң атам Боогачыдан эл журтту сурап, элдин ичи кандай, кулакка көп тарттыбы,

кимдерди дегенде Ат-Башы жактан ушул биз менен бараткандар Дордойдун уулу Жумабай, инилери Өскөнбай, Салымбек, тиги Мамбетимин, анын уулу, жаш жигит Казыбек казалчы, дагы экөө чериктерден. Мен «болуш болгондугум» үчүн айыпталдым, андай деле ашкан бай эмесмин деди. Көрсө 1916 жылы эл аралап ырдап коюп жүрүп, кадыры көтөрүлө баштап көпчүлүк эл «калыс адам» деп Боогачыны болуштукка шайлап алган экен. Ал жаш кезинде ара-тородо молдодон окуй коюп, арапча арип таанып салам кат жазганга үйрөнүп, китепти шар окууга жараган экен. Келиндер Боогачыны «Болуш аке» дешип кадырлашып сыйлап, тергей баштаган. Көп убакыт өтпөй, каз чыккан мурдагы бий-манаптар «убактылуу өкмөттүн» өкүлдөрүнө арыз жазып, пара берип Боогачыны болуштук кызматынан бошотушкан дешет.

Бирок Боогачы мансапта болбосо да элдин кадырлуу адамы болууга жетишкен. Долондун белинде Боогачы ырдады дешчү:

«Ат-Башы, Нарын жер калды
Ага-тууган эл калды.
Тор атым калды союлбай
Нарынга сөөгүм коюлбай» деп кайран киши эл жерин кайра көрөбүзбү, туз насип буйруп кайра келебизби деп кайгырып ак жерден жабыр тартып, алыска айдалганынын арманын ырдап барган деди. Илгери Апам Изат (1911 жылы туулган) Боогачынын «Үкөйү» жөнүндө сөз болуп калып кеп салды эле: Үкөй 1940 жылдары Нарындын шаркыртамасынын оозунда жашайт, Чойбек дегендин жубайы деп угуп, атайын таанышын таап, Үкөйдү көргөнү үйүнө бардык. Бизге анча деле таасир эткен жок, жашында кара-торунун сулуусу болуш керек» деген. Мен ойлоп койдум: «Лейланын сулуулугун көрүш үчүн Маджнундун көзү керек го» деп. Боогачы Үкөйгө үйлөнгөн эмес, анын башка төрт аялы болгон. Боогачы Орунпоорго айдалганда минтип ырдаптыр деди (Апамдын айтуусунан жазып алгам):

Кер атым калды союлбай
Төрт катын калды союлдай
Айдалып кетип баратам
Нарынга сөөгүм коюлбай.

Эки катын зар калды
Азар түмөн мал калды
Абдырахман, Боогачы
Айылдын болду коо казы.

Чыңыртып бээни байлаган
Боогоштудай жер калды
Ардактап жакшы сүйлөшкөн
Ардактуу теңтуш эл калды.

Боогачы көпкө бала көрбөй, перзенттүү болсом деген тилек менен төрт аял алган экен. Анын Калдык деген жубайынан Ийгилик деген уулду болгон, ал Орунпоорго айдалганда үч жашка чыккан. Өткөн кылымдын элүүнчү жылдары Нарында Айнек деген жесир аял Акбар, Тентимиш деген уулдары менен бизге кошуна турчу, Айнек Боогачынын кызы же келиниби деп уктум эле.

Канча күн жол жүргөнүбүздү билбейм, «Жол азабы көр азабы» дегендей жазгы суукта үшүп, талаага түнөп жүрүп кыйналып отуруп Пишпекке жеттик, ал жерде да далай күн болдук деп эскерет Бакас байке. Андан кийин бизди от арабага (паровозго) топ-топ кылып салып андан ары алып жөнөдү. Канча күн жол жүргөнүбүздү билбей калдым. Уктап калыпбыз, бир шаарга бардык, от араба кыйкырып, чарчап калганбы быш-күш этип барып токтоп калды. Көрсө бизди алып бараткан жерге жетиптирбиз, бизди от арабадан түшүрдү. Көз көрүп, кулак укпаган Орунпоор (Оренбург) шаарынын жанындагы бир станцияга түшүрүп салыптыр, үй-жай таап жашай бергиле, убакыт-убакыты менен жергиликтүү ГПУ-НКВДга келип «отмечаться» этесиңер деп. Ошентип, ушундай шыбага

кайра айланып, экинчи ирет Чыңгыш ажынын насибине туш келди. Жергиликтүү элден сураштырып, ал күнү жай таппай, ал жерде Кыргызстандын булуң-бурчунан барышкан кыргыздар бар жөнүндө кабар алдык. Ошентип жатып кеч да кирип күн уясына батты. Биз ал күнү көчөдө эле түнөп калдык. Эртеси чогуу баргандар өз ара сүйлөшүп, шарттарына карашып, ар бири бет алышып жашай турганга ылайыктуу жай издеп жөнөштү. Молдокем атамдарга: «Ушул жерде эле болуңуздар, эч жакка кетип калбагыла, биз үй-жай издеп келели» деп иниси Алсейитти ээрчитип кетти. Кечке жуук жакшы жерден жай чыкты,Темирязов деген көчөдө, короо-жайы бар, там-тарагы да бизге жетиштүү, ээси мусулман, улуту ногой, аты Улугбула деген адам дешти. Биз менен баргандар да өз алдынча жайгашышты. Биз ал жерде бош эркибизче жүрдүк каалаган жерге барып, бирок ал аймактан кетүүгө мунапыс болмоюнча уруксат жок болчу.

Улугбула Садыр молдокемди мечитке алып барып, мусулман элине аралаштырды, шарият жолун жакшы билгендиктен бат эле эл арасында молдо атка конду. Ушул айдалып келген көп кулактардын эң улуусу, карабайыр адамы да чоң атам Чыңгыш ажы эле. Убакыт өтүп, бизден мурун кулакка тартылып барган кишилер, жергиликтүү казактар да Чыңгыш ажынын кабарын угуп, башында учурашып, өрлүктөп, мал, акча алып келгендери да болушту, кийин да ал-жай сурашып келип турушту. Алардын ичинде Көлдөн Кулбарак деген бий болуп жүргөн, бою узун киши, Кочкордон Канат ажынын баласы Карыпбай, Кыдык уруусунан, окумал молдо Тоңдук Токсобай уулу Көлбай, Шабдан баатырдын балдары Самүдүн, Мөкүш, Кемел жана Кыргызстандын булуң-бурчтарынан келишкен башка адамдар да бар эле. Күндөрдүн биринде Боогачы, Казыбек жолдоштору менен келип калышып, көп убак сүйлөшүп отурушту. Боогачы жамактап сүйлөп отуруп, эл-жерди аман-эсен көрөбүзбү деп ырдап калды(Чыңгыш кызы Курманжан эженин айтуусунда, 1912 жылы туулган.



**Оренбург ш. 1930ж. Экинчи катарда: солдон биринчи-и Шабдан баатырдын уулу Мөкүш, үчүнчүсү Булан уулу Iынгыш ажы, төртүнчүсү Шабдандын уулу Самүдүн, чүнчү катарда солдон экинчиси Шабдандын уулу Кемел.**

Менин бир атым Боогачы
Айлымдан чыкты коо-касы
Байпалак минди айгырды
Бак уулу тууган кайгырды.

Ала-Тоо көзгө көрүнүп
Ажайып көөнүм бөлүнүп
Буркурап ыйлап кыз калды
Буурчактай жашы төгүлүп.

Ала-Тоо калды алыста
Менин амалым барбы барышка

Келди бир мында айдалып
Кемпири менен абышка.

Кемпири менен абышка деп 81 жашка келген Чыңгыш атам менен Жийдекан энем жөнүндө айткан экен.

«Карыган адамды айдаганы жарайбы
Акыйкат кылсаң өкүмөт
Айыпкерди кармаса, аргабыз барбы адамдын
Алда канча сарласа» деп Боогачы жамактап сүйлөптүр.

Чоң атам: «Ээ Боогачым, эр жигит кайраттуу болуш керек эмеспи. Сиз өтө эле Асан кайгы окшойсуз.

Сабырдын түбү сары алтын деген, эр жигиттин башына эмнелер келип, эмнелер кетбейт. Баарына чыдамкай болуп көтөрө жүрүш керек. Минте берсең өзүңө зыян кылып аласың. Алланын мунусуна да тобо кылып, узун өмүр тилей жүргөнүбүз жакшы болот» - деди. Бирок кусадар болгон Боогачыга жашы алтымыштан ашса, төрт аялы алыста болсо, оор эле болгондой. Ырчынын үчүнчү аялы Бүбү тирикараак, күйүмдүү, тың жакшы жар чыккан экен. Ал алыска кеткен Боогачынын артынан жакшы белги катары боюндагысын сүйүктүү жарынын жанына барып төрөйүн деп, ашуу-бел ашып, суу кечип, конуп-түнөп эчен күндөр жол азабын тартып Фрунзеге атчан келген экен. Атын сатып, каражат кылып паровоз менен Орунбоорго барган экен. Бүбү толмоч келген ак-саргыл келин эле дешет. Ал аман-эсен көз жарып эркек төрөйт. Жазуучу, тарых илимдеринин кандидаты Өмүркулов Асылбек мага айтты эле: Бүбү чоң кайненем кеп салды эле, кайнатандын атын чогуу айдакта болгон кадырман, тынымсейит уруусуна башчы, болуш болгон, баары сыйлаган аксакалыбыз Чыңгыш ажыга барып бата берип, ат коюп бериңиз деп суранганда: «Бул жер ак жолтой болду, аты Орунбоор болсун» деп атын койгон» деген. Өмүркулов Асылбек Орунбоордун кызына үйлөнгөн, өзү Чүйдүн Сокулук районунан, «Аксак бөрүнүн арманы», «Мо-

голистандын жапайы арстандары» жана «Теңир тоо.луктар» деген тарыхый романдардын автору, Кыргыз Мамлекеттик университетинин доценти болуп турганда, профсоюз уюмуна төрагалыкка шайланып иштеп калат.Мен да Политехника институтунун профкомунун төрагасы элем, ошондо таанышпык эле, ал кийин көп жылдар «Элге билим берүү, жогорку окуу жайлар жана илимий кызматкерлер профсоюзунун» Республикалык комитетинин секретары болуп иштеди. Анын айтуусунда «Теңир тоолуктар» романына материал топтоп, чоң кайнатам Боогачы, чоң атаң Чыңгыш ажы жана дагы башкалардын ошол учурдагы Орунбоордо жашоосун сураштырайын, жерин көрөйүн деп Союз учурунда Оренбургка баргам. Областык архивден эчтеке таппадым.

Сураштырып, жергиликтүү көптү көргөн деген бир казак аксакал менен тааныштым, ал жалпысынан сүргүндө болгон кыргыздар менен таанышта болгонун, ал учурдагы турмуш-жайды, болгон окуяларды сүрөттөп айтып берди, бирок конкреттүү адамдардын аты-жөнү эсинде жок экен. Эгемендик алганда КГБнын архивинен ал кишилерди Оренбургка айдоо үчүн негизделген документтердин көчүрмөсүн алдым. Айылдарда жыйналыш өткөрүлүп, айдоо жөнүндө чечим чыгарышыптыр. Чыңгыш ажыны жана анын үй-бүлөөсүн айдоо жөнүндөгү протокол да бар, бирок бере албайм. Андаага каршы, тынымсейитке болуш болгон, бай-манаптар деп жамандап сүйлөгөндөрдүн аты-жөнү бар. Казыр бала-чакалар ортосунда чатак болбосу үчүн мен түздөн-түз жарыялап жана башкага тааныштырбайм деп подписка бергем деп, анча-мынчасын айтып берген. «Бүбү чоң кайненемдин айтуусунда Чыңгыш ажы көптү көргөн, турмуштун алдын-ала билген, кыраакы адам экен, айдоодон мурун эле мал сатып, көбүбүзгө салыштырмалуу акчалуу барышыптыр, бизге караганда көп кыйналышкан жок» деп Асылбек кеп салды эле. Мунун да жөнү болуш керек, менин оюмча Ажы чоң атамдын Акбагыш уулу ошол учурда советтик кызматта иштеген сабаттуу адам, саясаттын

багыты кайда бараларын байкагандыр, атасына, бир тууган-дарына кеңеш бергендир. Чыңгыш атам да, карыялардын ай-туусунда, айрым кубулуштар менен окуялардын болоорун ал-дын-ала айта билген, көзү ачыктык жайы бар касиеттүү адам болгон дешчү, ошондон өзү да акылы менен сезгендир. Бакас байкем ошол учурдагы жашоо турмушун мындайча эскерип баяндайт: «Чоң атамдын эки келини тең эпчил, акыл-эстүү кишилер эле. Молдокем өзүнүн келини Сыяны Сыяке деп кайрылчу, ургаачынын атына «аке» деп кошуп, артыкча кай-нагасы келинине ушундай кайрылыш, бул ургаачыны чоң ур-маттоо, анын акыл-эсинин, адамкерчилигинин көрсөткүчү да. Сыя Атабек баатырдын небереси Микенин кызы эле. Ал эми Алымбүбү (Алыйман) уранкай Алымбайдын кызы эле, ал Ша-мендин экинчи аялы болгон. Шамен ажы да кайтыш болгондо, акылдуу, чырайлуу жаш келинди кетирбейбиз деп, Чыңгыш ажы Садыр уулуна баш байлап койгон. Садырдын биринчи аялы төрөгөн эмес. Энебиз Алыймандан Адыл, Бакас төрөл-гөнбүз Энебиздин агасы таякебиз Өмүкөнүн кызын Актан Ты-ныбеков алган. Актандын кызына мен (Бакас) үйлөнгөм, би-рок нике буйурган эмес экен ажырашып кеттик, өңдүү, түстүү эле. Бүгүн Актандын бир уулу эл артисти, акын Табылды. Күндөрдүн биринде апам Алыйман үй-бүлөөгө кеңеш салып калды. Ата-энебиз карыган адамдар болсо, үңкүйүп үйдөн чы-кпай отурушса, чүнчүп кетет го, көңүлдөрү чөгүп капа болуп жүргөндөй, андан көрө алар эл аралап, шаар көрүп, чакыр-ган жерге тың барып турса жакшы иш болгудай. Сиздер тура тапсаңар, мобу кошуна орус ат арабасын аты менен сатам деп жатыптыр, сатып албайлыбы, муну кандай дейсиңер деп кал-ды. Баары макул болуп, Молдокем оруска сүйлөшүп, ат араба-ны баарлык шаймандары менен сатып алдык. Базар күнү чоң атам, чоң энемдерди арабага салып сейилдеп, базардан та-мак-аш, жер жемиштерден, кээде чөп-чар сатып алып жүрдүк. Ал жерден кыргыз жердештер менен да жоолугушат. Дегеле, ат араба көп ишке, тиричилике жардам болду. Кээде чоң атам

бизди (неберелерин) ээрчитип мелмилдеп, жай аккан чоң суунун жээгине алып барат, чоң атам, агамдар сууга түшүп жуунат. Мен коркуп түшчү эмесмин. Эсимде, бир күнү чоң атам токойго ээрчитип барды. Токойдон түлкү качып калды. Чоң атам мүнүшкөр, тайган менен бүркүт кармаган адам эле. Ал жерден да кулакмын дебей тайган багып алган. Тайган түлкүнү кууп жөнөдү, бир аз узагандан кийин тайган каңкылдап калды. Түлкү качып бара жатып кайрылып туруп, тайгандын кар жилигин сындыра тиштеп салыптыр. Чоң атам чүпүрөк менен тайгандын бутун таңуулап айыктыра албай көп убараланып жүрдү. Молдокеме кечкисин жердештер келишип намаз окушуп, сүйлөшүшүп отуруп, келип кетип жүрүштү. Менин байкашымча жаш болсо да ырчы Казыбек динге жакын адамдай көрүндү, ал Ат-Башынын Кара-Суу деген айылынан экен, аны Сүйүндүк, Турсун, Кулчун дегендерге кошулуп, басмачылык кылды, Ислам динин да бек кармап даңазалайт деген жалоо коюлуп айдалган эле. Казыбектин ошол учурду:

«Манаптар деп айдалып
Адашып элден ким келген
Баштан айтып бир бирден
Баян кылып билдирем» деп аларды мүнөздөп, жер сууну сүрөттөп ырдаганы эл ичине жайылган:

Кетмен Төбө жеринен
Келди жалгыз элинен
Таалайы бар эр экен
Тайбай жүрөт эбинен
Бала болуш Байгазы.
Каракол экен дубаны
Карып калган убагы
Карыя болуш Кулбарак
Касиеттүү бул дагы
Сай күлүктүн бири экен
Кадимки чоң Балтабай
Кандын уулу Жумадил

Армандуу күнгө туш болгон
Асыл заттын баласы
Адамзаттын даанасы
Кангелдини Жусуп деп
Карылар айтат түзүк деп
Кайгырып бул да кенебейт
Кандайча болсо мейли дейт
Тобокелчи неме экен деп.
«Абалкыдай жүрүүгө, Ат-Башы, Нарын кала жок,

Калкынан азган пенденин кадырын билер киши жок» деп чогуу айдалып келгендерди эскерет.

Оодарылып Нарындан
Он эки манап бир келди
Малы көп деп айдалып
Терген таштай иргелди
Ардактап айтам бир баштан
Ажы ЧЫҢГЫШ карыдан
Алла таала бир өзүн
Азат кылган жалындан
ЧЫҢГЫШ ажы кары экен
Калкына баркы бар экен
Заманында бул дагы
Ат көтөргүс зал экен
Отуруп турган салмагы
Бир манапча бар экен
Ашепке сөздү сүйлөбөйт
Кылган иши шар экен, деп табийкаттан көзү көрөнөк, байкамчыл, кунарлуу булбул Казыбек Чыңгыш чоң атабызга ушундай баа берген экен.

Келгенибизге жарым жылдай болуп калган кезде Боогачы келип чоң атама Салымбек уулуңуз кайтыш болуп калды, эмне кылабыз деп калды. Чогуу-чаран кеңешишти. Чоң атам: «жайын Садыр молдо өзүң бүтүрт, калкыбыздан ажыраган-дан кийин баарыбыз эле мусаапыр болуп калдык, мүңкүрөп

карап отурбагыла. Ач өлүктүн да ырыскысы болот, Боогачы мобул акчаны бизден ража, бир кой сатып алгыла, көп кечиктирбей көр жайын бат бүтүргүлө, эртең жумадан калтырбагандай болгула деп чоң атам буйрук берди. Ошентип чогуу барган кишилердин дагы биринен айрылдык. Бүгүнкү күнү ал маркумдун атасынын атынан коюлган «Дордой» базары иштеп жатат Бишкекте. Оренбург шаарына куугунтукталып барган адамдар мал-мүлктөн ажырап, жумушсуздуктун айынан өтө оор, айласыз абалда калышкан. Экономикалык көйгөйлүү жагдайларга кабылышкандыгын баяндап, акыйкаттыкты издеп, белгилүү казалчы Казыбек Мамбетимин уулу жана аны менен чогуу сүргүнгө айдалган Байгазиев Черик, Дордоев Өскөнбай, Чыңгышев Садыр жана Алсейиттер, Кенебаев Субанбек, Чекиров Амиргазы, Маткасымов Каргалбай, Кангелдинов Исалар КырБАК менен Эл комссарлар кеңешине административдик жаза чараларын өзгөртүп, өз мекенине кайтарууну суранышып арыз менен кайрылышкан. Арыздын этегине Оренбург шаары, Кызыл-Армия көчөсү №100, 1929ж. 29-июлң деп жазылып, арыз жазуучулар араб тамгасы менен өз колдорун коюп чыгышкан. Жооп алышкан эмес. Кулакка тартуу саясаты жүзөгө 1932 жылы ашырылып, айыл чарбасын толугу менен коллективдештирилет, Советтер өлкөсүнүн көп региондорунда, анын ичинде Казахстанда ачарчылык башталат. Бул жылдын жазынан тартып Казахстандан, Сибирден жүз миңдеген адамдар Кыргызстанга качкын болуп келе баштайт, көбү ачарчылыктан өлө баштайт. Ушундай көрүнүш көп жетекчилерди чочутат. Кыргызстандын ресурстары да жетишсиз болот, республикада дан жыйноо планы аткарылбайт, налог салу өтө чоң болгону элди кыйнайт, 1931 жылдан 1932 жыл ичинде эле малдын саны 1,5 миллион башка азайган. Ошол учурда Киробкомунун биринчи катчысы (1933 ж) А.О. Шахрай июнң пленумунда өткөн дан жыйноонун жүрүшүндө жүздөн ашык киши атылды деп жарыялаexcel, Президиумдун бир мүчөсү: «Аз» деп үн кошот. Мына ушундай катал заманда

1931 жылы кеч күздө Чыңгыш ажыга, дагы кээ бирөлөрүнө, алардын үй-бүлөөлөрүнө өз жерине кайтууга уруксаат берилет. Боогачы үй-бүлөөсү менен кошо чыгат, ага мындан мурун өпкөсүнө суук тийип, жаңыдан дарыланып шайманы начар эле, бирок жерим, элиме деген умтулуусу күч болгондуктан, поездге отуруп алар да жөнөшкөн. Олуя-Атада жакын бир таанышы жоолугуп, абалын көрүп, поездден алып калып, Көк-Сай деген жерге алып кетет. Бир ай өтүп, тыңыгансоң гана Бишкеке жеткирип коюшат. Казыбек 1930 жылы майда аялы Зуурабүбү, кызы менен бошонуп келет, атасы Мамбетимин, Шабдандын балдары Орунпоордо калып, кийинки 1932 жылы гана бошотулат. Чыңгыш ажы: «Кыз-Мазарымды, Оробашымды барып көрө албайм го, мечиттин алдынан Бети-Каранын талаасын күн жаңы көтөрүлгөндө бир карасам ээ»,деп кудайдан суранчы элем, тагдырдын мунусуна да миң мертебе шүгүр, менден жаштардын далайларынын сөөгү бөтөн жерлерде калды, буюрса элимди, жеримди көрөт экенмин» деп Пишпекке жетсе, дагы бир суук кабарга туш болот. Сүргүндөн качты делип Фрунзеге айдалып келип, түрмөдө отурган уулу Максүт, иниси Шамендин уулу Надырбек,тууганы Аргын уулу Шааке ал жердеги оор шарттан ооруп, кайтыш болушканын угушат. Аларды, уулу Акбагыш, Шаакенин баласы Букара молдо болушуп, Ала-Арча көрүстөнүнүн (Муса Баетовдун мүрзөсүнүн, анын айкөлү бар) түндүк-чыгыш жагына коюшканын угуп, ал жерге барып куран окуйт.

Кийинки жылы таятам Кудайберген уулу Микенин да тагдыры Максүт, Надырбек аталардыкындай болуп, анын жайы туугандарынын жанынан орун алган . Кийин мен студент болгон кезде Фрунзеге атам же апам келгенде Ала-Арча көрүстөнүнө барып, аларга куран окуп кетчү элек.

Нарынга унаа чыкпай, эптеп жүрүп чыккан унааларга сүйлөшүп, жармашып жөө-жалаңдап жерибизге, элибизге жөнөдүк дешчү. Сүргүндөн келе жатып Кочкордон өтүп, жол боюнда Сары-Булакта турушкан чоң атамдын кызы Кишмиш эжеге, күйөө

баласы Мамбет молдо жездеге учурашканы токтошот. Ал жылы жалгыз уулу Айып кайтыш болуптур, көңүл айтып куран окуп, ал-жайды, коомчулукта болуп жаткан акыбалды сураштырып өргүшөт. Алар кышта кыйналасыңар, малыңар жок, катаал убак деп эже-жезде кетиришпей кыштап калышат. Айта кетерлик, Кишмиш эже кийин күйөөсү Мамбет согушта кайтыш болуп, Миң-Булактык Жакешке чыгат. Белгилүү коомдук ишмер Ашыралиев Кемел Жакешович, өз энесинен бала кезде калып, Кишмиш эненин мээримин көп көрүп чоңойдум деп айтып калат. Жалгыз баласынан айрылган эжебиз энелик мээримин Кемелге чачкан көрүнөт. Чоң атам 1932 жылы жазда бала-чакасы менен өз элине, Кыз-Мазар оозундагы Кырка тамына келип жайгашышат. Атам, агаларым эскерчү: «Айылдан бизге эч ким келбейт. Кайыр тууган эмес, жакын өз туугандарыбыз да түнүндө учурашып, күндүзү жолошпойт. Алардын биздей кулактардан алыс болгону коопсуз эле, анткени болоор-болбос боор тартып, жылуу сүйлөгөндөр кулактын куйругу аталып, бакан ооздордун чагымы менен КПУга камалып жатышпадыбы. Олда Теңирдин жазуусу ай, деп калчу Чыңгыш ажым, бир кезде мага келишип бир ооз жылуу сөзүмө, жылмая карашыма зар болгондор, жакшылыгымды көргөндөр, менден чечек чыккандан качкандай алысташат. Ар нерсе өз дооруна ылайык. Заман өзгөрсө, сүйлөгөн сөз, өз ара мамиле да учуруна жараша кубулат тура. Белгилүү тарыхый 1917 жылкы окуядан кийин, ошол жогоруда айтылып кеткен теңсиздиктин, ач көздүктүн айынан, калыстыктын жоктугунан «ит атасын тааныбайт» болгон. Тексиздер эл башына келип, тектүүлөр жер карап калды. Ошол учурда айылда «кедей токмок» деген атка минерлер чыккан. Ошолордун бири Мүсүралы уулу Карагул экен. Биз келгенден тартып 2-3 күндө бир келип опустап кетчү болду. Карагул жөнүндө чоң атам кеп салып калат: «Мүсүралы өлгөндө балдары жаш калды. Колдорунда жок кедей эле. Балдар өсүп жетилеер, турмуштары да оңолоор деп, жаныма көчүрүп ала жүрөйүн деп жайы, кышы менен жаныман чыгарбай багып жүрүп чоңойттум эле.

Агасы Дүйшекеге байгазак Сары Жакыптын Сакедей деген карындашын алып берип, эл катарына коштум эле. Анда Карагул, иниси Керим кичинекей балдар эле» деп айтаар эле. Карагул Касен агаларыбыздын аялы Асылкан жеңебизди кулактын катыны деп үй-жай, мал-мүлкү менен алып алган, бул наадан 84 жаштагы ажы атам төшөктө жатса, алдындагы жуурканды, шейшепти жулуп алып, кулактын кири жугуп калды деп сөгүп ыргытып жиберип, кийген кийимдеринен да тартып алып кеткен. Оруста макал бар: «Не делай добра, не получишң зла» деген,

Заманың түшкүр, ошол «кулакка» тартуу иш чаранын саясатынан жогоруда көрсөтүлгөндөй канча бир адамдар кордукка, зордук-зомбулукка туш болгон. Мурун көрсөтүлгөн конфискация актысында мал-мүлктүн баасын эсептесең 9869 рубль экен, ошол Орунбоорго айдалган үй-бүлөөнүн санына бөлсө 1096,5 рубль болот, бул орто чарба дегенге эле туура келет. Бул иштер Совет доорунда жабылып, сыртка чыгарылбай «классовый күрөш» делген, ал эми кордукка туш келген ата-бабалар даттана албай, тышка чыгаруудан кысынып, арманын ичине катып өтүп кетишкен.

Бул ата-бабаларыбызга карата колдонулган зордук-зомбулуктун бир нече түрү колдонулганын айта кетсек болот. Маселен, зөөкүрлүк зомбулугу атка минер ур токмоктордун зөөкүрлүк иштери; психологиялык басмырлоо кулактын өзүнүн жана үй-бүлөсүнүн жан дүйнөсүн жабыркатуу, кагып-силкүү, айдатабыз деп коркутуп-үркүтүп чүнчүтүү, кызматка жана окууга чек койуу, басмырлаган сөздөрдү айтуу. Талаптагыдай жашоодон кем кылып, үстүндөгү түндүгүнөн, тамак-аштан, дары-дармек, жуунту жана башкалардан ажыратуу кордугу; Экономикалык зомбулук алардын макулдугусуз эле менчигин тартып алуу, кызматка же ишке албоо. Жыныстык зомбулук буга мисал, мурун айткан «Кедей токмок» Карагул кулакка тартылган Касендин аялы Асылканды коркутуп алгандыгы.

Ошол баштарынан өткөн оор акыйкатсыз мезгилди эскергенде же материалдык муктаждыкты канааттандыруу же бай-

лык жөнүндө сөз болгон учурда ыраматылык ата-энемдер айтышчу: «Болгонго канаат кылуу, жетишкенге шүгүрчүлүк келтирүү керек. Напсини тыйып, нысап кылуу керек. Өзүнүн напсисин тыйганга кудурети жеткен адам **чыныгы** адам» дешчү. Балким, бул кыргыздын илгертен калыптанган улуттук кулк-мүнөзүбүз, өзгөчөлүгүбүздүр. Бул мүнөздүн жаман жагы да бар десек болчудай. Кыргыздар өз учурунда жетишкенине канааттанып, «болдучу» деп, баарына шүгүр кыла берип, кайсы бир деңгээлде өзүн чектеп коюп, адамзаттын көп жетишкендиктеринен артта калгандыр. Бирок, адам өзүн өзү чектеп, напсисин тыя алса, бул анын бийик адамдык сапатка умтулганы эмеспи. Напсинин эки түрү бар: бири кекиртектин напсиси, дүйнө-мүлккө болгон мамиле.

Атамдын айтуусунда «Чыңгыш атамдын малы-мүлкүн баарын эки жолу конфискациялаган, биринчи жолу Падыша өкмөтү, экинчи жолу Совет өкмөтү.

Ал болуш болгондо да жака-белиндеги адамдарды алдап, басмырлап, тоноп, тартып алган эмес. Мал-мүлктү, бүт өзүнүн туура иш-чарасы, акылдуу адамдын билгилиги, эмгеги менен өстүрүп, көбөйткөн.

Кийин сүргүндөн жөө-жалаңдап келгенде, бир жаман кийиз, бир талпак, эки-үч эски жууркан менен жашадык, байлык да бийлик да баштан өткөн, аларды «колдун кири» деп коет, бирок напси бузулган эмес, эң негизи аманчылыкты, адамчылыкты кудайдан тилейли. Жакшы билим алсаң, ак эмгек кылсаң баарына жетесиң, «калем алган кол кайыр сурабайт» деп айтчу.

Напсинин экинчи түрү бул жыныстык напсини тыйуу. Азыркы заманда бул жаат көрүнүш күчөп жаткандай. Биринчи алган аялын жаш, бала-чакасы менен таштап, экинчи, үчүнчү жаш аялга үйлөнгөндөр көбөйүп жатат. Бул көрүнүш, артыкча анча-мынча байыгандар арасында, четке жумушка кетип, ал жактан үйлөнүп же башка күйөөгө чыккандар болуп жатат. Жаштарга үй-бүлөөнүн бекемдүүлүгү, бала-чаканы толук үй-

бүлөөдө өсүшүнө ата-эне милдеттүү экендигин айта жүрүш керек, жөнүнөн кыргыз айтпайт го: «Напсини тыя билген, эр кишинин белгиси» деп. 1934 жылдын февралында Ноокаттан Акбагыш уулу кара учук менен катуу ооруп келип, , каза тарттат. Кырка тамдын үстүндөгү көрүстөнгө коюлат. Ооруп турган чоң атама бул жамандык армандуу күүгө, муңдуу үнгө айланып, азалуу түнгө айланып: «Акбагыш мени ала кет, сага мен топурак салат белем» деп боздоп турду дешет. Ошондон кийин эле эки ай өтпөй, 15 апрелң 1934 жылы көз жумат. Уулу Акбагыштын, иниси Шамендин жанына коюлду. Шамендин Түкүсүнүн уулу Төрөгөлдү байке: «Ажымдын мүрзөсүн касканга, кулактын мүрзөсүн касышты дегенден чочулап, айылдын чоң кишилеринен чыкпай коюшуп, 14төн 15 жашка карап калган кезим эле, мен чоң кемпир эне экөөбүз казганбыз» деп эскерчү. Ошондогу атасына кошкон Курманжан эженин кошогу:

Күн батып күкүк басынды
Күйүттүү бейбак ачынды
Күмүрөң көрдүн астына
Кадырлуу атам жашынды.

Бети-кара жер экен
Байлыгы бир өзүнчө кен экен
Ошол эл-жерди бириктирген
Чыңгыш бир атам эр экен.

Кырка там деген чоң атамдын кыштоосу, азыркы «Эмгекчил» айылынын өйдө жагынды, Кыз-Мазар коктусунан чыга бергенде батыш тарабындагы күңгөй тоо этегинде жайгашкан. Атамдын кол жазмасында берилген маалыматка ылайык, 1950-жылы сентябрда атам отпускадагы учуру экен, «Абдыралы экөөбүз Мазарга барып күрөккө, балтага сапка четин кестим, карагат жедик, Абдыралы зоонун түбүнө уктап

калды» - деп жазыптыр. Менин ошондо эсимде калганы: «Биз чоң атаң болуп ушул жерде жашаганбыз» - деп кырка тамга барганбыз. Ал учурда үйлөрдүн дубалдарынын урандысы бар болчу, дагы эсимде калганы ат боюнан бийигиреек, анткени мен атка учкашып тургам, цилиндр түрүндө салынган, тегереги жакшы шыбалган, курулуш сакталып калган экен. Бул эмне десем? Бул жерде чоң атаң курган мечит-медресе бар болчу, буга молдо чыгып азан чакырчу деген. Ылдыйкы ойдуңунда кыйылган бактын кууураган дүмүрлөрү бар эле, болгону жалгыз бир терек бак турган. Бул жер ажымдын бакчасы болчу, кулака тартканда кулактарды түп-тамыры менен жоготобуз деп кыйып салыптыр» дегени бала болсом да эсте калыптыр. Азыр конфискация болгондо түзүлгөн актыны карасаң, 80 түп бак экен. Бүгүн да айылда мынча бактуу бакча жок. Караңгылыктын, нааданчылыктын, ошол учурдагы болбогон саясаттын кесепети. Ошол жерге Адамалы инимдин демилгеси менен 2007-жылы чатыр тигип, тай союп, туугандар менен учурашып, чоң атама куран окуттук. «Арбак ыраазы болмоюн, тирүүнүн иши оңолбойт» деген ата-бабаларыбыз. Аталарыбызды таанымбай, алардын жасаган ишин, калтырган мурастарын билбей баратабыз. Адам болобу, кайсы бир эл болобу даракка окшош. Дарактын тамыры ата-бабалар болсо, дарактын өзү адам же кайсы бир эл, ал эми тамырсыз дарак болобу? Тамырды азыктандырып сактабаса, дарак чирип кулайт. Өз тамырыбызды унутпайлы деген эле сөз.

Ошол жылы биз Нарын районунун кеңешине жана Кызыл Октябрң айыл Кеңешине Арыз менен кайрылдык:

Урматтуу депутаттар!

Биздин сиздерге кайрылуу себебибиз, азыркы «Эмгекчил» айылынын, мурун «Кыз-Мазар» айылы аталып, биринчилерден отурукташып айылдын негиздөөчүсү болгон чоң атабыз Булан уулу Чыңгыш ажынын ысымына айылдын ортоңку көчөсүнүн атын «Чыңгыш ажы» көчөсү деп атап берүүңөрдү суранабыз.

Айылдын биринчи отурукташкан жараны дегенге күбө, бул 1913-жылы бүткүл Россия империясынын эл каттосунун жыйынтыгы боюнча 1916-жылы жарыяланган «Санкт-Петербург ведомости» деген басма гезитиндеги маалымат далилдейт жана ал учурда Чыңгыш ажы «Он-Арча» аймагынын болушу болуп «Бети кара» жерин аларга уезддик бийликтин чечими менен бекилип берилген Кыз-Мазардын оозуна отурукташкан. Элге кадыр-баркы жеткен, эл үчүн кам көргөн болуштардын бири болгондугу жөнүндө эл, аксакалдардын арасында калган сөз, үч жолу болуштукка шайланганы, эки жолу Сибирь менен Орунбоорго айдалганы, каргашалуу 1916-жылы Үркүндө орус бийлигине мамиле таап, эл-журтун аман сактап калганы жана да башка иштери далилдейт. Урпактар тарыхый инсандарын билиш жана унутпас үчүн биздин сурообузду канааттандырууңуздарды суранабыз жана көчөнүн атын, үй номерлеринин табакчаларын даярдап бергенге милдеттенебиз деп неберe-чөбөрөлөрүнүн атынан: Чыңгышев Абдыралы Алсейит уулу КТУнун профессору, техника илимдеринин кандидаты, «АРПА» ачык акционердик коомунун кеңешинин төрагасы;

Чыңгышев Абдылдабек Алсейит уулу «ЧААД» акционердик коомунун башчысы;

Сапалов Элкин Бактыгул уулу КУУнун доценти, экономика илимдеринин кандидаты;

Садыров Алпбек Адыл уулу Кыргыз улуттук энергосистемасынын ага инженери;

Акбагышев Адамалы Абдырахман уулу Ат-Башы ГЭСинин директору.

Эл депутаттарынын Кызыл-Октябрң айылдык Кеңешинин XXIV чакырылышынын XI сессиясынын V чечими менен Эмгекчил айылынын Нарын шаарынан келген чоң көчөсүнө «Чыңгыш ажы» аты берилгенине биз урпактары айылдын элине, депутаттарына ыраазычылык билдиребиз. Бул чечим тамырыбызга болгон аяр мамиле, тамырыбызга, жөнөкөй сөз менен айтканда, аз да болсо суу куюп, азыктандырдык. Өмүр

дарагын кулатып албаш үчүн, өмүр өткүчөктү тамырыбызга кайрылып турушубуз милдет. Себеби дал ошол тамырыбыз аркылуу жашоо-тагдырдын ысык-суугуна чыдап, соолуп калбай, аталардан келе жаткан адеп-ахлакка, каада салтка, сабырдуулукка, пейил-ниетибизге, баштапкы мүнөзүбүзгө, ток-пейилдикке, чыдамдуулукка доо кетирбейбиз. Ажы, чоң болуш аркы дүйнөгө кеткени балдарынын турмушу түзөлдүбү, тагдыры кандай болду?- деген суроо туулат.

## ЧЫҢГЫШ АЖЫНЫН УРПАКАРЫ

Эми Чыңгыш ажы чоң атабыздын урпактары жөнүндө сөз козгоп кетели. Алар жалпысынан коомчулукка пайдасы тийген адамдар болуп чыкты. Чыңгыш ажы үч аялдан төрт уул, төрт кыз көргөн. Байбичеси Меңкеден улу уулу Садыр, андан кийин Максүт, кыздары Кишмиш, Үпөлдү көргөн. Экинчи аялы Жийдекан Байгазак Караштын Лепесинин кызы экен, 12 бала төрөп, балдары токтобой кичинесинен чарчап калчу экен,.эң кичүүсү Алсеит жалгыз аман чоңойгон. Үчүнчү аялы Таштанга 50 жаштан ашып, болуш болуп турган чагында үйлөнгөн экен. Үч-төрт кыз көрсөтсө, өңдүү-түздүүсүнө токтолбой, сылтып баскан Таштан энени тандап алганы менен тууган-туушкандарга сөз болгон дешет. Чыңгыштын Таштандан көргөн уулу Акбагыш, кыздары Сукай, Курманжан. Акбагыш Алсейиттен бир жаш улуу болгон, ал эми улу уулу Садыр, кенжеси Алсейиттен 24 жаш улуу болгон. Садырды жаштайынан арип таанытып мусулманча окуткан, ошондон аны кыз-келиндер, эл деле Молдоке деп тергешчүү экен. Садыр мүнөзү жумшак, салмактуу, динчил адам болуптур. Каргашалуу Үркүндүн алдында болуштукка шайланып, мурда айтып кеткендей, болуш катары ак падыша заманында камакта да болуп, Совет доорунда атасы менен бирге сүргүндө болуп, азапты да көп тарткан көрүнөт. Анын биринчи аялы Шаканбүбү төрөбөптүр. Чыңгыштын иниси Шамен кайтыш болгондо, анын экинчи аялы Алиман (Алымбүбү) 16 эле жашта экен. Алиман акылдуу, тың, сөзмөр

келин болгон дешет. Чыңгыш ажы тың жаш келинди колдон чыгарбас үчүн, уулу Садырга башын байлатып коёт. Алиман Садырдан Өмүрадыл (Адыл) жана Садыбакас (Бакас) эки уул төрөйт. 1931 жылы Орунпордон келип, 1932 жылы болгон мал-мүлкүн алдырып, кулака тартылып, анын кесепетин көтөргөн. Ошол оор учурдагы бала кезин Бакас байке төмөнкүдөй эстейт: «Куу кекиртектин айынан Адыл акем экөөбүз тоого барып ышкын, соорсун, козу кулак терип келип, тегирмен салышкан аялдарга беребиз. Жакшы көргөнү болсо, байкуш кулактар дешип, бир калак талкан же ун беришет. Беш кол тең эмес, кээ бири ышкындарыбызды жеп алышып: «кет өлүгүңдү көрөйүн кулактар, жоголгула» дешип, төбөгө бир койгон күндөр да болгон. Ошол учурда айылда «кедей токмок» деген атка минерлер чыккан. Ошолордун бири Мүсүралы уулу Карагул экен. Биз келгенден тартып 2-3 күндө бир келип опустап кетчү болду. Чоң атам «Карагулдун арты кандай болоор экен» деп калчу эле. Карагул тукумсуз өлдү. Карагулдун запкысына чыдай албай Садыр молдо эки баласы менен Чет-Нурадагы жылчымыш туугандарга көчүп барып, Карагай булактын төмөн жагында бөксөдө бир бош жаман тамда туруп калдык деп эскерет Бакас байке ошондогу турмушун. Кыш жакындап калганда атам Садыр унаа жоктугунан Карагай булактан отун алып келе албайбыз, токойго жакын Малай абанын тамы бош экен, жанында Орозобай бар экен эрмек болот деп, көтөрүнүп, ташынып ошол тамга жайлаштык, төмөнүрөөктө «жылчымыш» туугандардын бир топ үй-бүлөөлөрү бар экен. Жарым жылга опустан эс алып калганбыз. Кыш келгени кайра опус башталды. Ал жерден дагы бир ур токмок, атка минер Арык деген чыкты. Жумасына келип айры менен сайгылап оро издеп, опустап айла кетирди. Эптеп кыштан араң чыктык. Жаз келгенде «кардың ачса кайын изде» дегендей илик-жилик издеп Байгазактагы таякелерге Молдокем барып унаа таап келип Ичке-Суу деген жерге Асанкул деген таякенин тамына жашап калдык. Суу өйүзүндө эки үй-бүлөө кулактар бар экен, аларга коңшу болуп калдык. Орто-Саздык Атабек уулу Акматылда (ал азыркы Замира Акбагы-

шева, Кыргызстан аялдар конгрессинин төрайымы, көрүнүктүү журналисттин чоң атасы), экинчиси моңолдор Байбоз дегендер. Байгазак таякелер мейман дос эл болушат экен, өрүлүктөп келишип, жардам беришти. Элге аралаштык, тынч жашап калдык деп эскерет бүгүн 90 жашка келген Бакас байке. Садырдын иниси Алсейит, 1938-жылы сентябрь айында, Ичке-Сууга барып, агасынын улуу баласы Адылды Нарынга алып келип типографияга жумушчу-наборщик кылып орноштурат. Убакыт өткөн сайын кулакты куугунтуктоо азайып, туугандардын чакыруусу менен 1940 жылы «Үч-Чат» айлына көчүп барып, жаңыдан артель болуп уюшуп жаткан учур экен, ошого мүчө болуп, Садыр айылдын имамы болуп, элге аралашып калышат. Садыр Чыңгыш уулу Үч-Чатта 66 жашында 1944 жылы 6 майда кайтыш болот, мындан мурунку 1943 жылы аялы Алыйман кайтыш болгон. Чыңгыштын улуу уулу Садырдан Өмүрадыл (Адыл) жана Садыбакас (Бакас) эки уул дебедикпи жогоруда. Адыл аке 1922-жылы туулган, 7-классты бүтүрүп 16 жашынан Нарын облусундагы типографиянын жумушчусунан баштап, сабатын жогорулатып, бухгалтер кесибине ээ болуп, Нарында, Дөрбөлжүндө бухгалтер, башкы бухгалтер, өмүрүнүн аягында Эмгекчил колхозунда эсеп бухгалтери болуп иштеп жүрүп, оорудан 1976 жылы кайтты. Адыке табыйкаттан акыл айланткан, тегерегиндеги улуу-кичүүгө бирдей мамиле кылган, ачык, кенен, меймандос, жакпаган нерсени бетке айткан, майдалабай шарт чечкен адам эле. Ушундай мүнөздөн, жаш кезинде бир нече аялды кетирип, баарлык тапканын аялдарынакармата берип, апамдан калган шырдагым деп дагы бир жууркан менен кала берчү да, Алсейит агасынан тил укчу. Бирок аялдары менен ажырашуусунун эң негизги себеби, алардан балалуу болбогондугу болуш керек.

Кийин иниси Бакастын экинчи кызы Рая менен уулу Алпбекти тырмактайынан багып алып, эркелете багып чоңойтуп, аталык мээримин чачты эле, теңирим акыркы жеңем Айнектин этегине бере берди да 3 кыз бир уулду болушту. Ал эми Адыкемдин мейמандос, берекеси төгүлгөн жайыл дасторкон-

дуктан, эл-журтка алымдуу, сыйлуу адам болгондугу жөнүндө бир эле мисал келтиреин. Нарындагы короосуна 60-жылдын башында ордо уюштуруп, ал жерге топтолуп эркектер кечке ордо атышчу, азыр бильярд ойногондой эле. Өзүнүн ойногонун деле көргөн жокмун, бирок үйүнө бозо салдырып, бозо жокто кирип чыгып ордочулар чай ичшү. Илгеери Фрунзеден жүз литрлик жыгач бочка менен пиво алып келчү, ошондой бир бочканы пивосу менен сатып алып, ордочуларга каалаганча ичкиле деп сыйлаганы эсимде. Бул ашып-ташыганынан эмес, Адыкемдин пейилине жараша жазаган иштеринин бир эле көрүнүшү. Ал өз ишин жакшы билген, элдик болуп ажаат ача алган, сыйлай да билген. Адыкемдин кылык- жоруктары айтаарлык адам болгон.

Ал эми Бакас байке болсо, ата-энеси кайтыш болгондон кийин 1945-жылы Нарынга келип сүрөтчү фотографдыкты үйрөнүп, андан кийин Нарын типографиясында сүрөтчү цинкограф болуп иштеп, алтымышынчы жылдардын башында «Эмгекчил» айылына көчүп барып там салып, андан кийин колхоздо чабан болуп пенсияга дейрим комузун шыңгыратып жүрүп иштеди. Өзү иштерман, мээнеткеч адам, колунан устачылык да келет, ага күбө Нарынга бир тамдын, айылга эки тамдын, Кара-Кужурга да эки тамдын жыгач иштерин, чатырчасын өзү бүтүргөндүгү күбө, жетимиш беш жашында өзү шымаланып киришип, балдарына баш болуп, Кара-Кужурга бир чакырымдай аралыкка кичине каналдай бар, чоң арыкты казып, үлүш жерине суу чыгарып, жерди малдан коргоп, «өзүм дегенде өгүздөй күчүм бар» деп таштан короо салып курчаганы эле мээнеткечтигинин көрсөткүчү. Алтымыш жаштан өткөнү ыр жазып, өнөк чыкса шахмат ойноп, тамаша-чындыкты кошуп сүйлөп коюп 90 жашты этектеп жүрөт. Бишкекке да көп каттап, чоң атаны реабилитациялоого, таржымалын аныктоого чара көрүп жүрүп, Орунбоордо Чыңгыш чоң атабыз, Шабдан баатырдын балдары Мөкүш, Самудин, Кемел жана дагы башкалары менен чогуу түшкөн сүрөтүн, 1913-жылкы

бүткүл Россиялык каттоодо Кыз-Мазар айылынын тургундары жөнүндөгү маалыматты таап чыкты. Бул сүрөттө Чыңгыш ата эмес дегендер да болууда, бирок аны 10, 11 жашына дейрим көрүп жүргөн небелери Абдрахман, Бакастан тышкары 15 жашына дейрим көрүп жүргөн иниси Шамендин небереси Төрөгөлдү, инилери Асангазы, Акматбек байкелер жана дагы айыл аксакалдары таанып далилдешкен. Бакас байке эскерет: «Бир күнү Бишкекте келе жатсам кыргыздын байрагын көтөрөбүз» деп радиодон айтып калды, көрөйүн деп «Ала-Тоо» аянттын жанына туруп карап калдым, желек желбиреп көтөрүлдү. Ошондо мага бир ой пайда болду. Мен деле кыргыздын баласы эмесминби, орустан бөлүнүп кыргыз өз алдынча мамлекет болуп жатса, мен деле колуман келишинче кыргызымды даңазалап ыр жазып көрөйүн деп ошол эле жерге отура калып: «Кыргызым» деп ыр жазып кирдим.

Тайган итин жетелеп.
Бүркүтүн таптап бөпөлөп.
Кар жааса көрүп сүйүнүп.
Эрте соңор кубам деп.
Ою түзүн карабай
Чапканы сонун кыргызым.
Чаначка кымыз толтуруп.
Дөңгө чыгып олтуруп.
Нускалуу сонун кеп баштап.
Чалдарың сонун кыргызым.
Кеңешишип кемпирлер.
Кыз-келинин чогултуп.
Сайма оюм бир жазап.
Билгениң сонун кыргызым.
Кыяк-комуз ойношуп.
Көрүнүп бүткүл ааламга.
Укуругун сүйрөтүп.
Азоолорун үйрөтүп.


Садыр уулу Бакас (2004-ж.)

Баарысы тегиз шамдагай.
Түрдүү өнөр билишкен
Балдарың сонун кыргызым
Конок келсе үйүнө,
Көбүн, азын ылгабай
Коюн союп шаттанып
Марттыгың сонун кыргызым.
О, айланайын кыргызым,
Асмандап учкан жылдызым.
Көрүнүп бүткүл ааламга
Кыргыз мамлекет аталып
Дүнүйө жүзүн таң кылдык,
Кут болсун ушул атагың.
Көбүңөргө атамын
Карысам да моминтип
Кыргызымды ырдап жатамын.

Бул ыр Бакас байке 70 жаштан ашканда жазган көп ырларынын бирөө. Садыр атанын урпактары кимдер экени жөнүндө генеалогиялык таблицадан билсеңер болот, алардын ичинен Садыров Алпбек 1989-жылы политехникалык институттун энергетика (зарде) факультетин жакшы бүтүрүп, «Электр чордондору жана тармагы» кафедрасына лаборатория башчысы, мугалим болуп иштеп туруп Кыргызэнерго тармагына өтүп «Ысык-Көл-Тамга» (Кумтөргө), «Кемин-Нарын», «Алай-Айгүл-Таш» 220 кВ чыңалуудагы, 500 кВ «Ала-Бель-Семетей» (Таластагы) электр чубалгыларын курууда инженер-консультант, кийин көз карандысыз инженерлер тобунун директорунун орун басары болуп, дагы Баткенде «Айгүл-Самат» 110 кВ чубалгы курулушунда техникалык директору болуп иштеди, Нарында «Ак-Кыя» электр көмөк чордонунун экинчи кезегинин курулушун, Датка-Кемин чубалгысы менен чордондорунун курулушун көзөмөлдөп, азыр Улуттук электр тармагы акционерлик коомунун капиталдык курулуш башкармалыгын

жетектейт. Республиканы электрлешүүгө чоң салым кошуп атат десек болот. Алпбектин уулу Максат да ата жолун улантып КТУнун энергетика факультетин мыкты окуп, Томский политехникалык университетинин магистратурасын ийгиликтүү бүтүп келип, эмгек жолун баштады .

Бакас байкенин Бердибек, Жайлообек деген уулдары Кара-Кужурда фермерлер, Арстанбеги чоң атасынын жолуна түшүп мусулманчылыкта, молдо.



***Садыр уулу Бакастын балдары менен (2014ж.)***

Чыңгыштын экинчи уулу Максүттөн жана анын урпактаы көнүндө кеп кылсак, ал өз учурунда Садыр агасынан кийин болуш болуп, элге кайрымдуу болуптур, өз ыктыяры менен мөөнөтү бүтө электе эле Шамендин Надырбегине ишин өткөргөн дешет. Максүт адамгерчиликтүү, сөзгө чебер, элдик

киши болгон экен. Максүттүн Эркекан деген биринчи аялынан Султаналы, Касымбек, Анварбек деген балдары болот. Чыңгыш ажы, иниси Сапалдын ажысы кабыл болуп Мекеден келбей калганда, анын аялы Бопуйпаны Максүт уулуна алып берет, андан эркек балалуу болуп, атын Бактыгул деп коюшат, Сапалдан Бопуйна 1902 жылы Токомбай деген уул төрөгөн, ошентип Бактыгул менен Токомбай энелеш бир тууганлар болгон. Максүт менен Бопуйкан Токомбайды жакшы багып, эркелетип чоңойтуп, жакшы ат мингизип, жакшы кийинтип, ал зыңгырап жүрчү экен. Ал он үч жашка чыгып калганда эле Айганышты алып беришкен тура. Максүт 1930 жылы кулака тартылып, 1931жылы Фрунзенин түрмөсүндө, ал жердеги оор шарттан ооруп, кайтыш болот. Сөөгү Бишкектин Ала-Арча көрүстөнүнүн чыгыш жагына коюлган. Максүттүн балдары дагы кулактын тукумунун азабына жетимчиликтин оорчулугу кошулуп чоңоюшат. Ниязбек менен Бактыгулду Акбагыш агасы өзү менен Фрунзеге алып кетет. Бактыгул мугалимдер курсун окуп бүтүп, ал жерден чогуу окуган Бишкектен жогору жайгашкан Чоң-Таш айылынын тургуну Курманбектин кызы Асемге үйлөнөт. Ниязбек тентегирээк, маңкоорок бала экен, поездге жармашып кетип, дайынсыз жоголот. Султанаалыны атам Алсейит Нарынга көчүрүп келип Ата-Мекендик согуш жүрүп турган учурунда, өзүнүн үйүнө удаалаш 2 кичине комната тургузуп, Гүлсүн деген келинге үйлөндүрөт. Султанаалы 1944 жылы 24 февральда армияга чакырылып, согушка кетет. Акыркы каты Полевая почта 04080, башка кат жок, дайынсыз. Артынан тукум калган жок. Максүттүн дагы бир уулу Анварбек атадан жаш калып, энеси менен айылда турмуш сүрүп, окубай адисттик албай калат. Кийин Кочкордук балалуу келинге үйлөнүп, Кочкордо туруп калат, жол тейлөө ишканасында жумушчу болуп иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Өзү албеттүү, бойлуу, жоош, токтоо адам эле. Мен эсимде калганы атам: «Башка жерде, элде жүрбөй Нарынга же айылга көчүп кел, Адылдын же биздин эски там турат» деп урушат. Анварбек

байке ар бир жолу жок дебей, макул, жарым жылдан кийин, эмдиги жылы көчүп келейин деп унчукпай жылмайып коюп кутулат. Бир жолу макул көчүп келем десе, туугандар колхоздун грузовой машинесин алып атайын Кочкорго барышса болбой коет. Атам, сен калпычы болдуң деп тилдеп, ошондон кийин жайына коюп, тынчышат. Анварбек байкенин жалгыз уулу Байымбет жаш кайтыш болот, кызы Ишенгүл Бишкекте турат, бала-чакалуу.

Согуштан кийинки оор учурда Максүттүн уулу Бактыгул ата 1946-жылы бул жарык дүйнөдөн узап кеткенде, артында 5 эркек бала калат жана Асем апанын боюнда калган эң кичүүсү Нарынбек, алар Таджикстандан Нарынга көчүп келгенде төрөлөт. Ошол учурда Асем апа 32 жашта болгон. «Кудай пешенеге жазса, пенде качып кутула албайт» эмеспи, ошол күлгүндөй кезинен тартып белин бек бууп, алты эркек балдарын багып чоңойтту. Сыртта эрктүү, кайраттуу эр азаматтын, ичте мээримдүү, назик эненин ордун аркалап, ата ордуна ата, апа ордуна апа болуп балдарына татыктуу тарбия-таалимберди, бешөөнү жогорку окуу жайына окутту. Мээнети кайтып баары үй-бүлөөлү, бала-чакалуу, эл ишине жараган адамдар болушту. Бактыгул атанын Асем апанын туну Жумадил 1936-жылы Таджикстандын Жергетал айылында төрөлгөн. Атасы Бактыгул ал жерде мектептин директору, энеси Асем ошол мектепте мугалим болуп, алар жаш адис катары ал жактагы кыргыз туугандарыбыздын сабатын жоюп, агартуусун көтөрүүгө Кыргызстандан атайын жолдомо менен барышкан. Бактыгул кийин заврай ОНО, согуш жылдары райком болгон дешет. Энелеш бир тууганы Токомбай, мен жалгызмын десе, өзүн жана 4 баласын Сапалов деп жаздырган. Жумадил кийин Нарындан Чкалов атындагы мектепти медалң менен, Кыргыз Мамлекеттик университетинин (КМУ) тарых факультетин кызыл диплом менен 1962-жылы бүтүрүп, Жумакенин окууда жеткен ийгиликтери, илимге болгон кызыгуусу эске алынып, аспирантурага калтырылган. Ошол эле университеттин тарых факулнтетинде окутуучу, доцент болупжүрүп, 1975-жылы докторлук диссертациясын

жактайт, 1978-жылы профессорлук наам ыйгарылат. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтунда кафедра башчысы, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын борбордук комитетине караштуу Партия тарыхы институтунун директорунун орун басары, 1983-жылдан өмүрүнүн аягына дейрим (2000-ж.) КМУда «Кыргыз тарыхы» кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген, 450дөн ашык илимий эмгектин, анын ичинде 18 монография,50 китеп (авторлош), 10 окуу китебинин автору. Тарых илимдеринин кандидаттык диссертациясын жазууга 25 аспиранттарды жетектеп, жактаткан, докторлук дисстертациялардын консультанты болгон.



*Бактыгул уулу Жумадиль*

Анын илимий фундаменталдуу эмгектери көчмөн кыргыздарды отурукташтыруу проблемаларын, кыргыз элинин калыптанышына жана башкада изилдөөлөргө арналган. Кыргызстандын тарыхынын историяграфиясы чагылдырылган эки монографиясы, бул кыргыздар жана алардын тарыхы жөнүндө болгон баардык белгилүү булактар боюнча дээрлик негизги маалыматтар жыйынтыкталып кыскача берилген. Тарых бул кылымдар түпкүрүнөн бири-бирине уланып келаткан доорлордун үнү, изи, руханий байлыгы, муундан муунга мурасталуучу баа жеткис дөөлөтү эмеспи. Кыргыз тарыхын изилдөөчүлөргө бул историяграфия боюнча эмгектери өз актуалдуулугун жоготпойт, ага жаңы маалыматтар гана кошулуп тарых илимин жаңы баскычка көтөрүлүшүнүн фундаменти болот деп ойлойм. Бул агам жөнүндө жазып жатып, КМУнун тарых факультетинин доценти Галкина Нина Михайловнанын бир убакта айтканы эсиме түштү: «Жумадил Сапалович, это

же «ходячая энциклопедия». По любому вопросу истории к нему обратись, он или подскажет или направит. Знания у него глубокие и всесторонние, не чета некоторым нашим академикам и член-коррам» деген сөздөрү мени ичимен сыймыктандырган. Мүмкүн тарых илимине кошкон эмгеги тирүүсүндө академиялык чөйрөсүндө илимий политик кесиптештер арасында баасын албай калгандыр, бирок эл агартуу отличниги, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери деген наамдар, медалдар ал кишинин эмгегин баамдайт. Жумадилдин улуу уулу Бактыгулов Шерадил мамлекетти башкаруу боюнча көз карандысыз эксперт, политолог катары кеңири танымал, белгилүү адис, маалымат каражаттарына өлкөбүздө болуп жаткан кырдаалга, өз көз карашын, ойлорун билдирип турат, анын саясий абал боюнча берген баасына журналисттер көп кайрылат, TVдан да чыгып сүйлөп калат. Экинчи уулу Мирадил КГБ-МНБнын офицери, полковникке дейрим жетти.

Кызы Бактыгулова Канайым азыркы учурда Кытайда жана бир эле учурда Монголиядагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу элчиси болуп иштеп жатат. Ал 1973-жылы төрөлгөн, 1995-жылы кытайдагы Ляонин университетин артыкчылык менен бүтүп, ошол эле учурда 1996-жылы КМУну сырттан окуп бүтүргөн. 2003-жылы болсо КРдин Президентине караштуу Башкаруу академиясын аяктаган. Дипломатиялык кызмат жолун 1996-1997- жылдары КРдин Тышкы иштер министрлигинин (ТИМ) Азия, Африка жана Тынч океан өлкөлорү боюнча башкармалыгында стажөр, секретарң-референт, аташе болуп иштөө менен баштаган. 1998-2001 жылдарда КРдин Кытайдагы элчилигинде аташелик кызматты аткарган. 2001-2005ж. КРдин ТИМдин Чыгыш өлкөлөрү боюнча башкармалыгынын 3-секретарь, андан кийин 2-секретары болуп иштеп тажрыйба топтоп, такшала берген.2005-2007-жылдары ТИМде Азия бөлүмүн башкарган. 2007-2010-жылдарда КРдин Кытайдагы элчилигинде кеңешчи, Шанхай Кызматташтык Уюмунун секретариатында КРдин туруктуу өкүлү кызматын

аткарат. 2010-2012 жылдарда КРдин ТИМинин Эл аралык экономикалык кызматташуу боюнча депортаментинин директорунун орун басары, директору болуп такшалып, тапталып өйдөлөй берет. 2012-2013-жылдарда Тышкы иштер министринин кеңешчиси-министрдин секретариатынын жетекчиси. 2013ж. экинчи жарымынан бери Кытайдагы Кыргызстандын ыйгарымдуу элчиси. 1 Класстагы мамлекеттик кеңешчи деген дипломатиялык чинге ээ. Орус, кытай, англис тилдеринде ээн-эркин сүйлөйт. Теңир-Тоонун гүлкайырындай болгон бир кызы өлкөбүздүн өкүлү болуп Кытайда иштеп жатканы Теңир-Тоо эле эмес, жалпы кыргыз элинин сыймыгы, кубанычы эмеспи. Жумакенин кичүү балдары окушат, студенттер. Биринчи жубайы Гүкүн экономист, Союз учурунда Минфинде, банкта иштеди. Экинчиси Жамийля тарых илимдеринин кандидаты, доцент.

Бактыгул атанын экинчи-үчүнчү уулдары эгиз Асан, Үсөн 1938-жылы Таджикстанда төрөлүшкөн. Асан байке КГУнун экономика факультетин бүтүргөн. «Эмгекчил» жана «Ленин» колхоздорунда учурунда башкы экономист, комплекстүү бригаданын бригадири болуп эмгектенди, бирөөгө душмандыкты издебеген, бузуктугу жок, көп сүйлөбөгөн токтоо адам, жубайы Кымбат болуп уул-кыздарын бүт окутуп адис кылышты. Кымбат жеңе өмүр бою мектепте сабак берип, балдарды тарбиялады. Асакем өмүр бою эмгекте, ошондон мал-баш жагынан башка бир туугандарынан илгери. Малын Акылбек деген уулу Кара-Бүктөгү мал сарайды кармайт. Улуу уулу Азиз учурунда Бишкектин Октярь районунун акиминин орун басары болуп иштеди, азыр курулуш фирмада иштейт. Жайнагүл деген кызы Бишкекте мектептин директору. Калгандары да тың эмгекте. Үсөн аке дене тарбия институтун 1961-жылы бүтүрүп келип, Нарын шаарынын мектептеринде, кийин педучилищада сабак берип жүрдү, Нарын шаардык спорт комитетин да башкарды, өзү ачык-айрым, шарт жүргөн, массалык иш-чараларды уюштура, жетектей билген адис эле. Студент кезинде кыр-

гыздардан биринчи болуп Памир-Алай тоосундагы «Ленин» атындагы чокуга чыккан, альпинизм боюнча спорттун мастеринин кандидаты болгон. Өмүрү кыска экен,1986 жылы 50 жашында кайтыш болду, уул-кыздары бүт жогорку билим алышты. Уулу Жайнак Ошто, кийин Россияда эл аралык проект боюнча «Кредиттик союз» мекемелеринин түптөлүшү боюнча иштеп, өзү да Кредиттик мекемени жетектеди. Азыр НТС телекомпаниясынын директору. Кыздары Аида, Дария Кыргыз курулуш-транспорт университетинде мугалим болуп иштешти.Сапалова Дария тарых илимдеринин кандидаты. Жубайы Таранчиева Шакен кесиби боюнча мугалим болуп иштеп, Нарын шаарында көп жылдар мектептин директору, Нарын драма театрынын директору болуп жигердүү иштеди. «Эл агартуунун отличниги», ак эмгеги үчүн «Эмгек Кызыл Туу» ордени, медаль, грамоталар менен сыйланып, бүгүнкү күндөрдө персональный пенсия ыйгарылып эс алууда.

Төртүнчү уулу Кусеин өмүр бою «Эмгекчил» айылында электрик, жубайы Касира мугалим, мектепте завуч болуп эмгектенишип беш уул, бир кыз тарбиялашып, окутушуп адис кылып турмуш жолуна салышты. Азамат деген уулу энесинин жолун жолдоп мектепте сабак берип, завуч болуп иштеди.

Бешинчи уулу Элкин да Таджикстанда 1942-жылы төрөлгөн. Нарында Чкалов атындагы мектепти окуп бүтүрдү. Шыңга бойлуу Элкин Нарын обласынын тарыхында баскетбол боюнча жаштар курама командасынын негизги оюнчусу катары 1961-жылы республиканын чемпионатында экинчи орунду ээлегенге чоң салым салган, кийин студент болгондо да Кыргыз мамлекеттик университеттин баскетбол командасында ойноп жүрдү. Студент кезинде жакшы окуп, Карл Маркс атындагы стипендияны алып, экономфакты ийгиликтүү бүтүп, кийин Ленинградта аспирантурада окуп, илимий эмгегин жактап, КГУда (азыркы Ж. Баласагын Кыргыз мамлекеттик университетинде) өмүр бою доцент болуп иштейт. Нарын университети уюштурулганда бир учурда эле Бишкектен барып-келип 3

жыл иштеп, финансы-кредит кафедрасын уюштуруп, башчысы болуп, окуу методикалык ишин жолго салды. Азыр да КМУ менен катары Бишкектеги Москва башкаруу жана укук институтунун филиалынын профессору катарында дарс окуйт. Республикага жогорку билимдүү экономист, финансисттерди даярдоого 40 жылдан ашык өз салымын салып келүүдө. Жубайы Тамара адамкерчиликтүү, акылдуу аял эле, Совет доорунда башкы экономист, башкы бухгалтер болуп иштеп жүрүп, кийин ден-соолугунун начарлашына карабай жеке ишкерлик менен алектенди, 2012-жылы кайтыш болду. Кыздары, баласы жогорку билимдүү. Кызы Жыпара Улуттук Университетте сабак берет, Айсулуу кызы Таласта жеке ишкер.



*Солдон-оңго. Бактыгул уулу Элкин, Алсеит уулдары Абдыралы жана Абдылдабек.*

Бактыгул атанын курсакта калган кенжеси, Таджикстандан Нарынга келгенде 1946-жылы төрөлүп, атын Нарынбек коюшат. Нарынбек согуштан кийинки катаал жылдары чоңоюп, Нарындын ошол учурдагы ысык-суугуна бышып, ошол эле учурда беш улуу аганын көз алдында өсүшү, анын дүнүйөнү

кабылдоосуна, аң-сезими менен кулк-мүнөзүнүн чынчылдык, ишмердик, намыстуулук жүрөгүнө түнөктөгөн. Бишкектен 1966-жылы курулуш техникумун аяктап, Нарын газ участогуна началңник болуп, андан билимин жогорлотуп КМУнун экономика факулңтетин 1976-жылы бүтүрөт. Нарын облисполкомунда референт, андан областа курулуп аткан айыл-чарба чоң комплексинин курулушунун директору, андан кийин 2 жыл Нарын областык партиянын комитетинде инструктор, Ташкенттен коммунисттер партиясынын жогорку окуу жайын бүтүрүп, Ысык-Көл обкомунун инструктору, ОКСтун началңниги болуп иштеп,

эгемендик алганы Торугарт бажысында иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Жолдошу Сурма врач, медицинанынотличниги. Улуу уулу Чыңгыз медицина илимдеринин кандидаты, Бишкектеги №4 больницада бөлүмүн башкарды, келини ошол эле болңницанын врачы. Аскар деген уулу гиря көтөрүү боюнча Кыргыз республикасынын 4 жолку чемпиону, спорттун бул түрү боюнча Республикада биринчи мастери болду. Балдарынын баары жогорку билимдүү.

Чыңгыш ажынын үчүнчү уулу Акбагыш 1900 жылы төрөлгөн, 1921 жылы декабрь айында Алмата шаарындагы Казак агартуу институтуна окууга өткөн. Мен 1973 жылы аспирантурада окуп, Москвада колуктум менен квартирада турдук. Бишкектен телефон чалып, Крымга санаторияга бараткан белгилүү кыргыз эл жазуучусу, кыргыз адабиятынын негиздөөчүсүнүн бири Касымалы Баялиновду тосуп алып, Крымга поездге салып ийгиле деп суранышты, анткени кайнатам Ыдрыстын атасы Кадыралы менен Баялы бир туугандар болчу.Туугандары, жакындары бул кишини атынан айтпай Молдоке

деп айтышчу, тубаса интеллигент, сыпаа, токтоо, жибектей болгон адам эле, мага дагы бир таасир эткени бул феноминалдуу эске тутуусу.



*Бактыгулдун балдары*
*1катарда: Элкин, Жумадил, Нарынбек, Энеси Асем.*
*2катарда: Үсөн, Кусеин, Асан. 1956ж.*

Молдоке менен бир күнү Москваны кыдырып биздикине эки түнөп, бир далай аңгеме айтып берди эле. Ат-Башы, Кочкор райондорунда жыйырманчы жылдардын башында биринчи комсомол уюмдарын уюштурууга катышканын, 1925 жылы Республиканын комсомол уюмунун тапшырмасы менен Нарын, Ат-Башы аймагын кыдырып, сабат деңгели бийик беш баланы тандап, Алматыдагы (Джетисуу) казак-кыргыз агартуу инсти-

тутуна окууга жөнөшкөнүн, ал балдардын аты-жөнүн айтып, жолго ат минип чыгып, бул окууга жөнөгөн балдардын арасында аталарым Акбагыш, Алсейит бар болгонун.



Чынгыш уулу Акбагыш (1900-1934ж.ж.)

Акбагыш окуну мурда баштап каникулда экендигин, жолдо Көк-Торпок жайлоосунда алардын агасы Максүттүкүндө түнөшүп, конок болушканын, жол боюндагы жер-суунун аттарын, түнөгөн жерлерин айтып сүрөттөгөн, Алсейит атаң бир жыл окугандан кийин оорудум деп окууну таштап кетти, бирок менин оюмча эң негизги себеби жаш келинчегим менен кичинекей эркек балам бар, сагындым деп айтаар эле. Чынында эле менин улуу агам Абдрахман 1924 жылы төрөлгөн. Молдокенин чогуу окуган, жолуккан адамдардын, жер-суунун аты жөнүн элүү жылга жакын өтсө да эсинде экени мени таңгалдырткан. Кийин 1975 жылы атам Фрунзеге келип калып, сөздөн сөз чыгып, Касымалы аксакал спецболңницада дарыланып атат дегенин угуп, атам болуп учурашканы бардык. Экөөнү бири бирине тааныштырып, өткөн кеткендерди эстешти. Казпединститутунда мен билгенден Молдокеден тышкары алар менен чогуу болочоктогу эл акыны Кубанычбек Маликов окуганы, калгандары да кыргыз элинин агартуусунда ийгиликтүү эмгектенгенин айтып калчу. Атам Алсейиттин мен мектепте окуган кезде ал учурун кеп салганда, казактын билимдүү адамдары ошондо эле теңдикке, бо-


штондукка үгүт жүргүзүшчү, «Алаш» уюму бар экенин уккам, ошондогу ыр саптары деп айткандарынан менин эсимде калганы: «Казак кыргыз эл болгонбуз, көрүнгөнгө жем болгонбуз Ойгонуп артта калбай көзүңдү ач» деген. Чыңгыш уулу Акбагыш 1921ж. декабрда институтка кирип, 1927 жылы май айында айтылган институтту ийгиликтүү аяктайт, атайын алтын буусу менен шилеткен төш белги менен сыйланган, аны мен кичине бала кезимде кулундун терисинен мага жазаган «пилотканын» алдына тагып коюп, жоготуп алдык дешчү эле.

Акбагыш атага берилген күбөлүк сакталып калган экен. №2 Сүрөттөн көрсөңөр болот. Анда 24 сабакты окуп, угуп өткөнү жөнүндө кабарлайт, булардын ичинде коомтаануу, маданият тарыхы, педагогика, педология сабак берүү методикасы, Густун программасы менен таанышуу, өлкө таануу, география, Казах элинин тарыхы, минералогия, гигиена, ыр сабактарынан тышкары азыр дагы жалпы билим берүү катары өтүп жаткан: эне тил, орус тил, арифметика, алгебра, геометрия, физика, химия, ботаника, зоология, физкультура кирген. Чыңгыш Ажы эки уулун Алма-Атыга өзү каржылап жиберип, Акбагыш уулунун жакшы билим алганына ыраазы болуп сыймыктанчу дейт. Акбагыш ата аталган институтту аяктагандан кийин, республикабыздын «Эркин-Тоо», «Социалисттик чарба» газета-журналдарында иштеп, алгачкы карлыгач журналисттердин бири болгон. Нарында 1932 жылы «Социалисттик чарба» деп аталган, латын тамгасы менен чыккан алгачкы гезитке айтылуу, кийин эл акыны болгон Кубанычбек Маликов гезиттин жоопту секретары болгон экен, Чыңгышов Акбагыш газетанын редакторунун орун басары болгон, андан Фрунзеге чакырылып, түштүкө Наукатка кантком болуп жиберилет.

Акбагыш атанын латын тамгалары менен «Кеңеш кызматындагы кедей аял», «Менин балдарым аянтчада» аттуу аңгемелери 1929 жылы ар бири 2000 нуска менен өзүнчө 2 китеп болуп чыккан. Бул китептерде, дооруна жараша айыл кеңешине башчы кылып шайланган, жаш аялдын эмгегин, турмушун чагылдырган, жаңыдан уюшуп аткан бала бакчанын ишин көргөзө, бала


бакчага балдарды берип тарбиялоого үгүттөгөн. Бул аңгемелер кыргыз Совет адабиятындагы алгачкы чыгармаларга кирет десек тура болот, азыр мамлекеттик китепкананын архивдик фондусунда сакталып турат. Бакас байкем эстеп айтып калат, мен Молдокем болуп Фрунзеге келгенде Баялы Исакеевдер менен кошуна турчу, ага жардамчыбы же кол алдында иштеген болуш керек дейт, мен өмүр баянын тактай албадым, документтерин каргашалуу 1937-1938 жылдары, калганын 1946 жылы бүт бойдон үйдөгүлөр эмнегедир чочулап өрттөп жиберишиптир.

Акбагыш ата 1934 жылы Наукат канткомунун төрагасы болуп туруп, иштеп чапкылап жүрүп, басмачылык менен да күрөш жүргөн учурда өпкөсүнө суук тийгизип алып, ал туберкулезго айланып, катуу ооруп Нарынга келет. Улуттук адабияттын башатында көз жарган, жаңы үрөнү болуп өнүп жаткан, жаш канатын жаңыдан күүлөгөн, кыргыздын келечектүү уулдарынын бири Акбагыш оорудан көз жумган. Сөөгү Эмгекчилдеги Кыз-Мазардын оозунда кырка там жакка коюлган. Максүт атанын небереси, тарых илимдеринин доктору, профессор Бактыгулов Жумадил 1981-1983 жылдары Кыргызстан компартиясынын Борбордук комитетинин Партия тарыхы институтунун директорунун орунбасары болуп турганда мага айтканы эсимде: «Акбагыш атанын эрте өлгөнү деле жакшы болгон экен, болбосо баары бир эле НКВДнын тозогун көрүп, кыйноодон өтүп эл душманы болуп 37 же 38 жылдары атылып кетмек экен», бул сөздөрүнө караганда, ошол учурда колунда мүмкүнчүлүгү болгон, архивный документтерден көргөн билгени болуш керек, ачык айталган эмес.



СВИДЕТЕЛЬСТВО

Настоящее свидетельство выдано тов.

Чыңгыш уулу Акбагыштын күбөлүгү




Чыңгыш уулу Акбагыштын 1929 ж. чыккан китептери


БУЛАН УУЛУ ЧЫНГЫШ АЖЫНЫН УРПАКТАРЫ
5 Тынымсейит
6 Мортук
Токтогул
Акбагыш
9 Сырымбет
10 Төлөмүш
11 Кожомжар
12 Булан
13 1. Чыңгыш
13 2. Байтели
13 3. Шамен
13 4. Сапал
13 5. Байгазы
14
Садыр
Максут
Акбагыш
Алсейит
Үпөл
Кишмиш
Сукай
Курманжан
15 ӨМҮРАДЫЛ
САДЫБАКАС
15 СУЛТАНАЛЫ
БАКТЫГУЛ
НИЯЗБЕК
АНВАРБЕК
15 АБДЫРАХМАН
АБДЫРАЛЫ
ЖУМАБҮБҮ
АБДЫЛДАБЕК
ТУРСУНБЕК
САБИРА
ЫРЫС
ГУЛИПА
УУЛСУН
ЫРЫСКЕЛДИ
16 МИРА
РАЯ
АЛПБЕК
БЕРДИБЕК
ЖАЙЛООБЕК
ДҮЙШӨГҮЛ
АРСТАНБЕК
ГУЛИРА
БАКТЫГУЛ
ЖЫЛДЫЗ
17 МАКСАТ
НУРЗАТ
НУРДАН
БЕКЗАТ
17 ИСЛАМ
НАЗИК
АСЛАН
17 РАМАЗАН
17 ТАЛАНТ
17 АМАН
НУРЖАН
НУРДИН
АБДИНУР
БАЙЫМБЕТ
ИШЕНГҮЛ
16 ЖУМАДИЛ
АСАН
ҮСӨН
КУСЕИН
ЭЛКИН
НАРЫНБЕК
ЧЫНГЫЗ
ГУЛЖАН
АЛТЫНБЕК
АСКАР
ЖЫПАРА
АИСУЛУУ
НУРСУЛТАН
ГҮЛЬЗАТ
НУРДИН
АЗАМАТ
КАНАТ
МАРАТ
КАНЫБЕК
ДАРИЯ
ЖАЙНАК
АИДА
ЖАРКЫН
16 ШАРИПА
АДАМАЛЫ
УЛУКМАН
ЖҮРСҮНБЕК
АЗИМА
АБИЛЬБЕК
КЫЛЫМБЕК
17 НУРАИМ
ЭРКАИМ
СЕЗИМ
ТУНУК
17 АЙДИН
АЙЖАН
АЙДАР
17 ЖАРКЫНАЙ
НУРДИН
17 АТАЙ
17 БУЛАН
БЕГАИМ
АРСЛАН
18 Нурболот, Темирлан
АБАЙ
АДИЛЕТ
ДАНИЕЛЬ
СЫЙМЫК
ЭЛИМХАН, ДАВИД
ШЕРАДИЛ
КАНАЙЫМ
МЕДИЛ
МИРАДИЛ
МУРАДИЛ
17 АЛИШЕР, АЙКА
16 ДАНИЛЬБЕК
МЭЭРИМ
ЭДИЛЬБЕК
17 АКТАН
ЭЛЬДАН, ИНАЛ
АСИЯ
16 ГУЛЬЗИЯ
ЖАНАРА
БЕКСУЛТАН
НУРСУЛТАН
16 АДИЯ
ЗАКИЯ
УЛУКБЕК
НУРБЕК
САНЖАР, Дария
САРДАР, Рабия
АДЕЛЯ, НАИМА
АРСЕН, ДЕНИЗА
АЛИНА, КАМИЛА
АЛИЯ
ЖЕТИГЕН, ЗАЛКАР
АРДАК
АЛМАЗ
ЧЫНАРА
АЗИС
ДИНАРА
САЛТАНАТ
ЖАЙНАГҮЛ
АКЫЛБЕК
ДИЛЬБАРА
АЙНУРА


Акбагыш ата баласыз өттү. Жашы отуздан бир аз ашканда жесир калган, аялы Жаңыл апа Нарын типографиясында иштеп жүрүп пенсияга чыкты. Атам Алсеит, агам баласыз өтүп кетти, аты чыкпай калат деп, өзүнүн туң уулу, ал учурда жалгыз баласын Абдрахманды Акбагышев деп жаздырып койгон. Атам кийин деле, өмүр бою, байкебиз мен сиздин эле баласыңызмын деп калса, сен арбакты таарынтпа, сен Акбагыштын баласысың деп урушуп калчу.

Эмки сөз Чыңгыш ажынын кенжеси Алсейиттен жана анын балдары жөнүндө Ал 1901-жылы туулган, 4 уул бир кыздын атасы болгон. Алсейитта агаларындай сабаттуу болгон. Башында үйдө жеке окушуп, кийин Кырка тамдагы медреседе окуп, араб, латын, кириллица жазуусунда кат таанучу. 1925-1926 жылы бир жыл Казак агартуу институтунда окуп, оорудум деп таштап кеткен. 1929- 1931 жылдары атасы Чыңгыш менен бирге Орунпордо сүргүндө болгон, 1931 кайтып Нарынга Кырка тамга келген. Жан багыш парз эмеспи. Атам Алсейит үй-бүлөсүн алып Нарын шаарына кетет, бажасы Жунусбаев Шөртөнүн үйүнүн бир бөлмөсүнө баш калкалап. Жумушка кулак деп алышпайт, ошондо ит атар мергенчи алып келген иттин терисин ашатып бир-эки ай иштедим деп эскерип калчу. Андан жаңы ачылып жаткан басмакананын жумушчусу болуп кирген. Кулактын баласы үчүн ушул иш да жакшы өбөлгө эле. Басма машиналарын орнотушуп, адегенде газетаны басып чыгаруучу машинаны айландыруучу (ал кезде иш бүтүндөй кара күч менен болчу), анан арип терүүчү болуп иштей баштаган. Азыркыдай электр энергия жок. Ар бир сөздүн тамгасы кол менен терилет. Үлпүлдөгөн кара чырак, цехтин ичи түтүнгө толуп, кара майдын саңырсыган жыты башты кеңгиретип, ыш «тү» деген түкүрүк менен кошо кетет. Газета адегенде «Социалисттик чарба» деп аталып, латын тамгасы менен чыккан. Саны беш жүздүн, кийинчерээк миңдин айланасында газетанын жарыкка чыгышы күндүр-түндүр мээнет менен бүтүүчү. Адеп иштеген учурда кыргыздардан мен эле болчумун. Му-

рунтан басмада, газета иштерине катышкан бир да кыргыз адамы болбогондуктан, адис катары ичкериден келген орус жана татар агайиндер иштешти эле деп эскерчү. Керээли кечке тамга терип, ката оңдоп, бет-беттесем, кечкисин газета басчубуз. Матрицалары куюлуп, гранканы которуп коюп, кара боектуу валикти гранканын бетине ары-бери жүргүзүп, нымдуу кагазды анын бетине жаап, станокту шапа-шупа тейлеп, нымдуу ак кагазды кайра сыйрып алаар элек. Жумуштун ушундай оор экендиги аз келгенсип, тамак-аш да, кийим-кечек да тартыш. Ал жерде иштегенимди айылдыктардан жашырып, ата-энеме барып ачык учураша албай калгам. Аларга чай-чамек алып барып, акыбалын сураш үчүн бажам Шөртөнүн кара атына Абдырахман уулумду учкаштырып, ал 9 жашаар бала кези, түн киргенде айылдын батыш жагындагы ойдуң менен Кырка тамга жетпей, бирөө көрүп калбасын деп, өзүм барбай Абдырахман уулумдан чай-чаймекти көтөртүп ийген заман да болду дечүү. Ал эми атам Алсейит болсо, Тянь-Шань облустук басмакана уюшкандан тартып, ар кандай жооптуу орундарында иштеп, басмакананын директирине чейин көтөрүлгөн. Кочкор, Дөрбөлжүн, Казан-Куйганга 1939-1940жылдары басмакана ачууда, машиналарды орноштурууда жана жумушчуларды даярдоодо да чоң эмгек сиңирген. Анын ысымына берилген «Ударниктин карточкасы» грамоталары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, «Эмгектеги кужүрмөндүүлүгү үчүн» медалы, мына ушулар ал кишинин эпкиндүү эмгегин айгинелейт. Кара учук менен 1940 жылы ооруп калат.

1941-жылдын декабрында жогоркудай шартта иштөөгө болбостугунан башка кесипке которулат. Бирок анын аты Нарындагы биринчи полиграфист катары кала бермекчи.

Шаркыратма суусу Нарын суусуна кошулган жердин түштүк-батыш жээгине 1939-жылы биринчилерден болуп там салат. Ал үй жайгашкан көчө кийин «Жээк» көчөсү аталып, көчөнүн алгачкы тургуну жана Нарындын биринчи полиграфисти катары жогорку айтылган өзгөчө эмгектерин эскерип, аталган инсандын атын түбөлүккө калтыруу мак-




*Чыңгыш уулу Алсейит (1901-1978ж.ж.)*

сатында жергиликтүү кеңеш, акимчилик, кошуна-колоңдор колдоп «Жээк» көчөсүн Чыңгыш уулу Алсейит атына ыйгарган (21 февралң 1995-жылы №3 буйрук). 1943-жылы оорудан зайыбы Сия 38 жашында кайтыш болот. Экөө 23 жыл чогуу ысык-суукту чогуу бөлүшүп жашаган, уулу Абдырахман ошондо 19 жашта экен, өлүмгө айла жок, бой калышат. Атам 1944-жылы Сиякенин бир тууган сиңдиси Изатка үйлөнөт. Экөө тең араб, латын, кириллица тамгаларында жаза да, окуй да билишчү. Согуш жылдары спецбайланышта, анан ВОХР взводунун командири болуп, согуштан кийин 1960-жылы пенсияга чыкканча госбанк тармагында үзүрлүү иштеген. Ал мээнеткеч, чынчыл, дүнүйө кууган менен мансап кууган оорудан алыс, жөнөкөй, ак-ниет адам эле. «Ата-тегиңер жакшы болгон, аларга сөз тийбесин, ыймандуу болгула, калп айтпагыла, адамкерчилик касиетиңерди сактагыла» деп жүрүп жубайы Изат менен 4 уул, 1 кызга татыктуу тарбия беришти, аларды пенсионер болушса да, жогорку окуу жайларына окуутушту. Бул инсан жөнүндө кененирээк маалыматты төмөнкү макалалардан окуса болот:

«Нарын Правдасы» гезити 5 май 1971 ж. «Нарындык биринчи полиграфист».

«Бишкек шамы» гезити 11-13 ноябрң 1992 ж. «Кайран кишилер».

«Теңир-Тоо» гезити 12 август 1995 ж. «Урпактары унутушпайт эскерип».



*Агам Абдырахман, мен Абдыралы жана атам Алсейит. 1966ж.*

Улуу уулу **Акбагышев Абдырахман**, 1924-жылы Нарындын Кыз-мазар айылында төрөлгөн. Мурда белгилегендей, Алсейит атабыз, улуу агасы Акбагыш 1934-жылы баласыз кайтыш болгондуктан, аты өчпөсүн деп уулун Акбагышев деп каттаткан. Ошондон Абдрахман агабыз өмүрүнүн аягына (2005-жылга) дейрим, андан агамдын балдары да бүгүнкү күнгө дейрим Акбагыш атанын атын урматтоо, сыйлоо менен, ал кишинин рухуна таазим кылуу менен Акбагышевдар болуп жүрүшөт. Агам аталары менен чогуу Орунбоордо сүргүндүн оорчулугун бирге көрүп, 1932-жылы Нарынга көчүп келишип шаардагы орус мектебине (азыркы Чкалов атындагы) окууга кирет. Мектептен кийин, орус тилин жана грамматикасын жакшы өздөштүрө билген зээндүү жигит 1942-жылы Фрунзеден юридикалык мектепти бүтүрөт.

Эмгек жолун Нарын районунун сот аткаруучусу болуп баштап, нотариус, юрист-консулңтант, областык юстиция башкармалыгынын башчысынын орун басары кызматына чейин көтөрүлгөн. Төрт жылдан ашык аскердик милдет өтөп келет.

Андан кийин областтык аткаруу комитетинин төрагасынын жардамчысы, жооптуу катчысы болуп иштейт. Партиянын мүчөсү эмес, кулактын тукуму делип кызматтан чектетилген. 1953-1973-жылдары Нарын областтык, шаардык сода тармагында, Нарын универмагынын директору кызматында эмгектенген. Сабатын сырттан окуп көтөргөн. Төрт жыл Тянң-Шанң райондук пландоо комиссиясынын төрагасы, андан кийин Нарын атайлашкан ПМКсында инженер диспетчер болуп, 1982-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Ал «Эмгектеги күжүрмөндүгү үчүн», «Эмгектин ардагери», Улуу Ата-Мекендик согуштун жеңишинин 30, 40, 50 жылдыгы медалдары, «Согуштун ардагери» ардак белгиси менен сыйланган. Ал кайсы иш болбосун көзүн таба билген ишкер, мансаптууга жалпактабаган, жөнөкөй, чынчыл, ак-көңүл, туугандарына, жолдошторуна, таанышгандарына барктуу, нарктуу, боорукер адам болгон. Жылына 5-6 журналга, 2-3 гезитке жазылып, аларды окуп, илим менен техниканын көп тармактарынан, саясаттан кабардар болуп, интеллектулдык деңгээли жогору адам болгон. «Аганы көрүп ини өсөт» дегендей, агабыз журналдарды окуп бүтөрү менен инилерине тийчү. Табиятты артыкча сүйчү, бир аз шарты, убактысы болсо жоро-жолдошторун же бизди, балдарды уюштуруп кокту-колоң, карагай-чердүү жерлерге барып эс алганды, ууга чыкканды, тышка да саякатка барууну жакшы көрөр эле. Ата-Мекендин табиятына, жер-суусуна, элине сыймыктанган адам эле. Алган жары Орто-Саздык Атабектин Абдылдасынын кызы «Батыр эне» наамын алган Зина эже экөө элүү жыл бирге өмүр сүрүп, беш уул, эки кызды татыктуу тарбиялашты. Зина жеңебиздин энеси Шамендин кызы Алмакан бизге эже болгондуктан, кайни, кайынсиңдилерин «жеңе» дедиртпей «эже» дедиртип, кайнатасын «таяке» деп көндүргөн. Зина эжебиз кырк жылдан ашык соода тармагында, совет доорунда межрайбазада завсклад, завмаг болуп, баш оту менен кирип иштеп, ардактуу эс алууга чыкты. Сөздүн баа-баркын билген, жан дүйнөсү сезимтал адам бала-чакага баш болуп ата-аганын ордун

ээлеп турат. Абдрахман агамдын туң кызы Акбагышева Шарипа Бишкек Гуманитардык Университетинде немец филология кафедрасында көп жылдан бери ага окутуучу. Улуу уулу Акбагышев Адамалы Нарын ПЭСинде далай жыл башкы инженер болуп жүрүп, азыр Ат-Башы ГЭСинин директору. Ишканаларды ийгиликтүү жетектеп, модернизациялап, ГЭСтин кубаттуулугун көбөйттү. Ак эмгеги энергетика тармагына сингендиги үчүн Кыргыз республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланып, областтык, райондук кеңешке депутаттыгына шайланды. Нарын облусунун, шаарынын, Нарын районунун, Достук айылынын ардактуу атуулу, шериктеш мамлекеттердин (СНГ) «Эмгек сиңирген энергетиги», Кыргыз Республикасынын энергетикасынын отличниги деген наамдар ыйгарылды. «Атанын иши балдарга үлгү» дегендей Адамалынын уулу Булан да КГТУну ийгиликтүү бүтүп, ата жолун жолдоп, Бишкек ТЭЦинде инженер-электрик болуп иштеп жатат. Агамдын Абилбек деген уулу Электр станция акционердик коомунда жоопту кызматта, уулу Айдинди да энергетика тармагына инженерлике окутуп атат, агамдын дагы бир уулу Кылымбек Нарындагы подстанцияда (чоң көмөк чордондо) инженер-электрик адиси. Калган балдары да жогорку билим алып эмгектенүүдө. Алсеит атамдын экинчи уулу, мен Чыңгышев Абдыралы, 1944-жылы Нарында төрөлгөм. Өмүрдүн өрүн өрдөп жатып, артымды кылчая карап, аздыр-көптүр окуудагы, кесиптеги өрнөгүмө, басып өткөн жолума сереп салып, мен да сарэсеп берейин деп чечтим.

Нарын шаарындагы Чкалов атындагы мектептин 11-классын 1963-жылы бүтүрүп, аттестат менен бирге 2-разряддагы токарң жана 3-класстагы айдоочу-профессионал адистигин алдым. Ошол эле жылы Фрунзедеги политехникалык институттун (ФПИ) энергетика (зардечилик) факультетинин «Электр иштеткич жана өнөр жай орнотмолорун автоматташтыруу» адистигине студент болуп өтүп, ошол кездеги талап боюнча күндүзү «КИП» зоотунда «электр куроо» адистиги менен бир жылдан ашык иштеп, кечкисин окуп жүрдүм.


Институтту 1968-жылы бүтүрүп «инженер-электромеханик» квалификациясына ээ болдум да ФПИнин «Электр машинелери жана аппараттары» (ЭМА) кафедрасына ассистент болуп иштеп калдым. Москвадагы зардечилик институтунун (МЭИ) «Электр аппарат куруу» кафедрасына 1971-1974-жылдары Кыргызстандан барган биринчи аспирант болдум. Диссертацияны ийгиликтүү жактап, техника илимдеринин кандидаты деген илимий даражага 1976-жылы ээ болдум да кайрадан ФПИнин «ЭМА» кафедрасында (азыр «Электромеханика») 1975-1976-жылдары ага окутуучу,1979-1994-жылдары доцент, 1994-2004-жылдары профессор катары окуу-педагогикалык жана илимий иштерди жүргүздүм. Ошол эле мезгилде 1979-1984-жылдары ЭМА, 1994-1995-жылдары «Электромеханика» кафедрасын башкарып, илимий иштерин жетектедим.

1976-1979 жана 1991-1994-жылдары ФПИ (КТУ)нун профсоюз комитенинин бошотулган төрагасы болуп шайланып, «политехник» чоң жамаатынын ар кандай социалдык көйгөйлөрүн белсене чечип жүрдүм. Эмгегим бааланып, профсоюздун билим берүү, жогорку окуу жай тармагынын Республикалык комитеттеринин Президиумуна 3 жолу, тамак-аш өнөр-жай тармагына 3 жолу мүчө болуп шайландым.

Көп жылдары «Электромеханика» жана «Техникалык системдерди автоматташтырып башкаруу» адистиктериндеги студенттерге «Электр жана электрондук аппараттар», «Автоматчылыктын электромеханикалык түзүлмөлөрү», «Башкаруу электр аппараттары», «Электр машинелерин оңдоо жана иштетүү» салаалары боюнча дарс окудум, курстук, дипломдук долбоорлорду жетектедим. Ишканалар акционердик коом түрүндө уюштурула баштаган мезгилде (1995-ж.) «Электромеханика» адистигинин окуу мерчемине «Корпоративдик башкаруу жана каржылоо» деген атайын курс киргизип, дарс окудум. Мунун себеби, биринчиден, болочоктогу адистерге керектүүлүгү, экинчиден 1993-жылы «Ала-Тоо-инвест» аттуу инвестициялык фонд уюштуруп, азыркы мезгилге дейри фондду башкарган «Транзактор» фирмасынын негиздөөчүсү

жана директору катары эчен эл аралык семинарларга катышып, АКШнын Вашингтон Университетинде (Ванкувер шаары 1995-жыл), Нңю-Йорктун финансы институтунда (1996-жыл), Италиянын Турин шаарында (2004-ж.) атайын курстарды угуп, өзүм да окуп, фонду рыногунун катышуучусу катарында «профессионал» болдум. «Транзактор» инвестиция-консалтингдик, башкаруучу компаниясы инвестфондду башкаруудан тышкары, брокерлик жана дилердик лицензияларга ээ жана Кыргыз фондалык биржасынын мүчөсү. Азыр көп жылдан бери Кыргыз республикасынын инвестициялык институттарынын ассоциациясынын төрагасынын, өкмөт алдындагы «Баалуу кагаздар боюнча мамлекеттик комиссиянын» (Госфиннадзордун)эксперттик комиссиясынын мүчөлүк милдеттерин аткаруудамын. Фондулук рынок түзүлүшүнө кошкон салымым үчүн алардын ардак төш белгиси менен сыйландым.

Учурунда ири акционердик коомдордун (АК) «Ореми», «Эделнвейс», «Комвол-Соот» комбинат ишканаларынын директорлор кеңешинин мүчөлүгүнө, «Азаттык», НТЦ «Электротехника», «Каниет» АК директорлор кеңешинин төрагасы болуп шайланып, жогоруда айтылган курстун керектигине көзүм жетип, алган билимимди студенттерге жеткиргенге аракеттендим. Азыркы учурда «Арпа» АК директорлор кеңешинин төрагасы катары, пивзаводдун жабдууларын жаңыртуу ишинин жүрүштөрүнө көмөк көрсөтүүдөмүн. Германиялык атактуу Кронес фирмасы менен жана эл аралык КИКБ банкынын ишенимине жетип, кредит алып, кийинки 10 жылдын ичинде ушул ишкананын модернизация иштерине 10 миллионго жакын доллар сарпталды. Натыйжада «Арпа» пивосунун сапаты бир кыйла өстү. 60тан ашык илимий иштерин, «Магнитоуправляемые контакты в автоматике и связи», «Расчет магнитных усилителей» аттуу монографияларды, кыргыз тилинде «Трансформаторлор», Тынымсейит атанын урпактары , Тандалма анекдоттор жана уламыштар аттуу китептерди жана 8 окуу усулдарын жана окуу куралдарын басып чыгардым.




*Чыңгышев Абдыралы жазган жана жарык көргөн китептери*

Кыргыз республикасынын Инженердик академиясына 1998ж. мүчө-корреспондент, 2014ж. академик болуп шайландым жана «Билим берүүнүн отличниги», «Финансы рыногунун отличниги» деген наамдарга татыктуу болдум. СССРдин жогорку жана атайын орто билим берүү Министрлигинин, ЦК профсоюзунун, ВЦСПСтин, 2 жолу КЫРСОВПРОФтун, КПФнын, Кыргызстандын комсомолунун борбордук комитетинин жана тармактык РК профсоюздарынын, Улуттук баалуу кагаздар комиссиясынын,Бишкек шаарынын Мэриясынын, Ленин райадминстрациясынын ардак грамоталары менен сыйландым. Дагы эле кудай күч-кубат берсе коомдук иштен качпайм, жогоруда белгиленген иштерге кошумча көп жылдан бери Кыргызстан пиво чыгаруучулар ассоциациясына төрага, Бишкек шаарынын Ленин районунун администрациясынын коллегиясынын мүчөсүмүн. Ысык-суугумду тең бөлүшкөн, 1970-жылдан бери өмүр сүрүп, өмүрлүк жарым Ыдырыс кызы Раиса менен 2 уул, бир кызды тарбияладык. Чыңгышева Раиса Идрисовна М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин химия факультетин окуп бүтүп, адис катары Кыргыз республикасынын илимдер Академиясында, кийин Женпединститутта, ФПИде, Кыргыз малекеттик курулуш жана архитектура (КГУСТА) окуу жайларында химиядан сабак берип, окутуучу болуп иштеди, илимий иштерге катышты,12илимий эмгектин автору, 2 жаңы ойлоп табуунун соавтору, кийин КГУСТАда магистратура, аспирантура жана докторантура бөлүгүн башкарып туруп эс алууга чыкты. Улуу уулубуз Данилбек эки жогорку билими бар: инженер-механик (ФПИ), финансист (КМУ) деген, көп жыл «Нур» АКнын (мурдагы прибор ремонттоочу завод) башкармасынын төрагасы болду, азыр жеке ишкер. Кызым Мээрим Кыргызстандагы эл аралык Ага-Хан проектилеринин башкармалыгында бухгалтер. Кичи уулум Эдилбек Азия өнүктүрүү банкынын бир проектисинде финансы боюнча менеджер. Төрт неберем Актан, Элдан, Асия, Инал чоңоюп жатышат, өмүр берсе ата-бабаларынын атына жаман сөз тийгизбеген, элге кызмат өтөгөн адамдар болот деген үмүтүм жана тилегим бар.

Атамдын үчүнчү кыз баласы 1949-жылы жума күнү туулгандыктан атын Жумабүбү койгон. Жумаш Кыргыз мамлекеттик Университетинин тарых факультетин бүтүргөн. Нарын обком комсомолунда инструктор, бөлүм башчысы, кийин көп жылдары Нарын шаарындагы Чкалов атындагы мектепте мугалим болуп иштеди. Жолдошу Сооронбаев Абдыкерим, Нарын шаарынын ат уулу, тынымсейиттин дөрбөн уругунан, Нурлан, Искендер, Шерадил деген үч уулду болушту. Нурлан оорудан жаш кетти, артында «туяк» болуп Улан деген уулу калды. Искендери Америкалык Манас базасында менеджер болуп иштеген, казыр эл аралык Тынчтык корпусунда иштейт. Шерадил микрокредит уюмунда юрист болуп эмгектенүүдө. Экөөнүн Адилет,Нариман, Элеман, Баяман, Эламан деген уулдары чоңоюп жатат.

Эмки сөз Алсейит атанын төртүнчү баласы Абдылдабек жөнүндө. Ал 1952-жылы Нарында төрөлгөн. Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүрүп, инженер-курулушчу кесибине ээ болгон. Нарында курулушта мастерликтен баштап,прораб, башкы инженер болуп иштейт.Жумушка чыйралып бышкан, акыл-эси эрте жетилген, уюштургуч мээнеткечтигин областын жетекчилери байкап, 28 жашында областын капиталдык курулуш Башкармалыгынын началңнигине дайындалган. Ал кезек Совет доорундагы чоң чоң капиталдык курулуштар жүрүп турган учур. Облуста мектептер, больницалар, Нарын шаарында көп кабаттуу үйлөр, микрорайондор курулуп, аларды каржылоо, коммуникация менен проектилеринен чыккан маселелерин чечүү, курулушту материалдар менен жаңы мектеп, больницаларды жабдыгы менен камсыздоо, курулуштун туура, проектинин талабы менен курулушун контролдоо жана дагы көп көйгөйлөрүн чече иштеди.Кээде Нарындан Фрунзеге бир эле күндө келип, Госплан, Госснаб, проектечүү институттарындагы маселелерин чечип кайра чапкылап кетип жүрдү. Нарын облусундагы 1975-жылдан 1989-жылга чейинки курулган маанилүү обңектилер анын түздөн-түз активдүү катышуусу менен бүткөрүлгөн деп айтса болот. Кийин Ысык-Көл, Нарын облустары кошулганда, областык УКСка начальник болуп дайындалат.

Жаңы област борбору Балыкчы шаарында инженерлик инфраструктура обьектилеринин, котельнийлердин, жаңы кичи райондун, мектептердин, оорукана комплексинин курулушуна чоң салым салды. Ал кезекте талаптуу, элоозуна кирген Нарын областын жетектеген Матен Сыдыков, кийин Ысык-Көл областы менен Нарын областы кошулгандагы Жумгалбек Аманбаев, курулуш менен өнөр жайды тейлеген обкомдун катчысы Дастан Сарыгулов, облисполкомдун төрагасы, болочоктогу өлкө эгемендүүлүктү алгандагы премьер-министр Исанов менен иштешип, көп көрүнүктүү курулуш иштерин бүтүрүштү. Жашынан баштап көп жыл жетекчи болуп тажрыйба алды, сугарылды, иштерине тыкан, жоопкерчиликтүү, интеллектүү, алдыңкы курулуш технологияларын билген мыкты курулуш адиси болуп калды. Эгемендик алганы жеке ишкер болуп, «ЧААД» ЖАКка директор, Кыргыз темир жолунун башкы инженери, Бишкек шаарынын Мэриясынын Капиталдык курулуш башкармасынын началдниги болуп жоопкерчиликтүү жана ийгиликтүү иштеди. Ал Жал , Туңгуч кичи райондорунда бюджеттик чөйрөдө иштеген кызматчылар үчүн көп кабат үйлөрдү, №3 төрөт үйүнө кошумча имаратты, Революциянын күрөшчүлөрүнө жана Ала-Тоо аянтын реконструкциялоо иштерин жана башка көптөгөн социалдык- маданий обьектилерди бүткөргөн.



*Апам Изат менен*

Ошону менен бирге борбор шаарыбыздын ондон ашык көчөлөрүн реконструкциялап, асфальтаткан. Мисалга, атап айтканда Масалиев(Южный) магистраль көчөсүн, көпүрөсү менен. Бөкөнбаев, Правда, Баха жана башка көчөлөрдү. Азыр да Чүй облусунун капитадык курулуштар башкармалыгын жетектөөдө, чоң курулуштарды тейлөөдө. Кыязы иши жөнүндө эл да, коомчулук да жакшы билет. Курулушта жетишкен ийгиликтери, эмгектери бааланып мамлекеттик Ардак грамота менен сыйланды. Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген курулушчусу, Кыргыз республикасынын ардактуу куруучусу, Кыргыз республикасынын Архитекторлор союзунун ардактуу мүчөсү деген наамдар, Бишкек шаарына сиңирген эмгеги үчүн медаль, Нарын районунун Ардактуу атуулу наамы ыйгарылды. Кайсы гана жерде жетекчи болуп иштебеди «кокуй жеп кетти, ичип кетти» деген айыңдан алыс болду. Ушул эле учурда, 1993-жылы башынан жамандык өтүп, зайыбы врач Андабекова Гуля Сейитказы кызы оорудан кайтыш болду, мектеп жашындагы эки кыз, эки уул колунда калды, аларга ата да, эне да болду. Азыркы жолдошу тажрыйбалуу педагог, физик Абдылдаева Алиман менен балдарды чоңойтушту, жогорку окуу жайына окутуп, адис кылышты. Кыздарды турмушка узатты, уулдарды үйлөнттү. Улуу кызы Адия банкта иштейт, экинчиси Закия бухгалтер, убактылуу балдарын багууда, андан кийинки уулу Улукбек жеке ишкерчилик менен алек, Нурбек уулу инженер-электрик, Кырыгзстандын «Улуттук электр тармак» акционердик коомунда иштейт.

Атабыз 58 жашка, энебиз 49 жашка карагандагы көкүрөк күчүгү Турсунбек. Ал Нарындын Чкалов мектебинде окуп, бою 188 сантиметр болуп куркуюп, областык командада баскетбол ойноп чоңоюп, Политехника институтун бүтүрүп, этти өздөштүрүү технологиясы боюнча инженер адиси болот. Фрунзе эт комбинатынын колбаса цехинде мастерден баштап, ага мастер болгондо Союз кулап, эт комбинатынын иши токтоп калат. Ошондон тартып Турсунбек ар кандай тармакта

үзүрлүү иштеп келе жатат: Бишкек суюлтулган газ участогунун мастери, Бишкек газда счетчиктерди оңдоо участогунун начальниги, Бишкек шаардык мамлекеттик регистрде, жеке ишкерликте. Иним Турсунбек, элим, тууганым дегенде башын канжыгага байлоого даяр турган, дили таза, ыймандуу, пейли ак адам. Адам 50, 60 жашка чыкканда, адамдын өмүр баскычтарына баа берилет эмеспи. Турсунбек 50гө чыкканда ага төмөнкүдөй ыр саптар арналды эле.

Жагат элге ачык, элпек мүнөзүң
Жакшы адамсың, көп катары жүрөсүң
Курбу-курдаш, тууган-жолдош баарына
Колдон келген жардамыңды бересиң.
Ар бири үчүн бышып-күйөсүң
Боорукер сендей адам аз
Кокустан кароосуз күчүк жолукса,
Билебиз, ага да кейип кетесиң.

Бул анын кулк-мүнөзүнө берилген туура мүнөздөмө. Турсунбектин жубайы Чыңгышева Жамиля, кесиби врач, хирургия менен анестезиолог-реаниматор тармагы боюнча медицина илимдеринин кандидаты, Улуттук хирургия борборунун көрүнүктүү адиси, ооруларга керек болсо күндөп-түндөп чапкылайт, эмгекчил, чыдамкай, чечкиндүү да, сабырдуу да адам. Эки кыз, бир уулду тарбиялашты. Кыздары Гүлзия менен Жанара жогорку окуу жайын бүтүрүшүп иштеп жатышат, Жанара модельер-дизайнер катары өзүнүн саркечтеп тигилген кийимдери менен Москва, Берлин, Парижде өткөн көргөзмөлөргө катышты, бир нече жолу республикалык конкурстардан жеңүүчү болуп коомчулукка таанылып келе жатат, уулу Бексултан Кыргыз Мамлекеттик Техника Университетинде Электр станция адистигин окуп бүтүрүп, иштеп жатат.

Ушу менен Чыңгыш ажы урпактарынын таржымалын токтоттум, болочокто урпактарынын толкундары келип турар.

Чыңгыш ажы жөнүндөгү маалыматты дагы Тойчубек Айдаралиевдин авторлугунда «Тагай бийдин балдары» 2010-ж.


чыккан китебинен, «Карбос ата» деген бапынан алынган үзүндүлөрдү келтире кеткенди туура таптым. Автор 1960-жылы 87 жаштагы санжырачы Узакбай атадан өткөн ата-бабалардын таржымалын айттырып жазганы бар: «Тынымсеит атанын урпактары, Булан ажынын Чыңгыш ажы жана Сырымбет атанын Карбос деген балдарынын ошол учурдагы коомдогу орду, жүргүзүлгөн алгылыктуу иштери, душмандарга жазаган тайманбас эрдиги жөнүндө элдин эсине калгандарын биздин өтүнүчүбүз боюнча айтып берди.

Ал кезде Теңир-Тоо өрөөнү боюнча беш болуш болуп турган. «Бул болуштардын эң чоңу Нарын (Он-Арча) болушу болуп, аны Чыңгыш ажы башкарган. Чыңгыш ажынын кадыр-баркы өзүнүн эле элинин болуштугунда эмес, Сарыбагыш, Солто, Бугу урууларынын болуштарынын арасында да таасирдүү болуп, алар менен ар түрдүү алакаларды түзүп, жайыт жер талаш маселелерин, мал урдоо, эр өлтүрүү, кун төлө чатактарын калыстык менен жөнгө салып чечүүнүн устаты катары бааланган. Көлдүн белгилүү манабы Тилекмат акенинн уулу Чыныбай жети төөгө той жүктөтүп, тогуздалган малдын түрүнөн тандалгандарын айдатып, Чыңгыш ажынын кыздары Сукай менен Курманжанга сөйкө салып, кудалашып өзүнүн балдарына алып берген» дептир.

Ушул саптарды окуп алып, ошондо Сукай эжени эрге узатканда Айганыш жеңесинин (Токомбай Сапал уулунун жубайы) кошогу эске түштү, муну мага 70-жылдары Курманжан эже айтып берди эле.

Ай асмандын боорунда
Берекем Сукашым
Алтындан чачпак боорунда
Айтылуу атаң оордунда
Күн асмандын боорунда
Суйкайган Сукашым
Күмүштөн чачпак соорунда
Күйөрман ажым оордунда.


Сукай эженин күйөөсү кийин кулак болуп кесилип кетип кайтыш болот. Сукай эже Ракыя деген кызы менен Нарынга кайтып келип турмушка чыгат, Токтосун деген уулунун колунда болуп өмүрүнүн аягында көзү көрбөй жүрүп кайтыш болду. Нарын шаарынын Шаркыратманын боюнда коюлган. Курманжан эженин күйөөсү согушта кайтыш болуп, Эки-Нарында Желдеңбай Сопуга турмушка чыккан. «Ата-даңкы менен кыз өтөт, мата даңкы менен бөз өтөт» деген ушул да. Дагы бир ошол замандан мисал, Чыңгыш ата көлдүн дагы бир атактуу мыктысы Тоңду бийлеген Кайбылда ажынын 7-аялдан көргөн жалгыз кызы Ширинбүбүнү Максүт уулуна алып берет. Ширинбүбү, атасы ачкан медресени бүтүргөн жөнүндө күбөлүгү бар, сабаттуу, куурчактай болгон ак жумал татына кыз эле, себи 20 төөгө жүктөлүп келген деген сөз калган. Көрсө булар тектүү жерге кыз берип, кыз алыш өзүнчө сыймык турбайбы, экинчиден жакшыдан жакшы туулат деген түшүнүк болгон. «Тең теңи менен, тезек кабы менен» дегендей, кудаң алыс болсо, сыйлуу болот деп, алыс болсо дагы алар бири-бири менен жөргөмүштүн желесиндей чырмалышып дос-тамыр, куда болуп бийлигин жүргүзчү көрүнөт, азыр деле мындай көрүнүштөрдү байкаса болот. Ал эми атанын алдында бала ар дайым карыздар. Ата өрнөктүү жашап өтүп, эл оозунда эскерилип калса, балага сыймык. Андай адамга баласы гана эмес, эли-журту да ыраазы. Ушундай ыраазылыкка ээ болгон аталарыбызга таазим этебиз. Артыкча чоң атабыз Чыңгыш ажынын баскан жолу, жазаган иши, кадыр-баркы биз үчүн сыймык, «ата сыйлаган абийир табат» дейт эмеспи. Дегеле келечекте биз «Кадыр билбеген кемпайлар» деген атка конбойлу дейт элем.



*Солдон-оңго. Алсейиттин урпактары: Улукман, Абдылдабек, Абдыралы, Турсунбек, Адамалы, Шерадил, Данилбек.*




*Алсейиттин урпакарынын тобу 2014ж.*




ГЕНЕАЛОГИЯЛЫК ДАРАК (Чынгышев Абдыралыныкы)

*№2 Сүрөт*




№2 Сурот (уланды)



*Чыңгыш-ажынын неберелери Абдырахман, Бакас, Абдыралы, Абдылдабек уул-келиндери менен. Эмгекчил айылы. 2005ж.*




*Эмгекчил айылы 2002ж. 1-катар: Сейне-жеңе, Шаменов Асангазы менен Төрөгелди акелер. 2-катар: Абдылдабек, Абдыралы, Жумаш, Турсунбек, Базаркул.*




*Бактыгул уулу Асан-ажы жана Алсейит уулу Абдыралы (солдо)*



*Эмгекил -Кырка-Там журтунда, Чыңгыш- ажыны эскерүү. 2006ж.*



Чыңгыш уулу Алсейиттин урпактары. 2011ж.



Пекин ш. 2014ж. Жумадил кызы Канайым, Абдыралы, Абдылдабек, Турсунбек



*Солдон-оңго. Абдыралы Чыңгышев, Ташболот Тюлеев, Токторбай Бектурганов, Касымбек Тазабеков, Асанбек Асакеев, Мукамбай Жунушалиев.*



*Эмгекчилдик туугандар Чолпон-Ата шаарында, 2014ж.*

# МАЗМУНУ

Кириш сөз......................................................3
Чыңгыш ажынын теги........................................5
Чыңгыш ажы таржымалы..................................15
Чыңгыш ажынын урпакары..............................68

**ЧЫНГЫШЕВ АБДЫРАЛЫ**
**АЛСЕЙИТ УУЛУ**

**ЧЫҢГЫШ**
**АЖЫ**

*Компьютерде калыпка салган* Нурлан уулу Эрмек

Терүүгө 12.08.2016-ж. берилди.
Басууга 01.10.2016-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60х84 $^1/_{16}$. Көлөмү 7 б.т.
Нускасы 500 даана.

---

"Абыкеев А.Э." жеке менчик басмасы.
Бишкек шаары, Абдумомунов көч., 193



ЧЫНГЫШЕВ АБДЫРАЛЫ АЛСЕЙИТ УУЛУ

"Өз бабаларыбыздын атактуу экенин айтып кана койбой, мактануу да керек, Аларды сыйлабоо – уят келтирээрлик наадандык"

А.С.Пушкин